# *Дүйнөлүк экономикалык каатчылыктын Кыргызстандан Россияга эмгектик миграцияга тийгизген таасири*

**Сапаттык баяндама жана сандык изилдөө**

УДК 314
ББК 60.7
В 64

Бул басылманын материалдары маалыматтык максаттарда гана пайдаланылган. Бул басылманын материалдары маалыматтык максатта гана пайдаланылышы мүмкүн. ОБСЕнин расмий позициясын, ОБСЕге катышкан-өлкөлөрдүн, Европа комиссиясы тарабынан колдоого алынган АКТЕД жана Европа Комиссиясынын бул изилдөөнүн, ушул жерде баяндалган пикирлердин, маалыматтардын, авторлордун жана изилдөөчүлөрдүн интерпретациясынын жана тыянактарынын мазмунунун тактыгын жана толуктугун камсыз кылууга күч-аракетин жумшайт. ОБСЕ жана Европа комиссиясы тарабынан колдоого алынган АКТЕД бул басылмада камтылган маалыматтарга байланыштуу чыгымдар үчүн эч кандай жоопкерчилик тартпайт.

Бул изилдөө жана анын басылмалары Бишкектеги ОБСЕ Борборунун жана Европа Комиссиясынын финансылык колдоосу менен мүмкүн болду.

**В 64** **Дүйнөлүк экономикалык каатчылыктын Кыргызстандан Россияга эмгектик миграцияга тийгизген таасири: Сапаттык баяндама жана сандык изилдөө – Б.: 2009. – 118 с.**

**ISBN 978-9967-25-718-4**

Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча уюму (ОБСЕ) Бишкектеги Борбор;
www.osce.org/bishkek
Техникалык Кызматташтык жана Өнүктүрүү Агенттиги (АКТЕД)
Кыргызстандагы офиси; www.acted.org
Европа Комиссиясы; www.europa.eu

Бардык укуктар корголгон. Бул басылма же анын бир бөлүгү басып чыгаруучулардын алдын ала жазуу жүзүндөгү макулдугусуз электрондук, механикалык, фото көчүрүү, жазып алуу жана башкаларды кошуп алганда кайра чыгарылышы, маалыматтык-издөө системасына сакталышы же ар кандай формада же ар кандай каражаттар менен берилиши мүмкүн эмес. Бул басылмада колдонулган бардык фото сүрөттөр автордук укук менен корголгон жана ОБСЕ, АКТЕД жана Европа Комиссиясынын менчиги болуп саналат.

**Бишкектеги ОБСЕ Борбору**
Токтогул көчөсү,149
Бишкек, Кыргызстан
Тел. +996 312 66 50 15
E-mail: pm-kg@osce.org

**Кыргызстандагы АКТЕДдин офиси**
Курманжан Датка көчөсү,
74, Ош, Кыргызстан
Тел +996 3222 28 759
E-mail: osh@acted.org

**Европа Комиссиясы**
Rue de la Loi, 41
1040 Bruxelles Belgium
Tel. +32 2 296 58 02

В 1805060000-09
УДК 314
ББК 60.7

**ISBN 978-9967-25-718-4**

**© OSCE**
**© ACTED**
**© European Commission**

OSCE Centre in Bishkek

ACTED Agence d'Aide à la Coopération Technique Et au Développement

European Commission

**Которгон:** Досалиев Турсунияз Акматжанович

**Ирина Лукашова, Кыргызстанда социалдык-экономикалык изилдөөлөр боюнча Борбордун (CASE Kyrgyzstan) эксперти**

**Ирина Макенбаева, Кыргызстанда социалдык-экономикалык изилдөөлөр боюнча Борбордун (CASE Kyrgyzstan) эксперти**

**Төмөнкүлөрдүн катышуусу менен:**

**Романа Могилевского,** Кыргызстанда социалдык-экономикалык изилдөөлөр боюнча Борбордун (CASE Kyrgyzstan) директору

**Анаркүл Оморова,** Кыргызстанда социалдык-экономикалык изилдөөлөр боюнча Борбордун (CASE Kyrgyzstan) экономисти

**Мария Лукашова,** «M-Vector Research» компаниясынын социологу

**Кимберли Балкли,** Бишкектеги ОБСЕ Борборунун экономика жана курчап турган чөйрө боюнча улук кеңешчиси

**Жоомарт Ормонбеков,** Бишкектеги ОБСЕ Борборунун улук программалык ассистенти

**Болот Исаков,** Бишкектеги ОБСЕ Борборунун программалык координатору

**Гульдарика Токтомаматова,** Кыргызстандагы АКТЕДдин миграция боюнча программалык кызматкери

# СӨЗ БАШЫ

Соңку жылдары өлкөнүн сыртына эмгек миграциясы кеңири масштабга ээ болду жана Кыргызстанда жашоо-турмуштун көп тарабынан олуттуу таасир тийгизе баштады. 2003-2008-жылдардага өлкөдө үй чарбаларынын керектөөлөрүнүн өсүшү жана калктын кедейлигинин кыскарышы кыйла даражада Кыргызстандагы өз үй-бүлөлөрүнө эмгек мигранттарынын акча которууларынын аркасында болду.

Кыргызстандык мигранттар үчүн Россия Федерациясы негизги эмгек рыногу болуп калды, ал жерде кээ бир баа берүүлөр боюнча бардык мигранттардын 80%дан ашыгы иштеп жатат жана ал жактан чет өлкөдө иштеп жаткан кыргызстандыктардын бардык акча которууларынын болжол менен бештен төрт бөлүгү келет. Демек, Россиянын экономикасындагы кырдаал жана Россия Федерациясынын эмгек мигранттарына карата мамлекеттик саясаты ишке орношуу мүмкүнчүлүктөрүнө, кирешелердин деңгээлине, ал жерде иштеп жаткан Кыргызстандын жарандарынын социалдык абалына жана жыргалчылыгына олуттуу таасир тийгизди. Глобалдык экономикалык каатчылык Россияга катуу тийди, ал Кыргызстандан келген мигранттардын абалына таасир тийгизбей койгон жок. Россиянын экономикасындагы басаңдоо жумушчу орундардын кыскарышына алып келди. Ушундай шартта Россиянын Өкмөтү россиялык жарандыгы жок адамдар үчүн ишке орношуу мүмкүнчүлүгүн азайтууга багытталган (өзгөчө бейформал ишке орноштуруу) ички эмгек рыногун коргоо боюнча чараларды көрө баштарды. Россиядагы экономикалык төмөндөө жана жөнгө салуу чөйрөсүнүн өзгөрүшү Кыргызстандык жарандарга Россияда иштөө/иш ордун жана мурдагы айлык маянасын сактоо кыйынга туруп жатат, демек алардын үй-бүлөлөрүнө акча которушунун деңгээли да төмөндөйт. Мигранттардын бир бөлүгү үйүнө убактылуу же биротоло келүүгө чечим кылышат. Бирок каатчылыктын эмгек мигранттарына жана алардын үй-бүлөлөрүнө таасир тийгизишинин негизги багыты түшүнүктүү болгону менен көйгөйдүн масштабы жөнүндө маалымат, анын пайда болушунун конкреттүү формалары жана мигранттардын ар кандай топторуна каатчылыктын тийгизген таасири жөнүндө маалымат жетиштүү эмес. Бул каатчылыктын Кыргызстандагы социалдык-экономикалык кырдаал үчүн терс кесепеттерин кантип азайтуу жөнүндө чечим кабыл алууну жана каатчылыктын шартында бул мигранттарга жана алардын үй-бүлөлөрүнө кандай колдоо көрсөттү керектигин кыйындатат. Мындай маалымат эмгек мигранттарына карата узак мөөнөттүү мамлекеттик саясатты жана коомдук позицияны иштеп чыгуу үчүн зарыл.

Бул изилдөө Россияда иштеп жаткан мигранттар жана каатчылык учурунда алардын үй-бүлөлөрү эмне кылып жаткандыгы жөнүндө маалымат берүүгө чакырылган. 1-главада маалыматтарды чогултуунун жана талдоонун методологиясы түшүндүрүлөт. 2-главада мигранттар, алардын үй-бүлө мүчөлөрү, башка таламдаш жактар жана эки өлкөнүн эксперттери менен интервью өткөрүүнүн негизинде каатчылыктын миграция үчүн институттук чөйрөнү, мигранттардын, алардын үй-бүлөлөрүнүн жана алар жашаган коомчулуктун абалынын, ошондой эле Кыргызстандагы макроэкономикалык кырдаалдын өзгөрүшүнүн көз карашынан ар кандай залалдар кеңири талдоого алынган. 3-главада Кыргызстандын түштүк облустарында тандап жүргүзүлгөн изилдөөлөргө негизделген каатчылыктын мигранттардын социалдык-экономикалык абалына тийгизген таасири сандык жактан талдоого алуунун натыйжалары берилген. 4-главада изилдөөнүн негизги натыйжалары жалпыланган.

# ЫРААЗЫЧЫЛЫК

Авторлор маалымат бергендиги жана тажрыйбада жолуга турган көп суроолорго ачык жооп бергендиги үчүн Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясында болгон жолугушууларда миграциялык процесстер жагындагы бардык эксперттерге ыраазычылык билдирип кетет.

Кыргыз Республикасынын эмгек, ишке орноштуруу жана миграция боюнча **Министри Айгүл Маратбековна Рыскуловага** үзүлбөгүс колдоо жана кызыкчылык үчүн өзүнчө ыраазычылык билдиребиз.

Кыргыз Республикасынын миграция жана калкты ишке орноштуруу боюнча мамлекеттик комитетинин (азыр Кыргыз Республикасынын Эмгек, ишке орноштуруу жана миграция министрлиги) системасынын негизги адистерине, ошондой эле МИМКтун Россиядагы өкүлчүлүгүнүн кызматкерлерине жолугушуунун жүрүшүндө алынган жана ушул отчетту даярдоодо пайдаланылган маалыматтар үчүн өзүнчө ыраазычылык билдиребиз. Мазмундуу жолугушуулары үчүн МИМК системасынын төмөнкү кызматкерлерин белгилей кеткибиз келет:

Т.Ы. Сабыровду, Бишкек ш.; Ш. У. Асымбековду жана А. Ж. Асанбаевди, Москва ш; Н. К. Жолдошевди, Ош ш.; Г. Асимжанованы жана Е.В. Румянцеваны, Бишкек; Ж. Раимбердиеваны, Ош облусунун Өзгөн ш.; А. Раимбекованыу, Жалал-Абад ш.; Т. Мырзабековду, Жалал-Абад облусунун Таш-Көмүр ш.; Г.Рыскулованы, Баткен облусунун Хайдаркан ш., К. Кошоевди, Чүй облусунун Панфилов району.

Авторлор Кыргыз Республикасынын төмөнкү эксперттерине маалыматтык салым кошкондугу үчүн жекече ыраазычылык билдирет:

В.Кучеренкого (ЦеОНИС Токмок ш.); П. Столяренкого (ЦеОНИС Ош ш.); В.Бобровага («First class» жеке ишке орноштуруу агенттик, Бишкек ш.); Б. Турсунбаевага (“Ишке орноштуруу” коомдук бирикмеси, Нарын ш.); Ш. Тургумбаевага (Ысык-Ата районундагы Ысык_Ата айылдык округу), С. Кожоевага, М. Суюновага, З.Токторовага (“Эмгек миграциясына көмөк көрсөтүү тармагы” КФ, Ош ш.), М.Пратовага (Ош облустук ИИБдин паспорт-визалык контроль бөлүмү, Ош ш.); А.Карабаевага (Жалал-Абад облустук ИИБдин паспорт-визалык контроль бөлүмү, Сузак ш.).

**Россия Федерациясында**

Р.Аттакуровго (Кыргыз Республикасынын Россия Федерациясындагы Кыргыз Республикасынын Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчиси, Москва ш.); А.Бурановго ( КРнын РФдагы Консулдугу, Москва ш.); Н.Власовага (“21-кылым” коомдук фонду, Москва ш.); В. Вашенцевге («Трудовая миграция» Эл аралык Ассоциациясы, Москва ш.); Б.Сашенкого Б. (Куруучулар кесиптик бирлигинин Федерациясы, Москва ш.); Г. Джураевага («Миграция и Закон» маалыматтык-укуктук борбору, Москва ш.); Т.Орозбаевге ( КР Башкы консулдугу, Екатеринбург ш.); А.Борноволоковага («Мигратика» ЧИ, Екатеринбург ш.). Л, Гришинге («Уральский Дом» коомдук уюму, Свердлов облусунуну Заречный ш.).

Авторлор SPSS форматында маалыматтар базасын эң жакшы сапатты бергендиги үчүн Гульдарика Токтомаматовага (АКТЕД), Кыргызстандын түштүк регионундагы АКТЕДдин бардык мобилизаторлоруна жер-жерлерде сурамжылоо жүргүзгөндүгү үчүн жана Лариса Тарасовага отчетту редакцялангандыгы үчүныраазычылык билдирет.

Изилдөөнү даярдоо үчүн УСКнын, ЖМКнын расмий материалдары жана маалыматтары, анын ичинде Россиянын ФМКСнын жана КР МИМКтын сайттары, ошондой эле АӨБнын, Дүйнөлүк банктын, ПРООНдун жана башка эл аралык уюмдардын изилденген тема менен байланышкан отчеттору пайдаланылды.

**Ирина Лукашова**

**Ирина Макенбаева**

# МАЗМУНУ

**Киришүү** .......... 7
**1. Изилдөөнүн методологиясы** .......... 8
1.1. Максаттар жана милдеттер .......... 8
1.2. Долбоордун куралдары .......... 9

**2. Миграциялык процесстердин өзгөрүшүнүн баяндамасы** .......... 12
2.1. Эмгектик миграция үчүн институттук чөйрө .......... 12
2.1.1. Кыргыз Республикасында миграциялык процесстерди жөнгө салган мыйзам .......... 12
Кыргыз Республикасы .......... 12
Россия Федерациясы .......... 13
2.1.2. Эмгектик миграция жагында иш жүргүзгөн мамлекеттик органдар .......... 19
Кыргыз Республикасы .......... 19
Россия Федерациясы .......... 21
2.1.3. Миграциялык процесстердин мамлекеттик эмес катышуучулары .......... 24

2.2. Кыргызстандан эмгектик миграциянын мүнөздөмөсү .......... 26
2.2.1. Миграциянын масштабы .......... 26
2.2.2. Мигранттарды эсепке алуу .......... 30
2.2.3. Миграциянын себептери .......... 34
2.2.4. Мигранттардын маалымдар болушу .......... 38
2.2.5. Ишке орношуу .......... 40

2.3. Миграция пайда кылган көйгөйлөр .......... 44
2.3.1. Көйгөйлөр жана мигранттардын стратегиясы .......... 44
2.3.2. Иш берүүчүлөрдүн маселелери .......... 53
2.3.3. Мигранттарга кызмат көрсөтүп жаткан кызматтардын көйгөйлөрү .......... 55

2.4. Миграциянын таасиринин кээ бир аспекттери .......... 56
2.4.1. Миграциянын калктуу конуштардын абалына тийгизген таасири .......... 56
2.4.2. Миграциянын бизнеске тийгизген таасири .......... 58
2.4.3. Миграциянын Кыргыз Республикасынын макроэкономикалык
кырдаалына тийгизген таасири .......... 62

**3. Каатчылыктын таасир тийгизиши менен шартталган**
**миграциялык процесстердеги өзгөрүүлөргө сандык талдоо** .......... 65
3.1. Тандоонун жалпы параметрлери .......... 65
3.1.1. Үй чарбаларынын мүнөздөмөсү .......... 65
3.1.2. Мигранттардын социалдык-экономикалык портрети .......... 73

3.2. Экономикалык каатчылыктын таасири .......... 80
3.2.1. Мигранттардын эмгек акысы .......... 80
3.2.2. Акча которуулар .......... 83
3.2.3. Жүрүш-туруш стратегиясы .......... 94
3.2.4. Экономикалык каатчылыктын бөлүштүрүүчү натыйжасы .......... 99
Изилдөөнүн негизги натыйжалары .......... 105
**ТИРКЕМЕЛЕР** .......... 108
**Кыскартуулардын тизмеси** .......... 118

# КИРИШҮҮ

Соңку он жылдын ичинде постсоветтик мейкиндикте тышкы эмгек миграция социалдык-экономикалык көрүнүш катары пайда болду жана орночок алды. Дүйнөлүк тажрыйба далилдеп тургандай, миграция кабыл алуучу өлкөлөрдүн, ошондой эле жөнөтүүчү өлкөлөрдүн өнүгүшүнө өбөлгө болот. Кабыл алуучу өлкө катары Россия, жана жөнөтүүчү өлкө катары Кыргызстан бул процесстен сыртта калган жок. Миграция кыргыз мигранттарынын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн жашоо-турмушунун сапатын жакшыртууга мүмкүнчүлүк берет, ал эми мигранттардын өздөрү Россиянын эмгек рыногунда жергиликтүү калк тарабынан талап кылынбаган же кадрлар өтө тартыш болгон жерди ээлешет.

# 1. Изилдөөнүн методологиясы

## 1. Изилдөөнүн методологиясы

### *1.1. Максаттар жана милдеттер*

Соңку 10 жылдын ичинде Кыргыз Республикасында эмгектик миграция боюнча бир катар изилдөөлөр жүргүзүлгөн жана тийиштүү отчёттор даярдалган. Жакынкы мезгилге чейин тышкы миграциянын кесепеттерин талдоо төмөнкүдөй төрт негизги аспектти айкын кылды:

- акча которуунун эсебинен кедейликти кыскартуу жана мигранттардын үй-бүлөлөрүнүн жашоо-турмушунун кыйла жогорку сапатын камсыз кылуу;
- кабыл алуучу өлкөлөрдө мигранттардын укуксуздугу;
- эмгектик миграциянын социалдык терс таасирлери: үй-бүлөнүн ажырашуусу, де-факто толук эмес үй-бүлөлөрдүн калыптанышы, миграцияда жүргөн тирүү ата-энелери бар туруп балдарды туугандары тарбиялашы, Россияда калган аялдар менен балдарда эмгектин мүнөздүү болбогон түрүнүн пайда болушу;
- өлкөдөн күч-кубаттуу жана билимдүү кадрлардын кетип жатышы.

Өзгөргөн экономикалык кырдаалда дүйнөлүк экономикалык каатчылыктын фонунда төмөнкүдөй башкача түрдөгү көйгөйлөр алдыңкы планга чыгат:

- реципиент-өлкөлөрдө кирешенин төмөндөшү, жумушчу орундардын кыскарышы, мыйзамдардын катуулашы, анын кесепети катары, мигранттардын абалынын начарлашы;
- мигранттардын кайтып келиши, мигранттардын материалдык абалынын жана үй-бүлөлөрүнүн жашоо-турмушунун сапатынын начарлашы;
- Кыргызстанда жумушсуздуктун өсүшү;
- социалдык жактан коргоо системасына кысымдын күчөшү, коомдун криминалдашуусу ж.б..

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү мигранттардын кайтып келишине, зарыл болгон учурда, өз ара байланыштуу бир катар маселелерди кечиктирбестен чечүүгө даяр болууга тийиш.

**Бул долбоордун негизги максаты экономикалык каатчылыктын тышкы эмгек мигранттарына тийгизген таасирин жана ага байланышкан социалдык-экономикалык залалдарды талдоо болуп саналат.**

Максатка жетишүү жана ушул отчётту дая

- РФ жана КРнын мыйзамдары жана тышкы эмгектик миграцияга тиешелүү башка ченемдик-укуктук актылар;
- Эксперт катары чыккан РФ жана КРнын мамлекеттик кызматчылары, жеке сектордун жана коомдук мамлекеттик эмес уюмдардын өкүлдөрү, ошондой эле изилденип жаткан темага тартылган таламдаш адамдар ме-

нен жолугушуулардын жана интервьюнун жыйынтыгы.
- Мигранттар жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү менен кеңири интервьюлардын натыйжасында чогултулган маалыматтар.
- Тышкы эмгектик мигранттарды негизги берүүчүлөр болуп саналган Кыргыз Республикасынын түштүк регионундагы үч облуста 1200 түтүндү изилдөөнүн натыйжасы.

Долбоорду аткаруунун жана ушул отчётту даярдоонун жүрүшүндө глобалдык экономикалык каатчылыктын төмөнкүлөргө тийгизген таасирине баа берүү **милдетин** чечүүгө аракеттер жасалды:

1) миграциянын масштабынын өзгөрүшүнө;

2) азыркы учурда Россия Федерациясында жүргөн эмгек мигранттарынын кирешелеринин өзгөрүшүнө;

3) акча которуулардын өлчөмүнүн өзгөрүшүнө;

4) Россия Федерациясында иштеп жаткан мигранттардын экономикалык жүрүш-турушунун стратегиясына;

5) эмгек мигранттарынын үй-бүлөлөрүнүн абалынын социалдык-экономикалык таасирине.

Андан тышкары, аткарылган талдоонун жыйынтыгы боюнча, ошондой эле башка маалымат булактардын негизинде глобалдык экономикалык каатчылыктын Кыргыз Республикасынын айрым макроэкономикалык көрсөткүчтөрүнө тийгизген таасирине "учкай" сандык баа берүүгө аракеттер жасалды.

### *1.2. Долбоордун куралдары*

Долбоорду аткаруунун жана ушул отчётту даярдоонун жүрүшүндө төмөнкүдөй куралдар пайдаланылды:
- кабинеттик изилдөө;
- эксперттик интервью;
- тышкы эмгек мигранттары жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү менен кеңири интервью;
- курамында тышкы эмгек мигранттары бар түштүк регионунун үй чарбаларын изилдөө.

Долбоордогу иш миграциялык процесстерди жөнгө салган КР менен РФнын мыйзамдарын, ошондой эле бул темага байланыштуу башка материалдарды изилдөөдөн башталды.

Изилдөөнүн негизги милдети 80ден ашык адистер менен 49 жолку жолугушуунун чегинде эксперттик интервью өткөрүү болгон. Эмгектик мигранттар маселеси жагында түздөн-түз иш жүргүзгөн Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматчыларынын көмөк көрсөтүүсү долбоорду ийгиликтүү аткаруунун маанилүү фактору болуп калды. Эксперттердин ролунда чыккан мамлекеттик кызматчылар төмөнкүдөй ведомстволордон өкүл болушту:

- Кыргыз Республикасынын Миграция жана калкты ишке орноштуруу боюнча мамлекеттик комитети, ошондой эле облустук, шаардык жана райондук МКИБ;
- Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин паспорт-визалык контроль бөлүмү;
- Кыргыз Республикасынын изилденип жаткан калктуу конуштарынын мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү;
- Кыргыз Республикасынын Россия Федерациясындагы Элчилиги;
- Кыргыз Республикасынын Свердлов облусундагы Консулдугу.

Эксперттер менен жолугушуулар Бишкек, Токмок шаарларында, Ысык-Ата райондук борбору Кант шаарчасында, ошондой эле Чүй облусунун Ысык-Ата, Аламүдүн, Жайыл жана Панфилов райондорундагы бир катар айылдык округдарда өткөрүлдү. Өлкөнүн түндүгүндөгү алыскы регион катары Нарын облусунун Кочкор жана Нарын райондору, райондук жана облустук баш ийүүдөгү Кочкор

жана Нарын шаарлары тандалып алынган. Өлкөнүн түштүгүндө облустук маанидеги Ош жана Жалал-Абад шаарларында, райондук борборлор менен шаарларда жана шаарчаларда: Ноокат, Кызыл-Кыя, Кадам-Жай, Хайдаркан, Кара-Суу, Өзгөн, Сузак, Шамалды-Сай, Таш-Көмүр жана көп сандаган тийиштүү райондордун айылдык округдарында эксперттик интервьюнун учурунда маанилүү маалыматтар алынды. Аталган калктуу конуштарда кайтып келген мигранттар жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнөн кеңири интервью алынды.

РФнын аймагында изилдөө үчүн кыргызстандык эмгек мигранттары үчүн кыйла ылайык болгон Москва жана Екатеринбург шаарлары тандалып алынды.

Абалдын толук сүрөттөлүшүн алуу үчүн бизнес-структуралардын өкүлдөрү, анын ичинде Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жеке ишке орноштуруу агенттиктеринин жетекчилери менен жолугушуулар өткөрүлүп, россиялык иш берүүчүлөр менен келишим боюнча Россия Федерациясында иштеп жаткан мигранттар, эл аралык акча которуу операцияларын (ЭАП) тейлеген коммерциялык банктардын адистери, юридикалык компаниялардын жана авиа жана темир жол билеттерин саткан агенттиктердин өкүлдөрү, ошондой эле Россия Федерациясына жүргүнчүлөрдү туруктуу ташып турган айдоочулар менен жолугушуулар өткөрүлдү.

Ар кандай миграция аспекттери менен иш жүргүзгөн коммерциялык эмес коомдук уюмдардын эксперттеринен да кошумча маалымат алынды. Алар Россия Федерациясындагы кыргыздар диаспорасынын активисттери, ар кандай Фонддордун адистери, Россия Федерациясынын аймагындагы Кыргыз Республикасынын мусулмандар конфессиясынын кызматкерлери, кесиптик бирликтердин өкүлдөрү.

- миграциядан кайтып келгендер;
- кризистин учурунда Россия Федерациясынын Москва жана Екатеринбург шаарларында иштеп жаткан мигранттар;
- трансферттерди алган мигранттардын үй-бүлө мүчөлөрү менен жүргүзүлгөн **кеңири интервьюнун** натыйжасында чогултулган маалымат мигранттардын жүрүш-турушунун себептерин, ошондой эле мигранттар жана алардын үй-бүлөлөрү үчүн каатчылыктын залалдарын түшүндүргөн кыйла баалуу маалымат болуп саналат.

Бардыгы болуп 70 кеңири интервью алынды, анын респонденттери өлкөнүн жогоруда аталган шаарлары менен райондук борборлорунда жана айылдык округдардын адистеринин жана айыл жериндеги айыл аксакалдарынын көмөк көрсөтүүсү менен “кар тогологу”[1] ыкмасы менен тандалып алынды. Россияда мигранттарды сурамжылоо иш берүүчүлөрдүн уруксаты менен жумуш орундарында (курулушта, коомдук тамактануу обьекттеринде, базарларда ж.б.), ошондой эле мигранттар жыйнактуу жашаган жана эс алган жерлерде жүргүзүлдү.[2]

Мигранттар жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү менен интервьюлардын жалпы саны төмөнкүдөй бөлүштүрүлдү: Кыргыз Республикасынын түштүгүндө жана түндүгүндө - 27ден, Россия Федерациясынын аймагында – 16дан. Калктуу конуштарды көрсөтүү менен сапаттуу сурамжылоону уюштуруунун географиясы боюнча толук маалымат 1-тиркемеде көрсөтүлгөн.

Куралдарды Бишкек шаарында тестирлөөдөн кийин авторлор мигранттар менен фокус-топтордон баш тартууну чечишти. Проблеманы изилдөөнүн куралы катары фокус-топтордон баш тартууга

[1]Детерминирленген тандоо ыкмасы, ага ылайык респонденттердин баштапкы тобу капилеттен тандалат. Андан аркы тандоо баштапкы респонденттер көрсөткөн талапкерлердин ичинен жана алар берген маалыматтардын негизинде жүргүзүлөт. Бул ыкманын негизги артыкчылыгы изилденип жаткан мүнөздөмөлөрү бар обьекттердин негизги жыйындысын табуу ыктымалдыгын олуттуу көбөйтөт. Андан тышкары негизги жыйынды үчүн негиз түзүү кыйын болгон учурда колдонулат.

[2]Мисалы, Москва зоопаркы – Кыргыз Республикасынан келген мигранттар жакшы эс алуучу жер.

эмгек акынын өлчөмү жана которуулардын суммасы жөнүндө тааныштары жана коңшуларынын көзүнчө берген жооптор өтө күлкүлүү болгондугу, ошондой эле мигранттардын билим деңгээли жана башка мүнөздөмөлөрү боюнча бир тектүү болбогондугу негизги себеп болду, бул талкууну өнүктүрүүгө жана толук жооп алууга тоскоолдук кылды. Бирок Ош облусунун Ноокат районунун айыл жеринде жана Жалал-Абад облусунун Өзгөн шаарында жүргүзүлгөн интервьюлар акырындык менен жалпы талкууга айланып кетти, мында бир мигрантты сурамжылоо процессине жакында эле кайтып келген башка мигранттар кошулуп, бардыгы өз ойлорун айтууну каалашты.

Капилет жыйналган чогулуш долбоордун аткаруучуларынын модераторлугу менен фокус-топтор форматына өтүп кетти.

Кайтып келген мигранттардан жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнөн алынган кеңири интервью өлкөнүн түштүк регионундагы үч облуста 1200 респондентти **изилдөө** жүргүзүү жана сандык баа берүү үчүн негизги анкета болуп калды.

Биринчиден, сурамжылоо учурунда үй чарбаларынын курамында жок эле дегенде бир тышкы эмгек мигранты болгондугунун, экинчиден 2008-2009-жылдардын ичинде мигранттардан акча которуулардын жүргүзүлүшүнүн фактысы респонденттердин катарына кошуунун критерийи болуп калды. Респонденттерди андан ары тандоо "кар томологу" ыкмасы боюнча жүргүзүлдү. Облустук өңүттөн алганда тандап алуунун мүнөздөмөсү таблицада көрсөтүлгөн.

## *1-таблица. Изилдөө жүргүзүүнү тандоонун мүнөздөмөсү*

| Облус | Райондордун саны | Шаарлардын саны | Айылдардын саны | Респонденттердин саны |
|---|---|---|---|---|
| Ош | 5 | 2 | 28 | 300 |
| Жалал-Абад | 3 | 2 | 43 | 450 |
| Баткен | 3 | 2 | 43 | 450 |
| **Жыйынтыгы** | **11** | **6** | **116** | **1200** |

Үч облустун райондору, шаарлары жана айылдары боюнча респонденттерди бөлүштүрүү жөнүндө кыйла кеңири маалыматтар 4-главада жана ушул отчеттун 2-тиркемесинде көрсөтүлгөн.

Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжасы миграциялык процесстин жалпы тенденциясын, кризис учурунда алардын өзгөрүшүн, мигранттардын үй чарбаларынын чыгымдарындагы акча которуунун ролун жана каатчылык учурунда чыгымдардын өзгөрүү стратегиясын көрсөтүп, ошондой эле каатчылыктан кыйла жапа чеккен мигранттардын категориясын аныктоо мүмкүнчүлүгүн берди. Алынган маалымат мамлекеттик органдар жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү үчүн баалуу болот деген ойдобуз.

# 2. Миграциялык процесстердин өзгөрүшүнүн баяндамасы

## 2.1. Эмгектик миграция үчүн институттук чөйрө

### *2.1.1. Кыргыз Республикасында миграциялык процесстерди жөнгө салган мыйзам*

#### *Кыргыз Республикасы*

Миграциялык процесстерди тартипке салуу үчүн Кыргызстан менен Россия миграциялык процесстерди жөнгө салган мыйзамдарды өнүктүрүп жана аларды шайкеш келтирүүдө, бирок мында бир катар маселелерге туш болууда.

Кыргыз Республикасынын ченемдик документтеринде айтылган чечмелөөгө ылайык тышкы эмгектик миграция Кыргыз Республикасынын жаранынын мыйзамдуу негизде анын аймагынан тышкары жерге эмгектенүү үчүн ыктыярдуу кетиши катары аныкталат.

Кыргыз Республикасынын жарандарын чет өлкөдө ишке орноштуруу менен байланышкан процесстерди жөнгө салган негизги документтер болуп төмөнкүлөр саналат:

1. 2006-жылдын 13-январындагы №4 “Тышкы эмгек миграциясы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы.
2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 8-сентябрындагы №639 “Кыргыз Республикасынын жарандарын чет өлкөдө ишке орноштуруу боюнча иш жүргүзүүнүн тартиби жөнүндөгү жобону бекитүү тууралу” токтому.[3]
3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 31-октябрындагы №654 “Кыргыз Республикасына чет өлкөлүк жумушчу күчүн тартуу жана Кыргыз Республикасынын жарандарын чет өлкөгө ишке орноштуруу менен байланышкан иштерди жүргүзүү укугуна уруксат кылуу документтерин берүү үчүн баалардын прейскурантын бекитүү тууралу” токтому.

[3]Андан тышкары Президенттин жарлыктары менен төмөнкүдөй программалар кабыл алынган: “2010-жылга чейин Кыргыз Республикасынын калкын иш менен камсыз кылуунун Улуттук саясаты”; “2007-2010-жылдарга миграциялык процесстерди жөнгө салуу боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик Программасы”; “2010-жылга чейин  Кыргыз Республикасынын мамлекеттик миграциялык саясатынын концепциясы”.

### Кыргыз Республикасынан тышкы эмгек мигранттарына тиешелүү Кыргыз Республикасынын мыйзамы

"Тышкы миграция жөнүндө" Мыйзамга ылайык 18 жашка чыккан Кыргыз Республикасынын жарандары жөнөтүүчүлөрдүн арачылыгы менен же жекече түрдө чет өлкөлөрдө эмгектик иш кыла алышат. Эмгекчи-мигрант ишке орношкон мамлекетте эмгектик иш жүргүзүү максатында төмөнкүлөргө укуктуу:

- аткара турган иштин шарттары, эмгек акысы менен таанышууга, иш берүүчү менен эмгектик келишим түзүүгө;
- жашай турган жери, иш берген мамлекеттеги турак-жай шарты жөнүндөгү маалымат алууга;
- иштин мүнөзү, пенсиялык жана медициналык камсыз кылуу, эмгек акынын өлчөмү жана эмгекти коргоо шарттарына тиешелүү маалыматтарды алууга;
- эмгектенүүгө болгон өзүнүн укуктарын жана эркиндиктерин коргоо үчүн ишке орношкон мамлекетте жайгашкан дипломатиялык же консулдук мекемелерге кайрылууга.

Кыргыз Республикасынан эмгек мигранттарын тарткан россиялык иш берүүчүлөргө тиешелүү Кыргыз Республикасынын мыйзамы

Кыргыз Республикасынын мыйзамдары россиялык иш берүүчүлөргө тикелей жайылтылбайт. Бирок Кыргыз Республикасынын Миграция жана калкты ишке орноштуруу боюнча мамлекеттик комитетинин маалыматтык-консультациялык Борбору (МИМКнын МКБ[4]) жана эмгек мигранттарын РФга иштөөгө жиберип жаткан жеке ишке орноштуруу агенттиктери аркылуу кыйыр түрдө россиялык иш берүүчүлөр аткаруу тийиш болгон милдеттенмелер жөнгө салынат.

### Кыргызстандык жарандарды чет өлкөдө ишке орноштуруу боюнча Кыргыз Республикасындагы жеке кадрдык агенттиктерге тиешелүү Кыргыз Республикасынын мыйзамы

Колдонуудагы мыйзамга ылайык Кыргызстандык жарандарды чет өлкөгө ишке орноштуруу боюнча жеке кадрдык агенттиктер МИМКдан уруксат алуудан тышкары төмөнкүдөй шарттарды аткарышат:

- көрсөткөн кызматы үчүн эмгекчи-мигранттын эмгектик келишим менен белгиленген айлык эмгек акысынын 50%нан ашпаган тарифин белгилөөгө;
- эмгектик келишим түзгөнгө чейин потенциалдуу кызматкерди толук жана анык маалыматтар менен камсыз кылууга;
- чыгып кеткенге чейин эмгекке орношуу максатында чет өлкөгө чыгып жаткан ар бир талапкерди МИМКга каттоого;
- ай сайын өзүнүн көмөк көрсөтүүсү менен чет өлкөдө ишке орношкон Кыргыз Республикасынын жараны жөнүндө МИМКга чет өлкөлүк иш берүүчүдөн жаран аткарып жаткан иштин түрүн, эмгек келишиминин колдонуу мөөнөтүн көрсөтүү менен маалымат берүүгө;
- Кыргыз Республикасынын ар бир жаранын, потенциалдуу эмгек мигрантын Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен тааныштырууга жана ага МИМКнын дарегин жана телефондорун билдирүүгө.

Андан тышкары, жеке кадрдык агенттик иш берүүчү тарабынан жекече эмгек келишиминин шарттарын сактабагандыгы үчүн эмгекчи-мигранттын алдында жоопкерчилик тартат.

[4]2009-жылы Кыргызстанда өкмөттүк реформаны жүргүзүүнүн натыйжасында Кыргыз Республикасынын Миграция жана калкты ишке орноштуруу боюнча мамлекеттик комитети Эигек, ишке орноштуруу жана миграция министрлигине кайра түзүлгөн. Ушуга байланыштуу тексти басмага берүү алдында министрликтин жаңы жобосу иштеп чыгуу алдында турган, бул изилдөөдө биз ведомствонун эски аталышынын – МКИК колдондук

## Россия Федерациясы

Россия Федерациясы, эмгек мигранттарын кабыл алуучу өлкө катары кыйла кеңири жана так-таасын миграциялык мыйзамга ээ, ал кыйла сандагы ченемдик-укуктук документтер менен жөнгө салынат. Аларга федералдык деңгээлдеги мыйзамдар жана мыйзам алдындагы актылар, министрликтердин, ведомстволордун жана региондук бийликтердин буйруктары, тескемелери жана көрсөтмөлөрү кирет.

Төмөндө колдонуудагы миграциялык мыйзамдарды билдирген негизги документтер көрсөтүлгөн:

1. "Россия Федерациясындагы чет өлкөлүк жарандардын укуктук абалы жөнүндө" 2002-жылдын 25-июлундагы №115-ФЗ Федералдык мыйзамы. 29.12.2006 № 258-ФЗ редакциясында.
2. Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 15-ноябрындагы №681 "Россия Федерациясында чет өлкөлүк жарандардын убактылуу эмгектик иш жүргүзүшү үчүн уруксат кылуу документтерин берүү Эрежесин бекитүү жөнүндө" токтому.
3. Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 22-декабрындагы №783 "Мамлекеттик бийликтин аткаруу органдарынын Россия Федерациясына чет өлкөлүк жарандарды тартуу муктаждыгын аныкташынын жана чет өлкөлүк жарандардын иш жүргүзүшүнө квоталарды түзүүнүн тартиби жөнүндө" токтому.
4. Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 18-мартындагы №183 "Россия Федерациясына виза алууну талап кылбаган тартипте жана иштөөгө уруксаты бар чет өлкөлүк жарандардын жана (же) жарандыгы жок адамдардын эмгектик иш жүргүзүү үчүн тартуу жана пайдалануу жөнүндө иш берүүчүнүн же ишке (кызмат көрсөтүүгө) заказчынын билдирме беришинин эрежесин бекитүү жөнүндө" токтому.
5. Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 17-февралындагы №97 "Россия Федерациясына убактылуу келген (жашаган) чет өлкөлүк жарандын же жарандыгы жок адамдын аймагында иштөөгө уруксат берилген (убактылуу жашоого уруксат кылынган) Россия Федерациясынын субъектисинен тышкары жерде эмгектик иш жүргүзүү учурларын аныктоо жөнүндө" токтому.
6. Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 15-январындагы №9 "Россия Федерациясында чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды миграциялык эсепке алуунун Эрежесин бекитүү жөнүндө" токтому.
7. "Россия Федерациясында чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды миграциялык эсепке алуу жөнүндө" 2006-жылдын 18-июлундагы №109-ФЗ Федералдык мыйзамы.

## Кыргыз Республикасынан эмгек мигранттарына жайылтыла турган Россия Федерациясынын мыйзамдары[5]

Кыргызстандын жарандарына – эмгек мигранттарына Россия Федерациясынын ченемдик-укуктук базасынын виза алууну талап кылбаган тартипте чет өлкөлүк жарандардын киришинин, келишинин жана иш жүргүзүшүнүн бардык аспекттерин жөнгө салган жоболору жайылтылат.

Россия Федерациясынын аймагына кирген учурдан тартып Кыргызстандык эмгек мигранттары бир катар талаптарды аткарууга тийиш.

*Миграциялык карта*

Чек ара контролуна чейин миграциялык картаны толтуруу керек. Миграциялык картанын кирүү бөлүгү киргендиги

[5]Федералдык Миграциялык Кызматтын расмий сайты www.fms.gov.ru

жөнүндө белгиси менен чет өлкөлүк жаранда ал Россия Федерациясынын аймагында болгон бүткүл мезгилде сакталат жана Россия Федерациясынан чыгып баратканда чек ара контролунун органынын кызмат адамына тапшырылат.

*Миграциялык эсепке алуу*

Миграциялык эсепке туруу керек.. Миграциялык эсепке туруу жол-жобосу чет өлкөлүк жарандын Россия Федерациясына келгендиги жөнүндө Федералдык миграциялык кызматтын аймактык органына билдирүү болуп саналат жана келгенден кийин үч жумушчу күндүн ичинде жүргүзүлүүгө тийиш.

*Иштөөгө уруксат*

Иштөөгө уруксат алуу үчүн убактылуу болуу мезгилине миграциялык эсепке туруу жери боюнча Россиянын ФМК аймактык органына кайрылуу зарыл.

Виза алууну талап кылбаган тартипте Россия Федерациясына келген чет өлкөлүк жаранга иштөөгө уруксатты тариздөө мөөнөтү белгиленген квотанын чегинде – 10 жумушчу күндү түзөт.

Виза алууну талап кылбаган тартипте Россия Федерациясына келген чет өлкөлүк жарандардын мыйзамсыз эмгектик ишин болтурбоо максатында 2009-жылдын февралынан тартып эмгек келишимин түзбөгөн чет өлкөлүк жаранга иштөөгө уруксат берүүнүн ченими 90 суткадан ашпаган мөөнөткө белгиленген. Мигрант жумушка орношуп жана ФМКга келишимди көрсөтүүдө иштөө мөөнөтү Россия Федерациясына келген күндөн баштап 1 жылдан ашпаган мөөнөткө, б.а. дагы 9 айга узартылат жана бир учурда эле иштөөгө уруксат таризделет[6].

Иштөөгө уруксат алган эмгек мигранты төмөнкүлөргө милдеттүү:

- иштөөгө уруксатта көрсөтүлгөн Россия Федерациясынын субьектисинде гана эмгектик иш жүргүзүүгө;
- иштөөгө уруксат алган күндөн тартып, эгерде иштөөгө уруксат мындай чет өлкөлүк жаранга 90 суткадан ашык мөөнөткө берилсе, 30 сутканын ичинде ага иштөөгө уруксат берген миграциялык кызмат органына Россия Федерациясынын Өкмөтү бекиткен тизмеде каралган айланасындагыларга коркунуч туудурган баңгилик жана жугуштуу оорулар менен оорубагандыгын ырастаган документти тапшырууга.

Москва шаарында иштөөгө уруксатты тариздөөдө белгиленген үлгүдөгү медициналык маалымкатты тапшыруу зарыл. Жогоруда көрсөтүлгөн медициналык документтерди белгиленген мөөнөттө тапшырбаган учурда чет өлкөлүк жаранга берилген иштөөгө уруксат жокко чыгарылат.

Россия Федерациясынын аймагына кирген күндөн баштап 90 күндөн ашкан мөөнөткө жарактуу иштөөгө уруксат алган чет өлкөлүк жаран Россия Федерациясына келген күндөн тартып 90 күндүн ичинде ишке орношуусу керек, болбосо 90 күндөн ашык мөөнөткө иштөөгө уруксаты бар экендигине карабастан Россия Федерациясынан чыгууга туура келет.

## *Кыргыз Республикасынан эмгек мигранттарын тарткан россиялык иш берүүчүгө жайылтыла турган Россия Федерациясынын мыйзамы*

Россия Федерациясынын аймагында кыргыз эмгек мигранттарынын иши мыйзамдуу болушу үчүн анын россиялык миграциялык мыйзамдардын бардык талаптарын аткарышы жетишсиз, мигрантты тартып келген иш берүүчү да иш берүүчүнүн аракеттерин жөнгө салган Россия Федерациясынын мыйзамдарын кынтыксыз аткарышы зарыл.

[6] Кыргызстандык эмгек мигранттары үчүн мындай жаңылык жыл ичинде иштөөгө уруксатты эки жолу алуу, б.а. бардык документтерди эки жолу чогултуп, ФМКга же арачы структураларга эки жолу кайрылып, мамлекеттик алымды эки жолу төлөө керек дегенди түшүндүрөт. Россиянын ФМКнын директорунун орун басары В. Поставнинанын 2009-жылдагы «Российская миграция» журналынын №2 санындагы ою боюнча 2005-2007-жылдардагы мындай аракеттер “эч жылчыксыз бөгөт болуп саналат, андан мигрант гана эмес, ак ниеттүү иш берүүчү да өтө албайт”.

Иш берүүчү көп сандаган шарттарды аткарышы керек.

*Чет өлкөлүк жумушчу күчүнө суроо талап жөнүндө арыз*

Чет өлкөлүк кызматкерди тартууну жана пайдаланууну пландаштырган иш берүүчү учурдагы жылдын 1-майына чейин Россия Федерациясынын субъектисинин ыйгарым укуктуу органына бош жана жаңыдан түзүлгөн жумушчу ордуна ылайык келерки жылга кызматкерлерге болгон муктаждыгы жөнүндө арыз берүүгө тийиш.

2-3 айдын ичинде бул арыз Россия Федерациясынын субъектисинин ведомстволор аралык комиссиясынын жыйналышында каралат. Арыз канааттандырылган учурда ошол иш берүүчүнүн чет өлкөлүк кызматкерлерди тартууга болгон муктаждыгы жөнүндө маалымат калкты иш менен камсыз кылуу чөйрөсүндө мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү алуучулардын Реестрине жазылат, ал эми иш берүүчүгө арызды кароонун натыйжасы жөнүндө маалымдоого милдеттүү.

*Эмгектик же жарандык-укуктук келишим*

Иш берүүчү виза алууну талап кылбаган тартипте Россия Федерациясына келген жана иштөөгө уруксаты бар чет өлкөлүк жарандарды чет өлкөлүк кызматкерлерди тартууга жана пайдаланууга уруксат албастан эле эмгектик иш жүргүзүү үчүн тартууга жана пайдаланууга укуктуу. Арыз берүү кампаниясына өз убагында катышуу жана иштөөгө уруксаты бар чет өлкөлүк жаран менен иш аткарууга эмгектик же жарандык-укуктук келишим түзүү эле жетиштүү болот.

*Чет өлкөлүк жарандарды миграциялык эсепке алуу*

Чет өлкөлүк жаран Россия Федерациясына келгенден кийин 3 жумушчу күндүн ичинде Кабыл алуучу тарап тарабынан миграциялык эсепке алынууга тийиш.

Чет өлкөлүк жаранды ишке кабыл алуу жөнүндө жоопту органдардын билдирмеси

*Чет өлкөлүк кызматкер менен эмгек келишими түзүлгөндөн кийин*

3 күндүн ичинде аны тартуу жөнүндө билдирмени түздөн-түз же заказ кат менен почта аркылуу төмөнкүлөргө жөнөтүү зарыл:

- миграция жагындагы аткаруу бийлигинин аймактык федералдык органына;
- Россия Федерациясынын тийиштүү субьектисинде калкты иш менен камсыз кылуу маселесин тескеген аткаруу бийлик органына;
- иш берүүчү каттоодо турган жер боюнча салык органына (чет өлкөлүк кызматкер менен эмгек келишими түзүлгөн күндөн тартып 10 күндүн ичинде).

*Чет өлкөлүк кызматкерлерди максаттуу пайдалануу*

Иш берүүчү чет өлкөлүк кызматкерлерди кесиби боюнча жана чет өлкөлүк жаранга берилген иштөөгө уруксатта көрсөтүлгөн Россия Федерациясынын субьектинде гана пайдалана алат.

## Каатчылык учурундагы миграциялык процесстерди жөнгө салган ченемдик-укуктук актылар жана алардын кыргызстандын эмгек мигранттарына тийгизген таасири

*Чет өлкөлүк жумушчу күчүн тартууга квоталар*

Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн каатчылыктын шартындагы иши регионндук эмгек рыногун турукташтырууга жана коргоого багытталган, алар ишканалардын толук же жарым-жартылай токтоп калышынын жана коммерциялык уюмдардын ишинин кыскарышынын натыйжасында жумушсуз жарандарга толуп кеткен[7] Региондук эмгек рынокторун кор-

[7]Россияда жалпы жумушсуздук июлда Эл аралык эмгек уюмунун ыкмасы боюнча эсептегенде - 6,3 млн. адамды түздү. Жумушсуздук боюнча жөлөкпулду 1,8 млн. адам алды. 2009-жылы июлда жалпы жумушсуздук 2008-жылдын июлуна салыштырганда 45% өстү. Булак- http://www.dailyonline.ru/m/7265/

гоо чараларынын бири болуп чет өлкөлүк жумушчулардын эмгегин пайдаланууга квоталарды белгилөө жана тышкы эмгек мигранттарын ичкилер менен алмаштыруу үчүн шарттарды түзүү саналат. Ушул максатта 2008-жылдын декабрынан тартып квоталарды азайтууга багытталган Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн бир катар токтомдору жана министрликтер менен ведомстволордун буйруктары чыгарылган, алар кыргызстандык эмгек мигранттарына тикелей же кыйыр таасир тийгизди, атап айтканда аларга:

- Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 7-ноябрындагы №835 “2009-жылга чет өлкөлүк жарандарга иштөөгө уруксат берүүгө квоталарды бекитүү жөнүндө” токтому.
- Россиянын саламаттыкты сактоо жана социалдык жактан өнүктүрүү министрлигинин 2008-жылдын 26-декабрындагы №777н “2009-жылга Россия Федерациясынын Өкмөтү бекиткен чет өлкөлүк жарандарга уруксат берүүгө квоталарды Россия Федерациясынын субьекттери боюнча бөлүштүрүү жөнүндө” буйругу.

2009-жылдын[8]. биринчи жарымынын ичинде Россиянын саламаттыкты сактоо жана социалдык жактан өнүктүрүү министрлигинин бир буйругу чыгарылып жана буйруктун эки долбоору даярдалган, алар ФМК менен макулдашуу боюнча Россия Федерациясынын бардык администрациялык округдарына квоталардын өлчөмүн азайтат.

- Россиянын саламаттыкты сактоо жана социалдык жактан өнүктүрүү министрлигинин 2009-жылдын 30-мартындагы №139н “Россия Федерациясынын саламаттыкты сактоо жана социалдык жактан өнүктүрүү министрлигинин 2008-жылдын 26-декабрындагы №777н “Россия Федерациясынын Өкмөтү бекиткен 2009-жылга чет өлкөлүк жарандарга уруксат берүүгө квоталарды Россия Федерациясынын субьекттери боюнча бөлүштүрүү жөнүндө” буйругунун №1 жана 2-тиркемелерине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралу” буйругу.
- “Россия Федерациясынын саламаттыкты сактоо жана социалдык жактан өнүктүрүү министрлигинин 2008-жылдын 26-декабрындагы №777н “Россия Федерациясынын Өкмөтү бекиткен 2009-жылга чет өлкөлүк жарандарга уруксат берүүгө квоталарды Россия Федерациясынын субьекттери боюнча бөлүштүрүү жөнүндө” буйругунун №1 жана 2-тиркемелерине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралу”2009-жылдын 21-майындагы буйругунун долбоору.
- Россия Федерациясынын саламаттыкты сактоо жана социалдык жактан өнүктүрүү министрлигинин 2008-жылдын 26-декабрындагы №777н “Россия Федерациясынын Өкмөтү бекиткен 2009-жылга чет өлкөлүк жарандарга уруксат берүүгө квоталарды Россия Федерациясынын субьекттери боюнча бөлүштүрүү жөнүндө” буйругунун №1 жана 2-тиркемелерине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралу”2009-жылдын 24-июлундагы буйругунун долбоору.

3-тиркеменини таблицасынан көрүнүп тургандай, тышкы эмгек мигранттарынын эмгегин пайдаланууга квоталар аз өлчөмдө кыскарганы менен резерв көбөйүү жагына акырындык менен жылып баратат. Кааттчылыктын алдындагы жана каатчылык мезгилиндеги квоталардын өлчөмүнүн тарыхы мындай: 2007-жылы 6 миллиондук квота иштеген, анын ичинен  жыл ичинде 2 млн. уруксат алынган; 2008-жылы  - 1,8 миллиондук квота иштеген, ал 2008-жылы жайында эле түгөнүп калган; 2009-жылы -дээрлик 4 миллиондук квота болгон, алардын 50%дан ашыгын резерв түзөт.

[8]Ушул долбоорду аткаруу учурунда

Квоталардын кыскарышы бардык эмгек мигранттарына, анын ичинде кыргызстандыктарга да таасир тийгизет деп эсептөөгө болот, анткени, ал мигранттардын мыйзамдуу аракеттенишин чектейт, алардын айрымдарын көмүскө жакка кетүүгө аргасыз кылат.[9]

Чекене соода чөйрөсүндө иш жүргүзүү

Кыргызстандык мигранттардын абалына олуттуу таасир көрсөткөн кийинки документ Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 31-декабрындагы №1099 “2009-жылга чекене соода чөйрөсүндө жана спорт жагында иш жүргүзгөн чарба жүргүзүүчү субьекттер пайдаланган чет өлкөлүк кызматкерлердин жол берилген үлүшүн белгилөө жөнүндөгү” токтому саналат[10]. Бул документке ылайык 2009-жылы бир дагы чет өлкөлүк кызматкер чатырларда, базарларда жана дүкөндөрдүн сыртында чекене соода чөйрөсүндө иш жүргүзүү үчүн чарба жүргүзүүчү субьекттер тарабынан тартылышы мүмкүн эмес. Токтом мыйзамдуу негизде Россия Федерациясынын аймагында жүргөн чет өлкөлүк бардык кызматкерлерге жайылтылат.

2007-жылы АӨБнын долбоорунун чегинде жүргүзүлгөн репрезентативдик изилдөөлөрдүн натыйжасы боюнча дүң жана чекене соода жагында иштеген мигранттар сектордук өңүттө 30,4%ды түзгөн, андан мурда курулуш чөйрөсүндө иштеген мигранттар турат, алар мигранттардын жалпы санынын 45,4%ын түзөт[11].

Кыргызстандык мигранттар Москва, Новосибирск, Екатеринбург жана башкалар сыяктуу ири шаарлардын чекене товар базарларында сатуучу болуп иштешет. Чындыгында бул токтом чекене соода чөйрөсүндө иштеген кыргызстандык мигранттарды сүрүп чыгарып, аларды эмгектенүүнүн башка жерлерин издөөгө же көнгөн ишин улантуу үчүн Россиянын жарандыгын алууга мажбурлайт.

Жеке жактардын кирешесине салык алуу

Россия Федерациясынын Салык кодекси салык төлөөчүлөрдү жана жеке жактардын кирешесине салыктын өлчөмүн аныктайт, ага ылайык ачык иштеп жаткан эмгек мигранттары салык төлөөчүлөр болуп саналат, бирок Россия Федерациясында болушунун узактыгына жараша салык резиденттери[12] болушу же болбошу мүмкүн, бул киреше салыгынын өлчөмүнө таасир тийгизет: 13% - резиденттер үчүн жана 30% - резидент эместер үчүн. Муну менен бирге эгерде мигрант бир жыл ичинде тынымсыз эмгектенсе жана аны документ менен далилдесе, анда иш берүүчүнүн арызы боюнча ашык төлөгөн салыктын айырмасы кайра кайтарылышы мүмкүн.

Бишкектеги МИМКнын жетекчилиги Россия Кыргыз Республикасынан келген мигранттардан эч качан баш тартышпайт, болгону мигранттардын агымын Россия Федерациясынын борборунан өлкөнүн депрессивдүү Түндүгүнө жана Чыгышына кайра багыттоону гана каалашат, ал жерде федералдык жетекчилер Вьетнам менен Кытайлык чет өлкөлүктөргө караганда КМШнын эмгек мигранттарын кабыл алууну артык көрүшөт деп айтышат.

Башка сурамжыланган эксперттер да ПКК жана ФМК кызматтары тарабынан көчөлөрдө мигранттарды кармап алуунун натыйжасыз ыкмасына салыштырганда федералдык мамлекеттин борбор шаарынын өзгөчө статусу бар азыркы кездеги мегаполис болуп саналган Москвада мыйзамсыз мигранттарды кыйла натыйжалуу каражат – иш берүүчүлөргө экономикалык санкцияларды (айып акы) колдонуу аркылуу сүрүп чыгаруу саясаты план ченемдүү жана ырааттуу жүргүзүлүп жатат.

---

[9] Н.Власова. Иштебеген механизмди ондоого болобу? // Российская миграция- 2009 - №2.

[10] Мындай тажрыйба 2006-жылдан бери орун алып келатат

[11] “Эл аралык мигранттардын которуулары жана Кыргыз Республикасындагы кедейлик” отчету, 2007-ж. “Борбордук Азияга жана Түштүк Кавказга эл аралык мигранттардын которуулары боюнча изилдөөлөр” АӨБдүн долбоору.

[12] Салыктык резиденттер болуп катары менен соңку 12 айдын ичинде Россия Федерациясында иш жүзүндө кеминде 183 календарлык күндөн аз эмес жүрүшкөн жеке адамдар таанылат

### *2.1.2. Эмгектик миграция жагында иш жүргүзгөн мамлекеттик органдар*

### *Кыргыз Республикасы*

Кыргыз Республикасынын жарандарынын күч алып бара жаткан тышкы эмгек миграциясы мамлекеттин ишмердигинин жаңы багытын шарттады. Учурдагы мезгилде миграциялык өз ара мамилелерге тартылган Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары болуп төмөнкүлөр саналат:

1. Миграция жана ишке орноштуруу боюнча мамлекеттик комитет.
2. Тышкы иштер министрлиги.

**Кыргыз Республикасынын Миграция жана ишке орноштуруу боюнча мамлекеттик комитети (МИМК) (азыр Эмгек, ишке орноштуруу жана миграция министрлиги)** миграция жана калкты ишке орноштуруу жагында мамлекеттик саясатты жүргүзгөн негизги мамлекеттик орган болуп саналат[13].

Тышкы эмгек миграциясын жөнгө салуу жагындагы МИМКтин милдеттери жана функциялары:

- Кыргыз Республикасынын аймагында жана андан сырткары жерде миграция, калкты ишке орноштуруу жагында бирдиктүү мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу;
- Кыргыз Республикасында миграция жана калкты ишке орноштуруу боюнча ченемдик-укуктук актыларды иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу, ошондой эле алардын аткарылышына контролдук кылуу;
- миграциялык кырдаалга, эмгек рыногунун абалына мониторинг жүргүзүү, баа берүү жана божомолдоо;
- мамлекет - эл аралык эмгек рыногуна кирүү боюнча негизги өнөк менен эл аралык – келишимдик базаны түзүү, миграция жана калкты ишке орноштуруу жагында эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүү;
- Кыргыз Республикасынын жарандарын чет өлкөдө ишке орноштуруу үчүн миграциялык контролду жүзөгө ашыруу боюнча иш-чаралардын комплексин ишке ашыруу;
- чет өлкөлөрдө эмгектик жана ишкердик иш жүргүзгөн Кыргыз Республикасынын жарандарынын укуктарын камсыз кылууга, ошондой эле эл аралык укуктун жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ченемдерине ылайык мигранттардын укуктарын коргоо жана камсыз кылууга катышуу;
- миграция жана калкты ишке орноштурууга байланышкан маселелер боюнча аймактык органдарга кайрылгандарга консультация жана маалымат берүү. Бул багыттарды жүзөгө ашыруу үчүн МИМК маалыматтык-консультациялык борборду (МКБ) түзгөн жана өнүктүрүп жатат.

**Маалыматтык-консультациялык борбор** – “Тышкы иш менен камсыз кылуу” багыты боюнча жакынкы, ошондой эле алыскы чет өлкөлөрдө окутуу жана ишке орноштуруу боюнча маалыматтарга калктын бардык катмарынын кеңири ээ болушун камсыз кылуу үчүн 2006-жылы түзүлгөн МИМКтин түзүмдүк бөлүмү болуп саналат .

МКБнын милдеттери жана функциялары:

- Кыргыз Республикасында, ошондой эле жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдө ишке орноштуруу маселелери боюнча жарандарга маалыматтык жана консультациялык кызмат көрсөтүү жана аларды ишке орноштурууга көмөк көрсөтүү.
- Төмөнкүлөр жөнүндө маалыматтар

[13] Кыргыз Республикасынын Миграция жана ишке орноштуруу боюнча мамлекеттик комитети жөнүндө Жобо. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2005-жылдын 21-декабрындагы №603 токтому.

[14] МКИКнын маалыматтык-консультациялык Борборун түзүү жөнүндө Жобо. КР МКИКнын коллегиясынын 2008-жылдын 28-декабрындагы №727 токтому.

банкын түзүү жана жаңылоо:
- бош орундар;
- иш берүүчүлөр (республикалык, ошондой эле чет өлкөлүк);
- ички жана тышкы эмгек мигранттары (республикада жана андан тышкары жерлерде иштөөнү жана окууну каалаган жарандар).
- Чет өлкөгө иштөөгө кетүүнү каалаган жарандарга маалымат берүү үчүн миграция жана ишке орноштуруу боюнча МИМКтин региондук түзүмдүк бөлүмдөрү менен чет өлкөлүк иш берүүчүлөр жана бош орундар жөнүндө маалымат алмашуу.
- МКБнын маалыматтар банкынан иш берүүчүлөргө маалымат берүү жана республиканын ичинде, ошондой эле андан сырткары жерде иштөө үчүн адистерди тандоо.
- Эмгек мигранттары менен иштеген иш берүүчүлөр жана фирмалар, МКБнын ишинин негизги багыттары боюнча окуу жайларынын өкүлдөрү менен өнөктөштүк мамилелерди түзүү.
- Кыргыз Республикасынын жарандарын чет өлкөлөрдө ишке орноштурууга, анын ичинде чет өлкөлөрдө иш берүүчүлөрдү издөө жолу менен аларды тобу менен жиберүү процессине көмөк көрсөтүү жана жүргүзүү.

Тышкы эмгек миграциясына тиешелүү МИМКтин милдеттеринин жана функцияларынын сунуш кылынган тизмесинен түздөн-түз эмгек мигранттарына миграция менен байланышкан маселелер боюнча **консультациялар жана маалымат берүү тиешелүү.**

Чынында эле Кыргыз Республикасынын аймагындагы МИМКтин бардык региондук бөлүмдөрү ар кандай даражада кайрылган потенциалдуу эмгек мигранттарына бирин калтырбай кабыл алуу өлкөсүндө колдонулган миграциялык мыйзамдар жөнүндө маалыматтарды бере алат жана мүмкүн болуучу ар кандай тобокелдиктердин алдын алат. МКБда өзүнүн маалыматтык сайты бар жана аны колдоп турат[15].

Саналып өткөн калган пункттарды жүзөгө ашырууга келсек, администрациялык-уюштуруу жана институттук потенциалдын, ишенимдүү маалыматтык-талдоо жана илим-изилдөө базасынын, функциялык жөнгө салгычтардын жана куралдардын, жетиштүү мыйзамдык-укуктук жана идеологиялык өбөлгөлөрдүн жоктугу алардын мүмкүнчүлүктөрүнө тоскоолдук кылып жана чектеп жатат деп айтууга болот[16].

Мисалга алсак, 2007-жылдан тартып МКБ аркылуу Кыргыз Республикасынын 5 миңге жакын жараны ишке орношкон, бул кыйла аз үлүштү – тышкы мигранттардын жалпы санынын 1-2%ын гана түзөт. МИМКтин Россия Федерациясында[17] өкүлчүлүгүнүн ресурстарынын чектелгендигинен улам Жободо жарыя кылынган эл аралык укуктук жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ченемдерине ылайык чет өлкөдө эмгектик жана ишкердик иш кылган Кыргыз Республикасынын жарандарынын - эмгек мигранттарынын укуктарын камсыз кылууга МИМКтин кызматкерлери катышат деген пунктун жүзөгө ашыруу кыйын болуп жатат. Мындай кызмат көрсөтүү азыркы учурда, каатчылыктын мезгилинде, көп мигранттар жапа тарткан, мисалы, иштеп тапкан акчасы төлөнбөй калган учурда өтө актуалдуу. Бул багытта бир аз жакшы мисалдар бар, ал тууросында бизге Москвадагы МИМКтин кызматкерлери айтып берди, бирок, ал жалпы кырдаалды сактай албайт.

**Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги** жобо[18] боюнча

[15] КР МКИКнын расмий сайты www.mz.kg

[16] 2010-жылга чейин Кыргыз Республикасынын мамлекеттик миграциялык саясатынын Концепциясы. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2004-жылдын 30-апрелиндеги №151 Жарлыгы.

[17] МКИКнын Россия Федерациясындагы өкүлчүлүгү үч кишиден турат жана Москвада Кыргыз Республикасынын Россия Федерациясындагы Элчилигинин астында жайгашкан..

[18] Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги жөнүндө Жобо. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 8-июнундагы №219 токтому.

мыйзамсыз миграциянын алдын алуу жана болтурбоо жана миграциялык контролду уюштуруу боюнча чараларды тийиштүү мамлекеттик башкаруу органдары менен иштеп чыгууга жана жүзөгө ашырууга катышуу жолу менен мамлекеттик миграциялык саясатты жүзөгө ашырууга көмөк көрсөтөт.

Эмгек мигранттары жана кыргыз диаспорасынын коомдук уюмдары менен иштөө планында ТИМдин чет өлкөлөрдөгү мекемелерине төмөнкүдөй функцияларды аткаруу тапшырылган:

- Кыргыз Республикасынын чет өлкөдөгү жеке жана юридикалык жактарынын, анын ичинде эл аралык укуктун жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ченемдерине ылайык чет өлкөлөрдө эмгек кылган мигранттардын укуктарын жана таламдарын коргоону жүргүзүү;
- чет өлкөлөрдө жашаган мекендештер менен байланышты жана карым-катнашты өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү.

Иш жүзүндө Кыргыз Республикасынын Россия Федерациясындагы Элчилиги жана Консулдук негизинен Кыргыз Республикасынын жарандарына-эмгек мигранттарына стандарттуу консулдук кызматтарды көрсөтүп, ошондой эле кыргыз диаспорасын Россияда институттук чыңдоого көмөктөшөт.

## *Россия Федерациясы*

Миграциялык процесстерди жөнгө салууга кошулган Россия Федерациясынын негизги мамлекеттик органдары болуп төмөнкүлөр саналат:

1. Россия Федерациясынын Федералдык миграциялык кызматы.
2. Россия Федерациясынын саламаттыкты сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлиги.

**Россия Федерациясынын Федералдык миграциялык кызматы (ФМК)** – миграция жагында мамлекеттик саясатты жүзөгө ашырган жана миграция жагында контролдоо, көзөмөлдөө жана мамлекеттик кызмат көрсөтүү боюнча функцияларды аткарган федералдык аткаруу бийлик органы болуп саналат. Россиянын ФМКсы Россия Федерациясынын ички иштер министрлигине баш ийет. ФМКнын иши ар кандай максаттуу топтор менен иштөөгө багытталган. Алардын бири Россия Федерациясында иш алууну каалаган тышкы эмгек мигранттары, жана алардын иш берүүчүлөрү – дал ушулар биздин кызыгыбыздын предмети болуп саналат. ФМКнын ишинин ушул максаттуу топтор жагындагы негизги максаты – цивилизациялуу миграцияны уюштуруу, Россия Федерациясынын миграциялык ылайыктуулугун жогорулатуу үчүн шарттарды түзүү жана мыйзамсыз миграцияга каршы туруу. Көрсөтүлгөн максаттарга жетишүү үчүн Россиянын ФМКсында төмөнкүдөй негизги ыйгарым укуктар бар:

1. Россия Федерациясынын мыйзамдарына ылайык төмөнкүлөргө контролдук жана көзөмөлдүк жүргүзүү:
   - чет өлкөлүк жарандардын иммиграциялык эрежелерди сакташына;
   - Россия Федерациясына чет өлкөлүк кызматкерлерди иш берүүчүлөрдүн тартышынын жана алардын эмгегин пайдалануу эрежелеринин сакталышына.
2. Россия Федерациясына чет өлкөлүк кызматкерлерди иш берүүчүлөрдүн тартышына жана алардын эмгегин пайдаланууга белгиленген тартипте уруксат берүү, ошондой эле чет өлкөлүк жарандардын иштешине уруксаттарды берүү.
3. Россия Федерациясынын мыйзамдарына ылайык төмөнкүлөрдү уюштурууга жана жүзөгө ашырууга:
   - чет өлкөлүк жарандарды жашаган жери боюнча каттоо жана чет өлкөлүк жарандарды турган жери боюнча эсепке алуу;
   - мыйзамсыз миграциянын алдын алуу

жана бөгөт коюу боюнча чараларды жүзөгө ашыруу;

- чет өлкөлүк жарандын ким экендигин тастыктаган документке Россия Федерациясына кирүүгө тыюу салуу жөнүндө белги коюу;
- миграциялык эсепке алуу жана чет өлкөлүк жарандардын, кызмат адамдарынын, юридикалык жактардын, башка органдар менен уюмдардын миграциялык эсепке алуу эрежелерин сакташына контролдук кылуу.

4. Россия Федерациясынын мыйзамдарына ылайык төмөнкүлөр жөнүндө чечим кабыл алууга:

- чет өлкөлүк кызматкерлерди тартууга жана пайдаланууга уруксаттарды, чет өлкөлүк жарандарга иштөөгө уруксаттарды берүү, колдонуу мөөнөтүн токтото туруу же жокко чыгаруу жөнүндө;
- чет өлкөлүк жарандарды депортациялоо жөнүндө, ошондой эле аларды депортациялоо жана Россия Федерациясынын чегинен административдик чыгаруу боюнча чараларды жүргүзүү.

5. Эмгектик иш жүргүзүү максатында Россия Федерациясына чет өлкөлүк жарандардын киришине чакырууларды берүүгө квоталарды белгилөө боюнча сунуштарды даярдоого катышат.
6. Эмгек миграциясы жагына тиешелүү маселелер боюнча чет мамлекеттердин мамлекеттик бийлик органдары жана эл аралык уюмдар менен белгиленген тартипте өз ара аракеттенет.

*Эмгек мигранттарына багытталган ФМКнын негизги иши – миграциялык эсепке алуу жана иштөөгө уруксаттарды берүү.*

**Россия Федерациясынын саламаттыкты сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлиги (ССӨМ)** эмгек шартын жана эмгекти коргоо, социалдык өнөктөштүк жана эмгектик мамилелер, калкты ишке орноштуруу жана жумушсуздук, эмгек миграциясы ж.б. маселелерин камтыган саламаттыкты сактоо, социалдык өнүктүрүү, эмгек жана керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жагында мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана ченемдик-укуктук жөнгө салуу боюнча функцияларды аткарган федералдык аткаруу бийлик органы болуп саналат.[19]

Саламаттыкты сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлиги эмгек миграциясына тиешелүү төмөнкүдөй ченемдик-укуктук актыларды өз алдынча кабыл алат:

1. Эмгектик иш жүргүзүү максатында Россия Федерациясына чет өлкөлүк жарандардын киришине чакырууларды берүүгө квоталарды аныктоо боюнча сунуштарды даярдоонун жана кароонун тартибин.
2. Чет өлкөлүк кызматкерлерди тартуунун жана пайдалануунун максатка ылайыктуулугу жөнүндө корутунду берүү тууралу актыны.
3. Россия Федерациясынын субъектинин мамлекеттик бийлигинин аткаруу органынын чет өлкөлүк кызматкерлерди тартууга болгон муктаждыгын аныктоо эрежесин.
4. Министрликтин компетенциясына кирген чөйрөдө кызматкерлерге жана адистиктердин номенклатурасына коюлуучу квалификациялык талаптарды.
5. Россия Федерациясына убактылуу

[19]Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 30-июнундагы №321 "Россия Федерациясынын саламаттыкты сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлиги жөнүндө Жобо" токтому.

келген чет өлкөлүк жарандын аймагында иштөөгө уруксат берилген Россия Федерациясынын субъектинен тышкары жерде эмгектик иш жүргүзүү учурларын белгилеген актыны.

6. Айланадагылар үчүн коркунуч түзгөн жана Россия Федерациясында иштөөгө уруксат берүүдөн баш тартуу үчүн негиз болуп саналган жугуштуу оорулардын тизмеси, ошондой эле алардын бар же жок экендигин ырастоонун тартибин.
7. Россия Федерациясына келген чет өлкөлүк жарандарга коюла турган ВИЧ-инфекциянын жок экендиги жөнүндө сертификатка карата талаптар.
8. Чет өлкөлүк жарандарга медициналык жардам көрсөтүүнүн тартибин.

ССӨМдүн түзүмүндө ишмердиги эмгек миграциясынын процесстерин жөнгө салуу менен түздөн-түз байланышкан бөлүмдөр, атап айтканда: **Ишке орноштуруу жана эмгек миграциясы департаменти жана Эмгек жана ишке орноштуруу боюнча федералдык кызматы бар.**

Ишке орноштуруу жана эмгек миграциясы департаменти калкты ишке орноштуруу жана жумушсуздуктан коргоо, эмгек миграциясы жана альтернативдүү жарандык кызмат жагындагы мамлекеттик саясатты жүзөгө ашырат. Департаментке жүктөлгөн артыкчылыктуу милдеттер катары: калкты ишке орноштуруунун ийкемдүү түрлөрүн өнүктүрүү, жумушсуз жарандарды социалдык жактан колдоо механизмдерин өркүндөтүү, чет өлкөлүк жумушчу күчүн тартуу жана пайдалануу турат. Эл аралык эмгек уюмунда, Миграция боюнча эл аралык уюмда Россия Федерациясынын кызыкчылыктарын билдирүү боюнча ишти уюштурат.

**Эмгек жана ишке орноштуруу боюнча федералдык кызмат** эмгек, ишке орноштуруу, альтернативдүү жарандык кызмат жагына контролдук кылуу жана көзөмөлдүк боюнча, калкты ишке орноштурууга көмөк көрсөтүү жана жумушсуздуктан коргоо, эмгек миграциясы жана жамааттык эмгектик талаштарды жөнгө салуу жагында мамлекеттик кызмат көрсөтүү боюнча функцияларды жүзөгө ашырган федералдык аткаруу бийлик органы болуп саналат.

Иш берүүчүлөрдүн эмгек мыйзамдарын жана эмгек укугунун ченемдерин камтыган башка ченемдик-укуктук актыларды сакташына текшерүүлөр, изилдөөлөр, милдеттүү түрдө аткарыла турган эреже бузууларды жоюу жөнүндө талап-каттарды берүү, өз ыйгарым укугунун чегинде административдик укук бузуулар жөнүндө протокол түзүү, күнөөлүүлөрдү федералдык мыйзамга жана Россия Федерациясынын башка ченемдик-укуктук актыларына ылайык жоопкерчиликке тартуу жөнүндө башка материалдарды даярдоо аркылуу мамлекеттик көзөмөл жүргүзөт жана контролдук кылат.

Чет өлкөлүк кызматкерлерди тартууга муктаждык жөнүндө сунуштарды даярдоого жана Россия Федерациясында чет өлкөлүк жарандардын эмгектик иш жүргүзүшүнө квоталарды түзүүгө катышат.

*Эмгек мигранттарына багытталган ССӨМдүн негизги иши жалпысынан төмөнкүлөрдө турат:*

- *чет өлкөлүк жарандарга иштөөгө уруксаттарды берүүгө квоталарды түзүү жана аны Россия Федерациясынын субьекттери боюнча бөлүштүрүү;*
- *учурдагы жылга Россия Федерациясынын аймагында чекене соода жана спорт жагында иш жүргүзгөн чарба жүргүзүүчү субьекттер пайдаланган чет өлкөлүк кызматкерлердин жол берилген үлүшүн белгилөө;*
- *квота жайылтылбаган кесиптери бар ишке орноштурулган чет өлкөлүк жарандардын-квалификациялуу адистердин кесиптеринин тизмесин бекитүү.*

### 2.1.3. Миграциялык процесстердин мамлекеттик эмес катышуучулары

Эмгек миграциясынын активдешүүсү чет өлкөдө иштөөгө чечим кабыл алган жарандардын агымына жаңы кызматтарды көрсөтүп жаткан уюмдарды жана фирмаларды пайда кылды. Жеке сектор көрсөтүп жаткан кызматтарга төмөнкүлөр кирет.

- коммерциялык банктардын жана эл аралык АКБнын филиалдары жана эсептешүү кассалары;
- чет өлкөдө ишке орноштуруу боюнча агенттиктер;
- авиа жана темир жол билеттерин сатуу боюнча агенттик;
- мигранттарды автомобиль менен ташуу боюнча кызмат көрсөткөн жеке жактар жана айдоочулардын бирикмеси;
- мигранттарга кызмат көрсөткөн юридикалык фирмалар;
- арачы фирмалар ж.б.

Эмгек миграциясы жарандык сектордун ишинин жаңы түрлөрүнүн жана багыттарынын өнүгүшүнө дем берди:

- Кыргыз Республикасында жана Россия Федерациясында мигранттардын укуктарын коргоо боюнча өкмөттүк эмес, коммерциялык эмес, коомдук уюмдар;
- Россия Федерациясында кыргыздардын диаспорасынан өкүл болгон мигранттардын өздөрүнүн коомдук бирикмелери.

Миграция менен шартталган жеке сектордун өнүгүшүнө баяндама “Миграциянын бизнеске тийгизген таасири” бөлүмүндө көрсөтүлгөн. Ушул эле жерде Россиядагы кыргыз диаспорасынын коомдук уюмдарынын жагдайы кыскача талдоого алынган.

Кыргыз диаспорасы жана коомдук уюмдар

Кыргыз Республикасынын жарандарынын Россияга миграциясынын өлчөмү Россия Федерациясындагы кыргыз диаспорасынын түзүлүшү жөнүндө айтууга боло тургандай масштабга жетти. Алсак, Россиянын аймагы өтө кенен, бирок, өзүнүн мүнөзү жана кесиптик багыты боюнча өздөрүн кыргыз диаспорасы деп жарыя кылган ар кандай уюмдар көп. 4-тиркемеде Россия Федерациясынын региондорундагы кыргыздардын коомдук бирикмелеринин тизмеси келтирилген.

***Диаспора** – тарыхый мекенинен тышкары жашаган жана өзүнүн жалпылыгын кармап туруу жана өнүктүрүү жана коомго интеграциялануу үчүн социалдык институттары бар элдин бир бөлүгү (этностук жалпылык, улут).*

*Диаспоралар – калыптанып калган, баш кошкон, туруктуу, кабыл алуучу өлкө үчүн зарыл болгон этностук топтор. Алар көп учурда бийлик жана түпкү калк менен ийгиликтүү эриш-аркак аракеттенет жана калктын ар кандай категорияларынын эң сонун жашап кетишинин үлгүсү боло алат*

Диаспоранын өкүлдөрү коомдук уюмдар түрүндө Кыргыз Республикасынын Россия Федерациясындагы Элчилиги жана консулдук кызматтары менен кызматташып жана дипломатиялык ведомстволорго жардамдашып турат. Москвада жана Москва облусунда жайгашкан эң туруктуу жана активдүү коомдук уюмдардын катарына «Аксакалдар кеңеши», «Кыргыз биримдиги», мугалимдер Ассоциациясы, медиктер Ассоциациясы, курулушчулар Ассоциациясы ж.б. кирет.

Ири базарларда тармактык белги боюнча түзүлгөн коомдук бирикмелер бар (Черкизов - кийим тигүүчүлөрдүн продукцияларын; Строгино – курулуш материалдарын сатууга багытталган).

Коомдук бирикмелерди иши илгери жүргөн кыргыздар – Россия Федерациясынын жарандары уюштуруп жана башкарат, алар жаңыдан келген мекендештерине Россияда ишке орношууга жана жатыгууга жардам берүүнү каалашат.

2009-жылы апрелде Москва шаары менен Москва облусунун 17 коомдук уюму Россиядагы кыргыз диаспорасынын ролу жана орду жөнүндө кызуу талкуулардын натыйжасында биригип жана "Кыргызстандыктардын биримдиги" координациялык кеңешин түзүүнү чечишти. "Кыргызстандыктардын биримдигинин" жетекчисинин офисинин алдында ар кандай иштер чөйрөсү: билим берүү, спорт, маданият ж.б. боюнча 10 комитет уюшулган жана алар Кыргыз Республикасынын Россия Федерациясындагы Элчилигинин аймагында жайгашкан.

Екатеринбург шаарында турган Кыргыз Республикасынын Башкы консулдугу Свердлов облусундагы «Ата Журт», Чита облусундагы «Кыргыз Автономиясы», Челябинск облусундагы «Биримдик» жана Сахалиндеги "Кыргыздар союзу" сыяктуу коомдук уюмдар менен тыгыз иштеп жатат.

Коомдук бирикмелер Элчилик жана Консулдук өз регламенттери боюнча адамдарга жардам бере албай турган учурларда көмөк көрсөтө алышат. Мисалы, "200-жүктү"[20] жөнөтүүдө, муктаж болгон[21] үйүнө билет алууга каражаты жок мигранттардын Кыргыз Республикасына кетишине, мигранттардын катышуусу менен спорттук мелдештерди, кыргыз эстрада жылдыздарын чакыруу менен концерттерди уюштурууда ж.б. жардам кылышат.

Эксперттер арасында кыргыз диаспорасынын коомдук уюмдарынын ролу жөнүндө пикир айры чыкты.

[20]Атайын табыт заказ кылып, мигранттардан акча чогултуп, ташып жеткирүүгө макулдашып жана жүктү коштоп барууну камсыз кылуу.

[21]Мигранттар ооруп же мертинип калган учурларда.

***Москва шаары, июнь 2009-жыл.***
*Коомдук уюмдар Россия Федерациясынын эмгек рыногунда али ордун таба элек жаңыдан келген эмгек мигранттарын эксплуатациялоо максатында Россия Федерациясынын жараны болуп саналган кыргыздар тарабынан түзүлөт.*
***Москва шаары, июнь 2009-жыл.***
*Россия Федерациясындагы кыргыздардын диаспорасынын социалдык жана маданий негизи анча чоң эмес, алар бизнес үчүн гана кармалып турат. Коомдук уюмдар диаспоранын чыныгы милдеттерин – коомдук-имидждик ишти жана жергиликтүү бийлик жана иш берүүчүлөр менен эриш-аркак аракеттенүү менен эмгек мигранттарынын таламдарын коргоо милдетин чече албайт.*
***Екатеринбург шаары, июнь 2009-жыл.***
*Кыргыздар диаспорасы жаңыдан гана өрчүү мезгилинде турат, аларда өзөк жок, ошондуктан ага өкүл болгон коомдук уюмдар туруктуу эмес. Алар башка кадыр-барктуу жана салттуу уюмдардан тажрыйба алышы керек. Кыргыз Республикасынан келген чиновниктер диаспораларга туруктуулук бере албайт, алардын келгени, айткан идеялары, өткөргөн чогулуштары туруксуздук алып келет. Чиновниктер диаспоранын башында мурдагы эмгек мигранттарынын ичинен чыккан, алгылыктуу бир иш жасаганга аракет кылган бейформал лидерлердин турушун каалашпайт. Алар будамайлоого боло турган кишилерди көрсөтүшөт, демек, коомдук кыймыл ыдырайт же өнүкпөстөн ордунда кала берет*

Бирок эксперттердин көпчүлүгү бүгүнкү күндө кыргыздардын диаспорасы коомдук институт катары эмгек мигранттарына алардын жашоо-турмушун жеңилдетүү жана мекени менен байланышты кармап туруу үчүн өтө зарыл деп эсептешет. Андан тышкары, эксперттердин көпчүлүгү Россиядагы кыргыздар Борбордук Азиянын мамлекеттеринин башка диаспораларына караганда жакшы уюшкан, бирок Россия Федерациясынын аймагында жашоо менен ондогон муундарды алмаштырган эски этностук топторго[22] караганда начар деп эсептешет.

[22]Армянская, еврейская и др

## 2.2. Кыргызстандан эмгектик миграциянын мүнөздөмөсү

### *2.2.1. Миграциянын масштабы*

Эмгектик миграциянын башаты жөнүндө айтуу менен Совет мезгилинде эле Россиянын шаарларына иштөөгө же окууга келген жана СССРдин жарандары болуп саналгандыктан ал жерде калууну өтө каалаган кыргызстандыктарды эске ала кетүү керек. Биринчиден, 80-жылдардын башында Москвадагы Олимпиадалык обьекттерди курууга тартылган куруучулар, экинчиден, россиялык жогорку окуу жайларын бүтүрүп, Россияда иштеп калгандар, үчүнчүдөн СССРдин

масштабында иштеген мамлекеттик ишмерлер. Ал адамдардын көпчүлүк бөлүгү тууган-туушкандары менен тыгыз байланышты сактап калып жана азыркы учурда эмгек мигранттарынын жатыгуусуна көмөк көрсөтүп жатышат.

90-жылдардын башында СССРдин ыдырашы, өнөр жай ишканаларынын жабылышы жана бардык жерде өндүрүштүн төмөндөшү соода чөйрөсүндө челноктордун - эмгек мигранттарынын пайда болушуна алып келди. Россиянын базарларын өздөштүрүп алып, мигранттар кызмат көрсөтүү жана курулуш чөйрөсүн ээлей башташты. Россиянын экономикалык жактан өсүшү жана жумушчу күчүнө болгон керектөөсү, тил жана виза жагынан тоскоолдуктардын жоктугу, салыштырмалуу жогору эмгек акы иштеп табуу мүмкүнчүлүгү Россия Федерациясында экономикалык өсүштүн учурунда Кыргызстандан туташ эмгектик миграцияны жаратты. Мунун натыйжасында эмгектик миграция Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык турмушунда өтө көрүнүктүү көрүнүшкө айланды. Кыргызстан эмгек ресурстарын берүүчү өлкө катары кабылдана баштады. Иштин мындай абалы миграциянын өлкөнүн жана адамдардын жашоо турмушунун ар кандай аспекттерине тийгизген таасирин изилдөөгө түрткү болду. Бирок, эң негизги – “Кыргызстандын канча жараны миграциялык процесстерге тартылган?” деген суроо Кыргызстан менен Россиянын экономикалык, саясый жана маданий байланыштарынын өзгөчөлүктөрүнөн улам дале ачык бойдон калып жатат. Ошондой болсо да миграциялык процесске тартылган эмгекке жарактуу калктын санына көз карандысыз изилдөөчүлөрдүн, ошондой эле мамлекеттик кызматтардын кызыгуусу өтө жогору.

Жалпыга маалымдоо каражаттарында, Кыргызстан менен Россиянын мамлекеттик чиновниктеринин айтуусу боюнча, ошондой эле көз карандысыз бир катар изилдөөлөрдүн натыйжалары боюнча Кыргызстандан Россияга тышкы эмгек миграциясынын көлөмү жагында ар кандай сандар айтылып келет, алар каатчылык мезгилине чейин 200 миңден 500 миңге чейин жана андан ашык адамды түзүп турган. Мындай маалыматтардын булактары кандай?

***2007-жылы январда Кыргызстандын Президенти Курманбек Бакиев*** *Россиянын Президенти Владимир Путинге кат жөнөтүп, анда республикадан келген эмгек мигранттары үчүн 500 миң адам өлчөмүндө өзүнчө квота бөлүүнү суранган[23].*

***ФМКнын маалыматтары боюнча*** *Россиядагы эмгек мигранттарынын саны боюнча Кыргызстан Украинадан, Өзбекстандан, Тажикстандан жана Молдовадан кийинки бешинчи позицияны ээлейт. 2008-жылы Россияга Кыргызстандан 550 миңден ашык эмгек мигранттары келген[24].*

***Расмий эмес маалыматтар боюнча 2008-жылы*** *Россия Федерациясында 318 миң кыргызстандык каттоого турган, 183 миңи иштөөгө уруксат алган.*

*Россия менен Казакстандагы кыргыз диаспораларынын «Замандаш»* ***ассоциациясынын жетекчиси*** *Жума Абдуллаевдин айткандары боюнча 2008-жылдагы маалыматтарга ылайык Россия Федерациясында кыргызстандык 500 миңге жакын эмгек мигранттары иштеп жатат[25].*

***МИМКтин маалыматтары боюнча 2008-жылы*** *Россиянын иш-каналары менен курулуштарында, ошондой эле кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө кыргызстандык 250дөн 350 миңге чейинки эмгек мигранттары иштеп жатат[26].*

***2008-жылга КР ТИМдин өкүлдөрү айткан маалыматтар боюнча*** *Россияда республиканын 290 миңден ашык жарандары иштеп жатат[27].*

***КР МИМКтин төрайымы А.М.Рыскулованын 2009-жылы сентябрда КР Жогорку Кеңешинде сүйлөгөн сөзүндө*** *балдарды кошо эсептегенде Россияда 316 миң кыргызстандыктар бар, 256 миң жараныбыз иштеп жатат. Өз кезегинде депутаттар бул сандар чындыкка ылайык келбейт жана Россияда жана башка өлкөлөрдө иштеп жаткандардын саны кыйла жогору[28].деп белгилешет.*

---

[23]http://www.for.kg «Власти Кыргызстана попросили у России выделить отдельную квоту для трудовых мигрантов из КР» , 10 января 2007 года.

[24]http://www.for.kg «В 2008 году в Россию въехало более 550 тысяч трудовых мигрантов из Кыргызстана». 12 февраля 2009 года.

[25]«Российская газета» - Центральная Азия №4588 от 14 февраля 2008 г.

[26]«Российская газета» - Центральная Азия №4588 от 14 февраля 2008 г.

[27]Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин консулдук кызмат департаментинин мекендештер жана мигранттар менен иштөө боюнча бөлүмүнүн башчысы http://www.sng.allbusiness.ru/

[28]Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин басма сөз кызматы

Россияда өлкөнүн эмгектик ресурстарынын кыйла бөлүгү иштеп жаткандыгы айдан ачык, ал эми миграциянын масштабына баа берүү өтө айырмаланып турат.

Дүйнөлүк экономикалык каатчылыктын шартында, Россия өзүнүн эмгек рыногун коргоп жана мыйзам аркылуу чет өлкөлүк жумушчу күчүнө болгон суроо-талапты азайтып жаткан учурда: "Эмгек мигранттарынын канча бөлүгү кайтып келди?" деген суроо туулат.

Бул суроого жооп бюджетке, өзгөчө калкты социалдык жактан коргоо бөлүгүнө келүүчү күчтү божомолдоо, ошондой эле калктын жашоо деңгээлинин мүмкүн болуучу төмөндөшүнө байланыштуу жаңжалдуу кырдаалдардын өөрчүп кетүү тобокелдигин алдын алуу үчүн өзгөчө мааниге ээ болот. Төмөндө бул маселе боюнча жалпыга маалымдоо каражаттарында келтирилген маалыматтар жана эксперттердин ой-пикирлери келтирилген.

***ФМКнын маалыматтары боюнча** 2009-жылы январда Россия Федерациясына келген мигранттардын саны 10%га кыскарган. Иштөөгө уруксат алуу үчүн өткөн жылдын январына караганда кайрылуулар 1,8 эсе аз болгон[29].*

***КР МИМКтин төрайымы А.М.Рыскулованын 2009-жылы сентябрда КР Жогорку Кеңешинде сүйлөгөн сөзүнөн:** Жакында темир жол вокзалдарында, аэропорттордо Россия менен Казакстандан кайтып келген 3,5 миң кыргызстандыктар Мекенине кайтып келүүнүн максаты тууралсында сурамжыланган. Алардын көпчүлүгү Жаңы жылды белгилөөгө же кезектеги товар сатып алууга келгендигин айтышкан. Алардын ичинен айрымдары гана ишкананын жабылгандыгы же каатчылыктын айынан кыскарып калгандыгынан улам келгендигин белгилешкен. Ошентип, кыргыз мигранттарынын Мекенине жапырт келишин күтүүгө болбойт. Андан тышкары 167 миңден ашык кыргызстандык Россиянын жараны болуп саналат, алардын ал жерде үй-жайы, иши же бизнеси бар[30].*

Кыргыз Республикасынын МИМКтин Россия Федерациясындагы өкүлчүлүгүнүн кызматкерлери Россия Федерациясынын чек ара кызматынан алынган кызматтык маалыматтарга ээ, ага ылайык 2009-жылдын башында Россия Федерациясында Кыргыз Республикасынан келген 350 миңге жакын адам, анын ичинде Москвада 100 миң адам бар.

---

[29]Бул тууралсында Россиянын Федералдык миграциялык кызматынын директорунун орун басары Анатолий Кузнецовго шилтеме жасоо менен «Интерфакс» билдирген.

[30]Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин басма сөз кызматы

***"Ишке орноштуруу" коомдук бирикмеси, Нарын ш., Нарын облусунун МИКБ менен биргелешип иштейт.***
*2008-жылдын башынан тартып Казакстандан эмгек мигранттарынын кайтып келиши байкалган, анткени, ал жерде кризис эртерээк башталган. Казакстандан кайтып келген мигранттар Россияга кетишкен. Коомдук бирикменин жетекчисинин маалыматы боюнча 2008-жылдын ноябрынан 2009-жылдын майына чейин "Ишке орноштуруу" коомдук бирикмесине каатчылыктын айынан Мекенине кайтып келген 127 мигрант кайрылган.*

2009-жылы жазында Бишкекте Россиядагы кризиске байланыштуу Свердлов облусунун иш берүүчүлөрү кыргызстандык эмгек мигранттарына иш берүүдөн жапырт баш тартып жаткандыгы жана Кыргыз Республикасынын жарандары акчасынын жоктугунан кете албай, Екатеринбург шаарынын вокзалында жашап, Кыргызстанга чейин билет алуу үчүн тилемчилик кылып жаткандыктары тууралуу маалымат таркаган. Ушул маалыматты текшерүү үчүн 2009-жылы июнда "Свердловский пассажирский" темир жол вокзалынын жетекчиси менен жолугушуу өткөрүлгөн.

***Екатеринбург шаарынын вокзалынын жетекчиси***
*Кырдаал туруктуу, Кыргыз Республикасынын жарандарынын жапырт кетип жаткандыгы жөнүндө имиш кеп апырткандык. Кыргызстандыктар адаттагыдай эле келип-кетип жатышат. 2002-жылдан баштап мигранттардын өсүү тенденциясы байкала баштады. Буга чейин поезддерде негизинен челноктор жүрүшчү, алар жүргүнчүлөрдү ташуучу вагондорго көп сандагы жүктөрүн салышчу. Жүк ташууну бажылык жөнгө салуу жөнүндө мыйзам өзгөртүлгөндөн кийин жүргүнчүлөр вагондорунда жүргүнчүлөр гана жүрүп, ал эми товарлар товардык вагондор менен ташыла баштады.*

Өлкөнүн түштүк облустарынын айылдык округдарынын жетекчилери менен интервьюнун натыйжасы боюнча каатчылыктын учурунда мигранттардын, анын ичинде Россия Федерациясынын жарандарынын кайтып келгендиги байкалгандыгы аныкталды. Бирок, адамдар, өзгөчө, жаштар каатчылыкка карабастан Россия Федерациясында иштөөсүн улантып жатышат. Көпчүлүк айылдык округдардагы сандык баа берүүлөр кетип жаткан мигранттардын саны келип жаткандардын санына барабар экендигине топтолгон.

Кайтып келген мигранттар менен көп сандаган жолугушуулардын жүрүшүндө алардын көпчүлүгү үйлөрүнө каатчылык менен байланышпаган себептер боюнча кайтып келгендиктери аныкталды.

Ошентип, мигранттардын кайтып келишинин саны олуттуу эмес, кайтып келүүлөр бар деген гана пикир орун алган.

### 2.2.2. Мигранттарды эсепке алуу

Ар кандай булактардын маалыматтарын талдоо каатчылыкка чейинки эм-

гектик миграцияга берилген бааларда олуттуу айырмачылыктар жана кайтып келген мигранттардын санына баа берүүдө бүдөмүктүк бар экендигин көрсөтүп турат. Мындай кырдаал мигранттардын кээ бир бөлүгүнүн ишинин сезондук мүнөзү жана чек арадан визасыз өтүү режими менен шартталган. Ошондой болсо да тышкы эмгек мигранттарын эсепке алуунун толук кандуу системасынын жоктугуна карабастан маалыматтардын салыштырмалуу анык булактары бар:

1. **Эл аралык аэропорттордо иштеп жаткан Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын Чек ара кызматтары.** Аэропорттор аркылуу чек арадан өтүүдө чек арачылар кирип жаткандарды жана чыгып жаткандарды текшерип, паспортторун сканирден өткөрүп жана келишинин максаты жөнүндө сурашат. Бирок, чек арадан поезд, автобус же автомобиль менен өтүүдө чек арачылар документтерди текшерүү менен гана чектелишет. Ошондуктан, чек арадан өткөн Кыргыз Республикасынын жарандарынын толук маалыматтар базасы жок, ал эми авиа жүргүнчүлөр боюнча маалыматтар базасы кызматтык пайдалануу үчүн гана колдонулат.
2. **ИИМдин паспорт-визалык контроль бөлүмү**. ИИМ системасында келип жана кетип жаткан жарандарды сапаттуу эсепке алуу жөнгө салынган. Бирок, ИИМде эсепке алуу принциби арыз берүүгө негизделген, ошондуктан Ош облусу ИИМ системасынын ПВКБда белгиленген жарандардын үлүшү эмгек мигранттарынын жалпы санына салыштырганда анча көп эмес.
3. **МИМКтин МКБ жана жеке ишке орноштуруу агенттиктери**. Бул уюмдар аркылуу өтүп жаткан мигранттардын агымы анча эмес. Андан тышкары, көп учурда уюшкан эмгектик мигранттар алардын келишин жана мыйзамдуу ишке орношуусун, эмгек акы көз карашынан алганда кыйла пайдалуу ишти издешин камсыз кылышкан иш берүүчүлөрүн таштап кетүү менен уюшпагандарга айланат.

Ошол эле учурда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузбастан эмгек мигранттарынын басымдуу бөлүгү чыгымдарды аз жумшоо менен Россияга поезд, автобус же автомобиль менен барышат, мында арачы структуралардын жардамына кайрылбайт, жарандыгын алмаштырууну пландаштырбайт, демек, ИИМден каттоодон чыкпайт. Мигранттардын басымдуу бөлүгү эсепке алуудан тышкары калып калат.

Эмгектик иш жүргүзүү үчүн чыгып кеткен жана каатчылыкка байланыштуу кайтып келген, анын ичинде облустук өңүттө эмгек мигранттарынын санына айыл аксакалдарынын, кварталдык комитеттердин жетекчилери жана үй комитеттери болуп саналган жакшы маалымдар болгон булактардын баштапкы маалыматтарына негизденүү менен теориялык жактан адекваттуу жана оперативдүү баа берүүгө болоор эле. Мындай мүмкүнчүлүктү МИМК пайдаланды, бирок, ар кандай региондук МИКБда мигранттарды эсепке алуунун ар башка технологиялары колдонулуп жатат. Кээ бир МИКБда бир жолку акциялар - кырдаалды аныктоо максатында түтүндөрдү кыдырып чыгуу өткөрүлөт, башкаларында чыгып кеткен жарандарды эсепке алуу боюнча бланктар жана формалар иштелип чыгат.

***Нарын облустук МИКБ*** *облустун калкынын санын тактоо жана 2009-жылдын башталышына карата миграциялык агымдарга баа берүү үчүн жапырт текшерүү жүргүзгөн, ага жумушсуз жарандар тартылган. Алынган маалыматтарды талдоо төмөнкүдөй корутунду чыгарууга мүмкүндүк берди:*

1. *ИИМде каттоодон чыккан адамдардын саны облустун туруктуу калкынын санынын 1%ын түзөт, бул облустан иш жүзүндө чыгып кеткен жарандардын санынан 4,4 эсеге аз.*
2. *Нарын облусу боюнча эмгектик миграциянын масштабы анча чоң эмес, бар болгону калктын 4,4%ын түзөт.*
3. *Мигранттардын жалпы санынын ичинен кыйла бөлүгүн (дээрлик 80%) ички мигранттар түзөт, алар Чүй, Ысык-Көл облустарында жана Бишкек шаарында иштешет.*
4. *Нарын облусунан тышкы мигранттар бир жарым миңден бир аз ашык кишини түзөт жана алардын ичинен 79,6%ы Россия Федерациясында иштейт.*
5. *Каатчылыкка байланыштуу чоң өзгөрүүлөр жана мигранттардын жапырт кайтып келиши байкалган жок. Кайтып келгендердин кээ бирлери Россия Федерациясына кайра иштегени кетүүнү пландаштырып жатышат.*

***Нарын облусунун Кочкор райондук МИКБ***
*Эмгектик мигранттар боюнча маалыматтарды чогултуу өтө кыйын, айыл башчылары бул маселе боюнча иштешпейт. Каатчылыкка байланыштуу мигранттардын жапырт кайтып келиши жөнүндө эч нерсе угулган жок, кайтып келгендин бардыгы үй-бүлөлүк жагдайлары боюнча келишкен.*

***Чүй облуснун Ысык-Ата райондук МИКБ*** *бул иште айыл округдарынын башчыларына таянат. Райондук МИКБ айыл округдарына кирген айылдардын башчылары аркылуу эмгек мигранттарынын эсебин алуу үчүн өз алдынча форма иштеп чыккан. Биздин байкоолорубуз жана айылдык округдардын башчылары, жооптуу катчылары жана райондун айылдарынын башчылары менен аңгемелешүүлөрдүн натыйжасы боюнча мындай иштелип чыккан формалар ар башкача толтурулат. Бирөөлөрү ИИМдин каттоосунан чыгып, расмий түрдө кеткен жана айылдык округдарга маалымкат үчүн кайрылган жарандарды гана жазышат. Башкалары, айыл башчыларынын маалыматынын негизинде иш жүзүндө чыгып кеткен бардык адамдарды кошушкан. Ошондуктан, мындай маалыматтарды жалпылоо жана пайдалануу райондун деңгээлинде тышкы эмгек миграциясынын абалы жөнүндө обьективдүү көрүнүштү бере албайт.*

***Чүй облусунун Панфилов райондук МИКБ** жергиликтүү калктын тышкы эмгек миграциясына караганда Тажикстандан келген этникалык кыргыздарды жатыктыруу жана мыйзамдаштыруу маселесине көбүрөөк көңүл бурушат, бирок айылдык округдун деңгээлинде эсепке алууга аракеттер чала-чарпыт жасалат.*
***Ош облустук МИКБ** Россия Федерациясына иштөөгө кетүүнү каалагандардын тизмесин таблица түрүндө жүргүзөт, ага кайрылгандардын ФАЖ, дареги жана телефондору жазылат. Электрондук таблицада атайын талаа бар, ал жерге арыз ээси Россия Федерациясынын аймагында мурда иштегендиги тууралу көрсөтүлөт. Кайтып келген мигранттар Россияда ишке орношуу боюнча кайрылгандардын жалпы санынын 20%га жакынын түзө тургандыгын белгилей кетүү керек. 2009-жылдын 22-апрелине карата Россия Федерациясына иштөөнү каалагандардын тизмесинде Ош облустук МИКБда 474 адам турган.*

Өлкөнүн түштүгүндө, ошондой эле түндүгүндө айылдык округдардын жетекчилери жана жооптуу катчылары менен жүргүзүлгөн жолугушуулардын учурунда түштүктүн айылдарында сурамжыланган айылдык округдардын эксперттеринин ар бири эмгектик мигранттардын саны жөнүндө (чарба китебинде жазуулардын негизинде) айтып бере алышты, ошол эле учурда түштүктөгү шаарларда жана түндүктөгү шаарларда, ошондой эле айылдарда сурамжыланган эксперттер эмгек мигранттары түшүнүгүн жарандыкты алмаштырууга ниеттенген мигранттар менен чаташтырган. Жооптуу адамдардын көпчүлүгү жогору турган инстанцияларга эмгек мигранттары жөнүндө маалыматтарды паспорт столдорундагы маалыматтардын негизинде беришкен, ал жерде расмий түрдө чыгып кеткен жарандар гана катталат.

Ишке мындай мамиленин себеби түштүктө миграцияга байланыштуу бардык нерселерге сезимталдыктын жогорулугу жана эмгектик мигранттар жөнүндө маалыматтарды чогултууга мамиле менен түшүндүрүлүшү, бул иш түндүктө өзүнчө бир бюрократиялык жол-жобо катары кабылданат. Андан тышкары мындай бир өзгөчөлүк байкалган – калкынын саны 10-12 миңден ашык калктуу конуштар кирген администрациялык бирдиктерде эмгек мигранттарынын саны жөнүндө маселеге жооптуу адамдар “көп”, “өтө көп”, “бар”, “аз” деген терминдерди колдонушкан, ошол эле учурда кыйла майда административдик бирдиктерде конкреттүү бир сан айтылган же “ар бир үй-бүлөдө”, “ар бир экинчи үй-бүлөдө”, “үй-бүлөдө 2-3 мигрант”, “айылда бир нече адам” деген сапаттык бааларды беришкен.

Мигранттар боюнча маалыматтарды чогултууга 2009-жылы жазында өткөрүлгөн эл каттоо түрткү бергендигин белгилей кетүү керек. Айрым айылдык округдарда республикалык эл каттоонун чегинде миграциялык эсепке алуу боюнча кандайдыр бир формалар толтурулгандыгы жөнүндө айтышты.

Бирок, көпчүлүк айылдык округдарда эл каттоонун жыйынтыгын билишпейт.

Биздин байкоолорубуз боюнча айылдык округдар деңгээлинде мигранттар жөнүндө маалыматтардын сапатына таасир тийгизген факторлор болуп төмөнкүлөр саналат:

- мигранттарды эсепке алуу маселесин

коюу деңгээли жана ага ылайык облустук жана райондук МИКБлар тарабынан бул маселеге карата мамиле;

- МИКБлардын жетекчилеринин жана кадрлардын алмашуусу – МИКБлардын жетекчисин же миграция боюнча адисин даярдоо, анын үстүнө ал бул системада жаңы киши болсо, технологиялар жакшы иштелип чыкпаган шартта мигранттарды адеп эсепке алууга терс таасирин тийгизет;
- айылдык округдардын башчыларынын талап коюучулугу, принциптүүлүгү жана кызыкдар болушу;
- айыл башчысынын ким экендиги жана ишке карата мамилеси.

МИМК региондук бөлүмдөр аркылуу, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруунун – айылдык округдардын ресурстарын пайдалануу менен тышкы эмгектик миграцияны эске алууга жана баа берүүгө аракет жасап жатат. Бирок, маалыматтарды чогултуунун ар кандай ыкмаларын жана куралдарын колдонуу талдоо максаттары үчүн алардын бир тектүүлүгүн камсыз кыла албайт. Бүгүнкү күнгө карата абал боюнча МИМК, мигранттардын, чет өлкөдө иштеп жаткан Кыргыз Республикасынын жарандарынын саны жөнүндө маалыматтарды туруктуу чогултуу жана **талдоого алуу** үчүн бирдиктүү усулга, куралдарга, ресурстарга ээ эмес. Демек, Мамлекеттик комитет каатчылыкка байланыштуу кайтып келген мигранттардын саны боюнча так маалыматтарга ээ эмес. Ошол эле учурда алар андайлардын үлүшү 30%га жакынды түзөт деген бааны берип жатышат.

### 2.2.3. Миграциянын себептери

Миграциянын себептери – микро, ошондой эле макро деңгээлде соңку жылдары ичинде туруктуу орун алган эң маанилүү экономикалык жана саясый маселелердин бири, ага жооп жакынкы жылдары өлкөнү өнүктүрүү стратегиясына олуттуу таасир тийгизиши мүмкүн.

Көз карандысыз изилдөөчүлөр, миграция жагында эксперттер, МКИБнын адистери жана эмгек мигранттарынын өзү миграциянын экономикалык тамыры, атап айтканда – иштин жоктугу жана эмгек акынын төмөндүгү орун алгандыгы жөнүндө пикирде турушат[31]. Аталган себептер каатчылык учурунда өзгөчө актуалдуу болуп калат. Мамлекеттик ишке орноштуруу кызматы ээлөөнү сунуш кылган бош орундар – бул алгылыктуулугу азыраак жумушчу адистиктер же эмгек акы деңгээли, ереже катары, минималдуу керектөө бюджетинин төмөн болгон коомдук иштер[32].

**Жалал-Абад облустук МКИБтун миграция боюнча адиси** өз алдынча анкета иштеп чыккан жана 2009-жылы жазында Россиядан кайтып келген 400дөн ашык жаранды облустун 12 районунун ар биринен 20дан адамды сурамжылаган. Алынган маалыматтардын негизинде отчет даярдалган, ага ылайык кайтып келген мигранттардын 70% эмгектенүү үчүн кайра Россияга кетүүнү каалагандыктарын билдирген. Миграциянын себебин кайтып келген мигранттар Кыргыз Республикасында иштин жоктугун, эмгек акынын төмөн деңгээлин, керектөө товарларынын кымбаттыгын жана Кыргыз Республикасынын жашоо шарты жана деңгээли боюнча артта калгандыгынан көрүшөт.

Долбоордун чегинде миграциянын себеби катары маселе мындан да кеңири коюлган – миграциянын жана аны түзүүчү факторлордун себептериндеги региондук айырмачылыктарды табуу маселеси коюлган.

[31]Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарынын кызматкерлери иштен бошоп кетишкен жана Россия Федерациясында квартиралардын ремонтунда жасалгалоочу болуп иштеген, Москвада коммерциялык банктардын региондук филиалдарынын биринин директору короо шыпыргыч болуп иштеп жатат.
[32]1 миңден 4 миң сомго чейин.

| Регион/ Область | Калкы, жалпы сандан % | Анын ичинен айыл жери, % | Айдоо аянты, миң га | Сугат аяннтта-ры, миң га | Айдоо жер, киши/со-тук[33]. | Сугат аянты, киши/со-тук |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Баткен | 8 | 81 | 50,4 | 23,4 | 14 | 6,8 |
| Жалал-Абад | 18 | 77 | 110,8 | 67,1 | 15,1 | 9,1 |
| Нарын | 5 | 82 | 89,5 | 85,6 | 41,1 | 39,3 |
| Ош | 24 | 77 | 120,8 | 62,9 | 12,3 | 6,4 |
| Чуй | 16 | 78 | 260,1 | 182,1 | 39,2 | 27,5 |

**Булак: УСК, жеке эсептер**

Түндүк (бул жерде Чүй жана Нарын облустары берилген) менен Түштүк (Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустары) ортосундагы айкын региондук айырмачылык болуп тышкы эмгек мигранттарынын салыштырмалуу (тийиштүү облустун калкынын жалпы санына карата) жана абсолютту саны саналат. Эл аралык мигранттардын Орто Азияга жана Түштүк Кавказга которгон акчалары боюнча Азия өнүктүрүү банкы демилгечи болгон изилдөөлөргө ылайык Кыргызстандын түштүгүнөн чыккандар түндүктөн чыккандарга караганда 5 эсе көп. Бул айырмачылык айылдык өндүрүшкө көз каранды болгон Кыргызстандын калкынын 65%ы айыл калкы болуп санала тургандыгы менен байланышкан. 2-таблицанын маалыматтарынан көрүнүп тургандай Ош, Баткен жана Жалал-Абад облустарында айдоо аянттарынын болгон санына негизделгенде бир айыл тургунуна туура келген жер Чүй жана Нарын облустарына караганда 3 эсе аз. Бул миграциялык агымдардын себептери менен өлчөмдөрүндөгү регион-дук айырмачылыктардын негизги фактору болуп саналат. Жумушсуздукка келсек, анда ал айыл жериндеги жер үлүштөрүнүн аз өлчөмүнө жана шаарлар менен шаарчалардын жана жери жок айыл тургундарынын акыбалынын фактору болуп саналат.

***Ош облус унун Өзгөн райондук МКИБ.***

*Райондун курамына 19 айылдык округ жана Өзгөн шаары кирет. Калкы – 222 миң киши. Өзгөн шаарында негизги иш – базарда соода кылуу. Өзгөн районунун айыл жеринде негизинен дыйканчылык. 11 айылдык округдун сугат жериндеги жер үлүшү бир адамга 5 сотуктан аз, ал эми кээ бир айылдарда сугат жерлери дегеле жок.*

***Жалал-Абад облусунун Сузак районундагы “Барпы” айылдык округу***

*Айылдык округдун калкы – 24 миң киши. Үй чарбаларынын орточо өлчөмү – 5 киши. Сугат жериндеги үлүштүн өлчөмү үй чарбасына 9 сотук. Мындай үлүштөн түшкөн киреше – 3 миң сом. 2009-жылы мектепти бүтүрүүчүлөрдүн 70%ы сырттан окуу бөлүмүнө контрактын*

*суммасынын жогорулугунан улам эмгектик мигранттарга айланды.*

***Чүй облусунун Ысык-Ата районундагы "Ысык-Ата" айылдык округу***

*Айылдык округдун калкы – 5022 киши. Үй чарбасына орточо 40 сотук айдоо жана 40 сотуктан чабынды, 15 кой-эчки жана 3 бодо мал туура келет. Соңку үч жылдын ичинде 300 үй-бүлө жер үлүштөрүн алышты. Мигранттар көп эмес, болжо менен 3-5%. Миграциялык маанай жок.*

***Чүй облусунун Панфилов районундагы "Орток" айылдык округу***

*Айылдык округдун калкы – 4362 киши. 2008-жылы 139 мигрант бар болчу, изилдөө учурунда – 109. Миграциялык маанай жок. Жаштар гана мектепти аяктагандан кийин миграцияга кызыгышат.*

***Нарын облусунун нарын районундагы Оттук айылы***

*Айылды 286 үй чарбасы, 1374 киши түзөт. Ал Бишкек-Нарын трассасынын жээгинде жайгашкан. 3 жыл мурда эмгектик миграцияга 6 киши кеткен. Бардыгында жер бар, ар бир кишиге 30-40 сотуктан туура келет.*

***Нарын облусунун Кочкор районундагы МКИБ***

*Райондун курамына 11 айылдык округ кирет. Калкы – 59 миң. 1325 киши. Негизинен Кочкор шаарчасынын тургундары жумушсуз деп эсептелет. Жер ар бир кишиге орточо 30-40 сотуктан туура келет. Бир үй-бүлөгө 10-15 кой туура келет. Расмий эмес баа берүүлөр боюнча ар бир айылдан эмгектик миграцияга 10-15 киши б.а. райондон болжол менен 450 киши кеткен. Миграциялык маанай жок.*

Жогоруда аталган облустардын текшерилген калктуу конуштарынын эксперттери менен жолугушуунун жүрүшүндө чогулган маалыматтарды талдоо менен миграциянын региондук обьективдүү себептерин чагылдырган төмөнкүдөй жалпы көрүнүш алынды:

- Түштүк, айыл – материалдык оор абал жана үй-бүлөлөрдүн салт боюнча чоңдугуна, жер үлүштөрүнүн аздыгына же үй чарбасынын мүчөсүнө эсеп кылганда эң төмөнкү киреше алууга алып келген жер үлүштөрүнүн жоктугуна байланыштуу жашоо турмуштун төмөнкү сапаты.
- Түштүк, чакан шаарлар – калктын көпчүлүк бөлүгүн туруктуу иш менен камсыз кылууга чакырылган шаар түзүүчү ишканалардын токтоп калгандыгына же ыргаксыз иштешине, жердин, малдын жана үй-бүлөнү камсыз кылуу үчүн киреше алып келүүчү башка активдердин кемчилдигинен улам туруктуу иштин жоктугуна байланыштуу материалдык өтө оор абал.

**Түштүк үчүн** эмгектик миграция кедейликтен чыгуунун, үй-бүлөлөрдүн материалдык абалын жакшыртуунун жана анын социалдык-экономикалык статусун чыңдоонун өзгөчө зарылчылыгы болуп саналат.

- Түндүк, айыл – менчигинде жери жана киреше алып келүүчү активдери бар салыштырмалуу бардар үй чарбаларынын мүчөлөрү, Россияда талап кылынган адистиги барлар миграцияда жүрөт.
- Түндүк, шаар – миграцияда квалифкациялуу адистер жүрөт, миграцияда аларга Кыргызстанга караганда

бир нече эсе көп төлөнөт, ал эми кызмат боюнча, өзгөчө Россиянын түпкүрүндө көтөрүлүү үчүн акча жана байланыштын кереги жок.

**Түндүк үчүн** эмгектик миграция жалпысынан материалдык абалды кыйла жакшыртуу, кесибин өркүндөтүү, мансап жагынан өсүү мүмкүнчүлүгү.

Андан тышкары, мигранттар жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү менен кеңири интервью миграциянын обьективдүү себептеринин алынган көрүнүшүнө кээ бир сүртүмдөрдү кошууга мүмкүнчүлүк берди:

- Мигранттары бар үй чарбаларынын жашоо сапатын жогорулатуунун фонунда миграциянын жарнамалык ролу.
- Күтүлгөн кирешени албай калуу тобокелинен жана "кызылдай" акчаны алуунун сезондуулугунан улам айыл чарба өндүрүшү менен иш жүргүзүүнү каалабагандык.
- "Көпчүлүктүн артынан ээрчүү эффектинин" пайда болушу.
- Айылдык мигранттар, өзгөчө, түштүктөн чыккандар үчүн Россиянын шаарларындагы жашоотурмуштун өзүнө тартышат.
- Бизнести өнүктүрүүгө, той өткөрүүгө, дарылануусуга ж.б. алган кредитти же карызды жабуу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу.
- Автомобиль сатып алып, үй куруп, бизнести баштап, үйлөнүү тойго акча иштеп табууга далалат ж.б.
- Миграциянын создугуп кетүү эффекти. Ар бир мигранттын Кыргыз Республикасынын кайтып келиши[34] алар миграцияда жүргөндө тескеп көнүп калгандай сандагы акчаны Мекенинде иштеп табуу мүмкүн эместигине ынанат. Бул чет өлкөдө кайра-кайра ишке орношуу мүмкүнчүлүгүн издөөгө аргасыз кылат.

Акырында сырттан окуунун наркынын төмөнкү чегин белгилөө жөнүндөгү Билим берүү министрлигинин буйругун аткаруу күтүүсүз натыйжа берди. Көз ачып жумганча жогорку окуу жайларда сырттан окуунун наркынын эселеп өсүп кетиши жана жер-жерлерде жогорку билим алуунун толук альтернативасынын жоктугу кечээки эле мектеп окуучуларынын көпчүлүгүн эмгек мигранттарына айлантты.

Өлкөнүн түштүгүндөгү дээрлик бардык эксперттердин сурамжылоо учурунда Россия Федерациясында иштеген мигрант туугандары бар болгондугун белгилей кетүү керек, ошондуктан алар миграция жөнүндө жана анын көп майда-барат себептери жөнүндө жакшы билишкен. Ошол эле учурда өлкөнүн түштүк бөлүгүндөгү бардык эксперттер миграция маселеси боюнча маалыматтарды башкалардан же жалпыга маалымдоо каражаттарынан уккан.

Кошумча катары жеке ишке орноштуруу агенттиктеринин маалыматтары боюнча айыл жеринен чыккан жаштар миграциянын себеби катары көп учурда төмөнкүлөрдү көрсөткөн:

- ата-энесинен өз алдынча болуу;
- өз алдынча үй-бүлө болуу жана ата-энесинен өзүнчө жашоо;
- дүйнө таануу;
- өзүнө баа берип сынап көрүү;
- айылдан кетүү;
- аялы менен балдарынан обочо эс алуу.

Каатчылыктын учурунда миграциялык маанайды токтоткон жана потенциалдуу мигранттардын кээ бир бөлүгүн кризистин аякташын күтүү режимине которуу боюнча айрым факторлор пайда болду:

- мобилдик байланыш аркылуу Россия Федерациясында иштеп жаткан мигранттардан ишке орноштуруу жагындагы жагдай жөнүндө маалымат алуу;
- мигранттардын кайтып келиши жана мыйзамдын күчөтүлгөндүгү жөнүндө алардын айткандары, эмгек акынын азайгандыгы, иш берүүчүлөр тараптан алдамчылык ж.б.;
- ЖМКдан глобалдык экономикалык каатчылык жөнүндө күндөлүк маалыматтар.

[34]Россиянын миграциялык мыйзамдарын аткаруу максатында же пландаштырылган өргүүсүнө байланыштуу аргасыз кайтып келүү

***Кубанычбек, 34 жашта, Ош облусунун Ноокат шаары***
*Владивостокко барып тааныш мигранттардын таасирине туш болдум. Бирок азыр эч өкүнбөйт, эки паспортум бар. Россия менен Кыргызстандагы жашоо шартын жана мүмкүнчүлүктү салыштырып болбойт.*

### *2.2.4. Мигранттардын маалымдар болушу*

Эмгектенүү максатында Россия Федерациясына кетүү жөнүндө чечим кабыл алгандан кийин Россияда болуунун эрежелери, эмгек жана жашоо шарттары, Россия Федерациясынын эрежелерин жана мыйзамдарын билбестен бузуп албаш үчүн эмгек мигранттарына жайылтылуучу мыйзамдарды мүмкүн болушунча көбүрөөк билүү керек экендигинде шек жок, антпесе, бардыгы өлкөдөн департациялоо жана бир нече жыл бою кирүүгө тыюу салуу менен аяктайт.

Кыргыз Республикасынын жаранынын– эмгек мигрантынын Россия Федерациясына кириши үчүн чет өлкөлүк паспорттун болушу гана жетиштүү экендиги бардыгына белгилүү. Бирок, кетип жаткан ар бир эле мигрант эркин ишке орношуу үчүн миграциялык картанын, каттоонун, иштөөгө уруксаттын, иш берүүчүлөр менен келишимдин ден соолугунун абалы жөнүндө маалымкаттын жана квалификациясын ырастаган документтердин болушу зарыл экендигин биле бербейт. Кыргыз Республикасынын кетип жаткан жарандарынын чет өлкөдө эмгектик иш кылуу үчүн зарыл болгон документтер жөнүндөгү маалымдарлык деңгээли төмөнкү факторлорго байланыштуу болот:

- регионго;
- мигранттын курагына;
- жоопкерчилик даражасына;
- орус тилин билишине.

**МИМК** өзүнүн облустук, шаардык жана райондук кызматтары аркылуу өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүнүн жана компетенциясынын чегинде кабыл алуучу өлкөнүн негизги талаптары жана эрежелери жөнүндө, ошондой эле мүмкүн болуучу тобокелдиктер жөнүндө потенциалдуу мигранттарга маалымат берет. Бул үчүн МКИБнун адистери төмөнкүдөй иштерди жүргүзөт:

- Россия Федерациясында эркин ишке орношуу үчүн зарыл болгон маалыматтар, ал ичинде документтер менен эмгек миграциясына арналган керегелери уюштурат. Мындай керегелерде кулчулуктун, адамдарды соодалоонун жана башка тобокелдиктердин алдын алуу боюнча материалдар болот. Өлкөнүн **түндүгүндө** мындай керегелер **түштүктөгү** керегелерге салыштырганда көбүнчө формалдуу мүнөздө болот, ал жерде алар кыйла мазмундуу.
- Россияда келип чыгышы мүмкүн болгон көйгөйлөр боюнча оозеки консультацияларды өткөрөт. МКИБнын кызматкерлери Кыргыз Республикасында эле паспорттун көчүрмөсүн алууну, авиа же темир жол билетин бара турган жеринде каттоо жүргүзүлмөйүнчө сактап коюуга кеңеш беришет.
- “Чоң” акчанын жолунда жолугуп калышы мүмкүн болгон коркунучтар жөнүндө маалымат жана эскертүү камтылган китепчелерди жана эскертмелерди таратышат, Эгерде ал китепчелер же эскертмелер жетишсиз болсо, андайлар түштүк регионунун кээ бир шаарларында, шаарчаларында жана айылдык округдарында байкалган, анда жеринде барып тааныштыруу үчүн ар дайым бир нече нусканы ала жүрүү керек.


- Паспортун же башка документин жоготкон учурда кайда кайрылуу керектигине (милицияга, Москва шаарында Кыргыз Республикасынын Элчилигине, Кыргыз Республикасынын Россия Федерациясындагы Консулдугуна) кеңеш берет.
- Экономикалык каатчылыктан улам миграциялык мыйзамдардын катуулагандыгына байланыштуу Россия Федерациясына баруудан азырынча токтоло турууну эскертет.

Өлкөнүн түштүгүндө, ошондой эле түндүгүндөгү айылдык округдардын кээ бир жайларында мигранттар үчүн маалымат такталары болот. Мындай такталардын болушу төмөнкү факторлорго байланыштуу экендиги белгиленген:

- райондук борбордон алыстыгына – борборго канчалык жакын болсо, такта ошончолук чоң жана мазмундуу болот, канчалык алыс болсо, керегенин болбой калуу ыктымалдыгы көбүрөөк болот;
- айылдык округда миграциянын таркоо даражасына;
- айылдык округдун конкреттүү кызматкерлерине (башчыга жана жооптуу катчыга).

МКИБ кызматтарынан жана жергиликтүү өз алдынча башкаруудан тышкары мигранттарды маалымдоо жагында кыргызстандык мигранттарды Россия Федерациясында эмгек табууга жөнөтүп жаткан жеке ишке орноштуруу агенттиктери иш жүргүзөт. Бул агенттиктердин курамында юристтер болот, алар Россия Федерациясынын миграциялык мыйзамдарынын маселелери боюнча консультацияларды берет. Мындай кызмат көрсөтүүлөр жогорку сапатта берилет, анткени, агенттиктердин өздөрү алар жөнөткөн мигранттар кабыл алуучу өлкөнүн мыйзамдары менен балээге туш болбошуна кызыкдар. Жеке ишке орноштуруу агенттиктери кетип жаткандарды медициналык кароодон өткөрүүгө көбүрөөк көңүл бурушат. Россия Федерациясында медициналык комиссия тарабынан жаман көрсөткүчтөр табылып жана мигранттарды обьекттерге киргизбей коюу учурлары болгон. Мындай учурда мигранттар кайра кайтып келүүгө аргасыз болушат.

### *1-сүрөт. Потенциалдуу мигранттардын иш издөө ыкмалары*




Ошондуктан жеке агенттиктердин кызматкерлери потенциалдуу мигранттардын миграцияга кеткенге чейин Кыргызстандан эле медициналык кароодон өтүшүн абдан суранышат.

Нарын жана Ош облустарында өкмөттүк эмес уюмдар мыйзамдуу миграцияга караганда көбүнчө кул сатуу жана тобокелдикке туш болуучу маселелер жагында иштешет.

Жүргүзүлгөн изилдөөгө ылайык Россия Федерациясына кетүүдөн мурда МКИБ же жашаган жери боюнча айылдык округга келген эмгек мигранттарынын үлүшү анча көп эмес, ал эми жеке ишке орноштуруу агенттиктеринин кызматынан пайдаланган мигранттардын үлүшү өтө аз. Ошондуктан мигранттарга түздөн-түз тиешеси бар Россия Федерациясынын мыйзамдары жөнүндө билимди алардын көбү жеке тажрыйбасынан алат, бирок алар бардык учурда эле жакшы боло бербейт.

### 2.2.5. Ишке орношуу

Каатчылыкка чейин Россия Федерациясында мигранттарды мыйзамдуу ишке орноштуруу жагында негизинен Кыргыз Республикасынын жеке ишке орноштуруу агенттиктер жана Россия Федерациясында иштеп калган мигранттардын өздөрү иш жүргүзгөн. Каатчылык келгенде кыргызстандык эмгек мигранттарын ишке орноштуруу боюнча МКБ жана жеке ишке орноштуруу агенттиктери россиялык иш берүүчүлөрдөн арыз жок болгондуктан иштерин токтотушкан.

МКБ жана жеке ишке орноштуруу агенттиктери аркылуу ишке орношуу

Каатчылыкка чейин МИМКнын МКБ Россия Федерациясынын иш берүүчүлөрү жана кадр агенттиктери, ошондой эле жергиликтүү жеке ишке орноштуруу агенттиктери менен өнөктөштүк мамиледе болушкан. МКБнын жетекчилеринин маалыматы боюнча бул мезгилдин ичинде 5 миң киши ишке орноштурулган. Чет өлкөдө иштөөнү каалаган жарандар бир нече эсе көп болгон.

МКБ аркылуу Россия Федерациясынан легалдуу иш алуу тартиби төмөнкүдөй:

1. Россиялык иш берүүчүлөрдөн арыздар МКБга келип түшөт.
2. МКБдагы арыздар республиканын облустук, райондук жана шаардык МКИБларына бөлүштүрүлөт.
3. Бардык деңгээлдеги МКИБнын жайларында бош орундар жөнүндө кулактандыруулар илинип, маалымат бардык айылдык округдарына жеткирилет.
4. Облустук, райондук жана шаардык МКИБларда кайрылуулар жана арызда көрсөтүлгөн кесип боюнча иштөөнү каалагандардын анкеталары боюнча маалыматтар базасы жүргүзүлөт.
5. Арыз бергендер боюнча маалыматтар базасы МКБларга берилет.
6. МКБ талапкерлердин арасынан жарыя кылынган бош орундарга кыйла ылайыктууларды тандайт жана анкетаны иш берүүчүлөргө жөнөтөт.
7. Иш берүүчү өз кезегинде акыркы тандоону жүргүзөт жана МКБга энчилүү чакыруу жиберет.
8. МКБ облустук, райондук жана шаардык МКИБларды алынган чакыруулар жөнүндө маалымдайт.
9. Облустук, райондук жана шаардык МКИБлар чакыруу алынгандыгы жөнүндө потенциалдуу мигранттарга кабарлайт.
10. Мигранттар Бишкекке келишет, ал жерден Россия Федерациясына жөнөтүлөт.

Чукоткадан келген турак жай-коммуналдык чарба обьекттеринин кызматкерлерине акыркы арыз[35] потенциалдуу мигранттар үчүн ылайыксыз болуп чыкты. Жабык аймактык округ, чек ара району, татаал климат, анын үстүнө шартка такыр ылайык келбеген төмөнкү эмгек акы.

Маалымат жана кадрларды тандоо үчүн МКБ иш берүүчүлөрдөн, ошондой эле эмгек мигранттарынан алган эмес. Келечекте башка статуска катталууга жана чет өлкөдө ишке орноштуруу боюнча арачылык кызмат үчүн адегенде иш берүүчүлөрдөн аны алууга ниеттенип жатышат. Азыркы учурда Россия Федерациясынан бош орундар жок.

[35] 2008-жылдын аягы.

***МКИБ Ош ш.***

*Калктын көзүнчө МКИБнын статусу жана кадыр-баркы өстү: элдер ишенип эми МКИБга кайрыла башташты, дал ушул жерден финансылык каатчылык келип жана МКБ аркылуу Россия Федерациясында мыйзамдуу ишке орношуу программалары токтоп калды.*

***Нарын облусунун Кочкор райондук МКИБ***

*Россияда иштеп жаткан бардык Кочкор районунун тургундары жумушту өздөрүнүн каналдары боюнча табышты. МКИБго бирден-бир кишилер гана кайрылды. МКБ аркылуу район боюнча 2008-жылы Москванын алдындагы заводго 7 киши жөнөтүлдү. 2009-жылдын башынан тартып МКБдан арыз түшкөн жок, бирок, элдер Россиядагы иш туурасында билиш үчүн кайрылып жатышат.*

**Жеке ишке орноштуруу агенттиктери аркылуу ишке орношуу**

МИМКтин МКБлары менен катар эле Кыргыз Республикасынын жарандарынын чет өлкөдө ишке орноштуруу жагында жеке фирмалар иштешет, алар МИМКтен андай иш жүргүзүүгө уруксат алышат. Келечекте чет өлкөгө мыйзамдуу ишке орноштуруу арачылары катары жеке ишке орноштуруу агенттиктерди күчөтүү күтүлүп жаткандыгы туура.

Жеке ишке орноштуруу агенттиктер аркылуу ишке орноштуруунун болжолдуу схемасы мындай:

1. Россиялык иш берүүчүлөрдөн сунуш жана арыз издөө жана алуу.
2. Кыргыз Республикасынын жарандарынан арыздарды чогултуу жана потенциалдуу эмгек мигранттары боюнча маалыматтарды топтоо, бул үчүн мигранттан жаңы үлгүдөгү паспорту, билими жөнүндө документи, ден соолугу жөнүндө маалымкат, жеке ишке орноштуруу агенттик менен келишим жана жеке ишке орноштуруу агенттиктин кызматына акы төлөө талап кылынат.
3. Иш берүүчүлөрдүн өкүлдөрү бул жакка келишип, аңгемелешүү учурунда ишке талапкерлерди өздөрү тандап алышат.
4. Келишимге кол коюлат.
5. Жол киреси төлөнөт.

Эмгек мигранттарына суроо-талап болуп турганда документтерди даярдоонун жана адамдарды жөнөтүүнүн ылдамдыгы МИМКтин МКБна караганда жогору эле, бул каражат табуу үчүн кетүүнү каалагандарды өзүнө тартып туруучу.

***Кыргыз Республикасынын айрым жеке ишке орноштуруу агенттиктеринин жетекчилеринин Россияда ишке орноштуруу тажрыйбасы тууралу***

***First Class компаниясы, Бишкек ш.***

*2007-2008-жылдардын ичинде Якутияда курулуш иштерине 500 кишини ишке орноштурган. Азыр маалыматтар базасында дагы 500 киши турат, алар кызмат көрсөтүүлөр үчүн акы төлөгөн жана ишке орноштурууну күтүп жатышат.*

***ЦеОНИС Токмок ш.***

*2007-2008-жылдардын ичинде Россияда 300гө жакын кишини ишке орноштурду, кызматкерлердин берген баасы боюнча алар кайрылгандардын 5-7%ын түзөт. Кайрылгандардын көпчүлүгү ЦеОНИСтин кызматкерлеринин көрсөткөн төмөнкүдөй себептер боюнча ишке орноштурулган эмес:*

- *алар өз алдынча ишке орношууга кетишкен, анткени, ЦеОНИС сунуш кылган шарттар кетип жаткандар үчүн анча пайдалуу болгон эмес[36];*
- *Россия Федерациясына кетүүдөн айныган, Кыргызстанда эле калып иштөөнү чечишкен;*
- *иш берүүчүлөр аралыктан сунуш кылынган кээ бир мигранттарды ишке алуудан баш тартышкан.*

***ЦеОНИС Ош ш.***

*Бул Токмок шаарындагы ЦеОНИСтин өлкөнүн түштүгүндөгү өкүлчүлүгү болуп саналат. 2007-2008-жылдардын ичинде Россияга 200 кишини ишке орноштурган. Бүгүнкү күндө потенциалдуу мигранттардан көп сандаган кайрылуулар бар.*

Жеке ишке орноштуруу агенттиктердин кызматкерлери өз алдынча кетип жаткан мигранттар агенттик аркылуу уюшкан топторго караганда кыйла жоопкерчиликтүү экендигин белгилешкен. Өз алдынча кеткен мигранттар, эреже катары кыйла билимдүү, орус тилин эркин билет, алдын ала аларды эмне күтүп жаткандыгы жөнүндө маалыматтарды чогултат жана түшүнүгү бар. Уюшкан топтор менен кетип жаткандар көп нерселерди күтүшөт, өздөрүнө алган милдеттенмелерди аткарууга даяр болбосо да көп нерселерди талап кылышат. Келишимге кол коюуга мындай мигранттар жөн эле куру нерсе катары формалдуу мамиле кылышат. Мисалы, Токмоктогу ЦеОНИСтин тажрыйбасы Россияга курулушка кетишкен кыргыз курулушчуларынын тобу чогуусу менен жумуш ордун таштап кете беришкендигин айтып турат.

Жеке ишке орноштуруучу агенттик аркылуу жөнөтүлгөн мигранттардын саны чектелүү болгондуктан, агенттиктин кызматкерлери алар Россия Федерациясына жумушка жөнөтүлгөндөн кийин да россиялык иш берүүчүлөр же мигранттардын үй-бүлөсү аркылуу аларды көз кырында кармап тургандыгын белгилей кетүү керек. Кыргыз Республикасына мигранттар кайтып келгенден кийин да жеке ишке орноштуруу агенттиктиги менен мигранттардын ортосунда мамилелер сакталып калат. Иш оңдой берген учурда мигранттар Россия Федерациясына кайра жөнөтүү өтүнүчү менен кайрылып же чет өлкөдө мыйзамдуу ишке орноштуруу үчүн өз тааныштарын да алып келишет.

**Достор, жердештер жана туугандар аркылуу ишке орношуу**

Айылдык округдар жарандарды чет өлкөгө ишке орноштууруу жагында

[36]Кайрылгандардын жалпы санынын 5-7%нын жөнөтүлгөнү ЦеОНИСтин кызматкерлери потенциалдуу мигранттар менен аңгемелешүү өткөрүүдө Россияда иштөө оор болот, россиялык иш берүүчүлөр ушундай шартта иштей турган россиялыкты таппай жатышат, ошондуктан мигранттарды чакырып, аларды мыйзамдуу жумушка орноштуруп жатышат деп түшүндүрүшкөн. Бул мигранттарда куру кыял жана өтө эле жакшы нерселерди күтүү керек эместиги, кийин арачыларга доомат койбошу үчүн ЦеОНИСтин кызматкерлери иштөөгө жөнөтүлүп жаткандар иш берүүчүнүн контрагында 8 сааттык жумушчу күнү көрсөтүлсө да күнүнө 12-14 саат иштей тургандыгын ачык айтышкан.

түздөн-түз иш жүргүзбөйт. Бирок, мигранттын жашаган жери жана социалдык чөйрөсү Россия Федерациясында иштөө үчүн далалаттын пайда болушу жана кийин аларды ишке орноштурууда маанилүү ролго ээ. Бизге билдиришкендей, Россияга алгачкылардан болуп барган айылдын тургундары өздөрүнүн жердештерин ишке орноштурууга жигердүү катышып жатат. Ошондуктан, ар бир айылдык округу түштүктө өз мигранттарынын ишке орношкон географиясы жөнүндө так маалыматтарды билишет, анткени, алар негизине бир жерде чогуу туруу менен өз-ара жардамдашуу боюнча камсыздандыруу звенолорун түзүшөт.

***Улан, 28 жашта, мигрант, Москва ш..***
*Москвада иштеп жаткан бардык жердеш мигранттар Ош облусунун Кара-Кулжа районунун айылдарынан чыккандар айылдын фондун түзүштү, ага ар бир эркек адам жарым жылда бир жолу 500 рубль салат. Фонддун акчасы анын мүчөлөрү тарабынан зарыл болгон учурда пайызсыз кредит катары пайдаланылат. Анын жардамы менен кээ бир маселелер чечилип жатат.*

Мисалы, бизге белгилүү болуп калгандай Чоң-Алай районунан келген мигранттар Якутияны, Сузак районунан келгендер Красноярск, Новосибирск, Өзгөн районунан чыккандар Екатеринбург жана Иркутскини өздөштүргөн. Жалал-Абаддык мигранттар Сахалинде жана Татарстанда иштешет. Ал эми түштүк регионунун тургундары негизинен Москвага умтулушат.

***Гүлнара, 23 жаша, мигрант, Москва ш.***
*Азыр жердештердин ичинен белгилүү акы үчүн легалдуу ишке орноштурууну сунуш кылган арачылар пайда болду. Аялдар үчүн – бул негизинен клининг жагындагы иш. Андан тышкары ошол эле жердештер мекенине кетип жатып өздөрүнүн жумуш орундарын иш берүүчүгө мени жакшы "таанышым" деп сунуш кылуу менен "сатып" кетишет. Адегенде ишке орноштуруунун баасы биринчи эмгек акынын жарымы болчу, экинчи жолкуда 2 миң рублден 3 миң рублге чейин болот.*

Мигранттардын көз карашынан алганда жердештер жана туугандар тарабынан ишке орноштуруу ыкмасы кыйла натыйжалуу жана кеңири таркаган, алар ар кандай баада, ошентип, ал бардык мигранттардын 50дөн 70%на чейинкисине жагат.

**Ишке орношуунун негизги секторлору**

Кыргыз Республикасынан чыккан эмгек мигранттары негизинен соодага, кызмат көрсөтүү чөйрөсүнө жана курулушка топтолгон:

- Соодада Кыргыз Республикасынын жарандарынын көпчүлүгү дүң базарларда олтурушат. Екатеринбургда гана "Таганские ряды" базарында расмий эмес маалыматтар боюнча 5 минден ашык кыргызстандыктар иштешет. Москвада кыргыз мигранттары курулуш материалдар базарларында көп.

- Кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө аялдардын эмгеги клининг[37] компанияларында көп талап кылынат, ошондой эле аялдар үй тазалагыч жана коомдук тамактануу ишканаларында идиш жуугуч болуп иштешет. Эркектер Россия Федерациясынын ири шаарларындагы ТКЧларда жана ири базарларда жана соода борборлорунда жүк ташыгыч болуп иштешет.
- Курулушта квалификациялуу, ошондой эле квалификациясы жок жумушчулар талап кылынат.

Россиянын агрардык сектору кыргызстандык дыйкандар үчүн кызык эмес.

## 2.3. Миграцияны пайда кылган көйгөйлөр

### *2.3.1. Көйгөйлөр жана мигранттардын стратегиясы*

Кыргыз жарандарынын экономикалык жана социалдык милдеттерди чечүү пландарында миграциялык процесстердин ачык эле артыкчылыгынан тышкары миграция мигранттардын өздөрү үчүн бир катар көйгөйлөр менен шартталган, алар кризис башталганга чейин эле пайда боло баштаган.

*Оор эмгек*

Мигранттар эмгек акы деңгээлинин төмөндүгүнөн, оор жана зыяндуу эмгек шартынан, социалдык пакеттин жоктугунан жана тийиштүү эмес эмгек шартынан улам россиялык жарандар иштебей турган орундарды ээлешет.

*Ашыкча салык төлөө*

Кыргыз Республикасынын МИМКтин Россия Федерациясындагы өкүлчүлүгүнүн маалыматтары боюнча 2007-жылы мыйзамдуу мигранттардын киреше салыгын ашыкча төлөшү 600 млн. рублди түзгөн. Мигранттардын ашыкча салык төлөө түрүндө мыйзамдуу каражаттарынын албай калышынын себептери төмөнкүдөй:

- Мигрант, өзгөчө, курулуштагы эркектер – убактылуу кызматкер, ал иштен бошоп 6-9 айдан кийин үйүнө кетет, ашыкча төлөнгөн каражат Россия Федерациясынын бюджетинде же иш берүүчүдө калат.
- Иш берүүчүлөрдүн 5-10%ы гана бюджетке мигранттарга ашыкча төлөнгөн киреше салыгынын суммасынын кайтаруу үчүн кайрылат.
- Кайтарылган сумманы алган иш берүүчүлөрдүн ичинен көпчүлүгү мигранттардын өздөрүн акча каражаттарын төлөп бербейт.

*Квалификациясы төмөн жаштар*

2. 2006-жылдан тартып Кыргыз Республикасы 18 жашка жетелек жаш мигранттардын негизинен Москвага негизсиз агымынын булагы болуп калды. Түштүк региондордун айылдык жаштары мектепти бүтөөрү менен эле Россияга жөнөйт.

***Кыргызстандык врачтардын Россия Федерациясындагы ассоциациясынын өкүлү***

*Каатчылыкка чейин жаштар, анын ичинде 16 жашка чейинки, орус тилин билбеген, кесиби жок, ири шаарларда жүрүүнүн социалдык тажрыйбасын билбеген жаштар өз алдынча топтор менен келе баштаган. Өспүрүмдөр ар кандай акы үчүн башка бирөөлөрдүн документи менен 14 саат иштеп, жер төлөлөрдө антисанитариялык шарттарда жашашат.*

[37] Ар кандай жайларды жана офистерди (банктарды, ири соода борборлорун, аэропортторду, вокзалдарды ж.б.) тазалоого адистешкен жеке компаниялар.

*Социалдык көйгөйлөр*

Миграция чечүүнү талап кылган бир катар социалдык курч көйгөйлөрдү жаратты.

*Саламаттыкты сактоо кызматтарына жеткиликтүүлүктүн чектелгендиги* эмгек мигранттары үчүн олуттуу көйгөй болуп саналат, алар да бардык адамдардай эле ооруйт жана мертинет. Россия Федерациясында чет өлкөлүк болгон мигранттар аймактык мамлекеттик медициналык мекемелердин акысыз кызмат көрсөтүүсүнөн пайдалана алышпайт, ошондой эле аларда жеке клиникаларга кайрылуу үчүн каражат жок. Мунун натыйжасында көптөгөн мигранттардын ден соолугунун абалы Россия Федерациясында иштеген учурда начарлап, ишенимдүү жана өз убагында дарыланбай калган дарттар өнөкөт мүнөзгө айланып кетет.

Москванын төрөт үйлөрүндө мигрант - Кыргыз Республикасынын жарандарынын ымыркай балдарынан баш тартуу фактылары жөнүндөгү маалымат Кыргыз Республикасында коомдук курч пикир жаратты[38]. Таштанды балдар – бул кыргыздардын менталитетине таптакыр карамакаршы келген көрүнүш.

***Кыргызстандык врачтардын Россия Федерациясындагы ассоциациясынын өкүлү***

*Балдардан баш тартуунун себептери:*

- *Үйүндөгүлөрдүн айыптоосунан коркуу;*
- *Бала үчүн жоопкерчилик тартууга даяр эмес*
- *Мигранттар үчүн Москвада акысыз медициналык жардамдын жоктугу*
- *Россияда акча иштеп табууну улантууну каалагандык*
- *Жалгыз бой эне болуп жана баласын атасыз тарбиялоону каалабагандыгы*

Россия Федерациясында төрөгөн Кыргызстандык жаран аялдар үчүн бул жасалма проблема болгон, алар чиновниктердин шалаакылыгынан улам Кыргыз Республикасынын консулдуктарындагы бланктын жоктугунан балдарына төрөлгөндүгү жөнүндө күбөлүктөрдү өз убагында ала алышкан эмес. Аялдарга узак убакыт бою төрөлгөндүгү жөнүндө маалымкат гана беришкен, аны Кыргызстандын аймагында көрсөтүү метрика алууда көп проблемаларды жараткан. Азыр бул маселе чечилди.

Бөөдө кырсыктардан эмгек мигранттарын камсыздандыруу чечилбеген көйгөй боюнча калып жатат. Россия Федерациясынын мамлекеттик органдары бул багытта кызматташууга даяр. Мисалы, Росгосстрах ар бир камсыздандырылган адамдан айына 500 рублден камсыздандыруу төлөмдөрүнүн шартында жана 2,5 миң камсыздандырылган мигранттар болгон шартта майда-барат мертинүүлөрдөн тартып “200-жүктү” жөнөтүүгө чейин камсыздандырууга даярдыгын билдиришти.

Эмгек мигранттарын пенсия менен камсыз кылуу. Мигранттардын Россия Федерациясынын жарандыгын алуу жагындагы себептеринин бири Россиянын пенсиясын Кыргыз Республикасынын ай-

[38]Төрөт үйлөрүнөн наристелер үйлөрүнө которулган азия кебетесиндеги балдарды асырап алуу үчүн кезекте турган москвалыктар жактыра бербейт. Россия Федерациясындагы таштанды балдарды асырап алууну каалаган көп адамдар Кыргыз Республикасынын  жарандары, бирок колдонуудагы мыйзамга ылайык ал мүмкүн эмес. Мурдагы кыргызстандыктар, балдарды асырап алууга даяр турган азыркы  Россия Федерациясынын жарандары белгиленген талаптарга жооп бериши, көп сандаган маалымкаттарды чогултушу, эң негизгиси, үй-бүлө мүчөсүнө кеминде 12 чарчы метрлик турак жай аянты жана тийиштүү кирешеси бар экендигин далилдеши керек, бул өтө алгыс тоскоолдук болуп саналат. Андан тышкары Россия Федерациясы менен Кыргыз Республикасынын ортосунда Кыргыз Республикасынын жарандары тарабынан Россия Федерациясынын жаран-балдарын асырап алуу жөнүндө макулдашуу жок..

магында алууну каалоо болуп санала тургандыгы жашыруун эмес. Бирок, Россия Федерациясынын жарандыгын албаган мигранттардын кыйла саны үчүн социалдык камсыздандыруу маселеси ушул кезге чейин чечилбеген бойдон калып жатат. Россияда мыйзамдуу иштеген жылдары Кыргыз Республикасында пенсияны дайындоодо эмгек стажысына кошулбайт.

Ксенофобиянын пайда болушу коомдук курч пикирди жаратып жатат. 2007-2008-жылдардын мезгилинде скинхеддердин колунан ондогон эмгек мигранттары, анын ичинде кыргызстандыктар каза тапткан[39].

Эмгек мигранттары тараптан укук бузуулар Кыргыз Республикасынын жаранынын имиджин бузуп, жергиликтүү калктын келгин мигранттарга карата чыдамсыздыгын жаратып жатат. Кыргыз Республикасынын МИМКнын Россия Федерациясындагы өкүлчүлүгүнүн маалыматы боюнча эмгек мигранттарынын үлүшүнө Россия Федерациясынын аймагында жасалган кылмыштардын жалпы санынын болгону 3,8%ы туура келгендигине карабастан, алардын ичинен 0,3%ы Кыргыз Республикасынын жарандарына туура келет. Россиянын жалпыга маалымдоо каражаттары мигранттар тарабынан укук бузуулардын ар бир учуруна коомдун кеңири пикирин пайда кылып жатат.

Россиянын коомдук уюмдарынын өкүлдөрүнүн айткандары боюнча каатчылыкка чейин мигранттардын ФМКнын жана ИИМдин КККнын кызматкерлеринин адамдын ар-намысын басмырлоого жана акча талап кылууга байланышкан аракеттерине даттануулар болуп турчу.

Каатчылык бир катар жаңы көйгөйлөрдү жаратты, алардын катарына мыйзамдын катуулашы, квоталардын кыскарышы, иш-каналар менен уюмдардан иштен бошотуулар кирет, ал легалдуу миграциянын кыскарышына, мигранттардын кирешесинин азайышына алып келди. Мигранттарга эмгек акыларын такай төлөп бербей коюу олуттуу маселеге айланды.

Базарларда иштеген эмгек мигранттарынын кирешесинин кыскарышы. Эмгек мигранттарынын эмгек акысы орточо 30-40%га кыскарды.

***«Уральский дом» жеке ишке орноштуруу агенттиги, Свердлов облусу***

*Екатеринбургда жүк ташуучулар 2008-жылы жайында 15 миң рубль, 2009-жылы 7-8 миң рубль алышкан. 2008-жылы асфальт төшөгүчтөр айына 47 миң алса, 2009-жылы – 30 миң рубль алышкан.*

*Кыргыз Республикасынан кийим тигүү өнөр жайынын продукцияларын берүү 30-40%га кыскарды, ал орточо кирешеси бар россиялыктарга арналган болучу. Текстиль сатуу жагында иштеген мигранттар соода чөйрөсүнөн кызмат көрсөтүү чөйрөсүнө өтүп кетишти.*

Киреше эмгек акы өзгөрбөгөн шартта да кыскарып жатат.

[39]Кыргыз Республикасынын Россия Федерациясындагы Элчилиги бул багытта ырааттуу жана ийгиликтүү иш жүргүзүп, скинхеддердин уюмдары менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп жатат.

***Кыргыз диаспорасынын өкүлү,.Екатеринбург ш.***
*Эмгек акы өзгөргөн жок, бирок тамак-аш азыктарына, ижарага, транспортко баалар кымбаттады, негизинен жашоо кыйын болуп калды, муну менен бир учурда эле иштеп жаткандарга да жүк көбөйдү:*
- *клининг компанияларында жана ТКЧда короо шыпыргычтардын тазалоочу аянттары көбөйдү;*
- *жумуш күнүнүн узактыгы 1-2 саатка узарды;*
- *дем алыштардын саны кыскарды.*

Мигранттарга эмгек акы төлөбөй коюу. Россия Федерациясындагы МИМКтын өкүлчүлүгүнө, Кыргыз Республикасынын Россия Федерациясындагы Элчилигине Россиянын коомдук уюмдарына эмгек мигранттарынын көпчүлүк кайрылуусунун себеби - эмгек акыны төлөбөй коюу. Кыргыз Республикасынын Россия Федерациясындагы Элчиси 16 кыргызстандыкка иштеп тапкан акчасын төлөбөй коюу маселесин чечүү боюнча Саха Республикасынын губернаторуна бир нече жолу кайрылган.

Россия Федерациясынын саламаттыкты сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлигине , караштуу эмгек инспекциясы, Россия Федерациясындагы МИМКнын өкүлчүлүгү төлөнбөй калган учурда жардам берип жана эмгек келишими болгон учурда гана укук коргоо органдарына кайрылып жатат. Мигранттарга төлөбөй коюулардын көпчүлүгү курулушка топтолгон жана ал каатчылык менен шартталган. Бирок, каатчылыкка шылтоо кылуу менен көп иш берүүчүлөр уюштуруучулук татаал системаны (подрядчылар, субподрядчылар жана субсубподрядчылар) атайын колдонуп жатышат. Ошондуктан, соттордо төлөбөй коюу маселесин чечүүгө аракет кылууда ишти утуп чыгуу кыйын.

Төлөбөй коюудан негизинен мыйзамсыз мигранттар жапа чегүүдө, анткени, аларда эмгек келишими жок. Эгерде келишим жок болсо МИМКнын өкүлчүлүгү жана Россиянын коомдук уюмдары[41] кайсы бир илинчектер (өткөрмөлөр, сүрөттөр, ведомосттордун көчүрмөлөрү) менен иш берүүчүлөргө кысым жасоого аракет кылышат. Иштелип табылган акчаны кайтарып алуу – 10%ды түзөт.

***«Фонд Таджикистан» коомдук уюму, Москва ш.***
*Көп учурда адамдардын өздөрү күнөөлүү, алар сабатсыз, орус тилин билишпейт, окубай туруп каалаган документке кол коюп бере берет. Кээ бир иш берүүчүлөр ишке кабыл алууда дароо эле бошонуу жөнүндө арызга кол койдуруп алат, мына ушунун өзү эмгек акысын төлөбөй жана обьектиге киргизбей коюу үчүн негиз болот.*

*Кайра кайтып келген мигрантты, Россия Федерациясынын жаранын ишке орноштуруу жол-жобосундагы татаалдыктар.*

ИИМдин ПВКБ кызматкерлеринин айткандары боюнча Кыргыз Республикасында кабыл алынгандай тааныштары аркылуу кайтып келген мигранттар жу-

[40]ФМК жана Россия Федерациясынын ишке орноштуруу Департаменти төлөбөй коюуларга кийлигишпейт.

[41]Москвадагы «Фонд Таджикистан» коомдук уюму

муш табышат. Бирок, ишке орношууда көп кыйынчылыктар келип чыгат. Анткени, биринчи кезекте, Россия Федерациясынын жарандыгын алышкан кыргызстандык эмгек мигранттары Кыргыз Республикасына кайтып келгенде жана ал жерде 90 күндөн ашык болгондо чет өлкөлүк катары ИИМдин ПВКБда каттоого турушу керек. Экинчи кезекте, ишке орношуу үчүн МИМКдан иштөөгө уруксат алуу зарыл. Алар иш берүүчү 4 миң сом[42] өлчөмүндө кеп илдик взносун төлөгөн жана фирманын документтеринин, анын ичинде уюштуруу документтеринин тизмесин берген шартта гана уруксат беришет. Ошондуктан көпчүлүк иш берүүчүлөргө Россия Федерациясынын жарандыгы менен кайтып келген мигранттарды ишке орноштуруудан баш тарткан жакшы. Бул бейформал ишке орношуунун өсүшүнө көмөк көрсөтүүдө.

ИИМдин Ош облусу боюнча ПВКБга Россия Федерациясынын жарандыгынан баш тартуу жана Кыргыз Республикасынын жарандыгына кайтып келүү боюнча эки оозеки кайрылуу болгон. Россия Федерациясынын жарандыгынан бошотуу үчүн Россия Федерациясынын башкы консулдугу 250 миң рубль өлчөмүндө мамлекеттик алым чогултуп жаткандыгы жөнүндө текшерилбеген маалымат таркаган, бирок ал кийин ырасталган жок.

Мындай мигранттар консулдук кызмат көрсөтүүнүн сапаты жакшырбаса да, ал үчүн баа кымбаттап кеткендигине даттанышкан. Кыргызстандык мигранттар өз жарандарын тейлөө үчүн иштеп жаткан мамлекеттик уюмдар мигранттардын кирешеси төмөндөп жаткан каатчылыктын шартында стандарттык консулдук кызматтарды аткарууда өз кызмат көрсөтүүлөрүн баасын жогорулатып жаткандыгын эч түшүнө алышпайт.


3. Ишке орношууда медициналык кароо үчүн нарктын жогорулагандыгына да даттануулар бар.

**Каатчылыкка чейин мигранттардын тобокелдиктери**

Тобокелдиктерди талдоо үчүн Россияда иштей баштаган учурда мигранттар туш боло турган кырдаалга токтоло кетели.

Бир калбай бардык эмгек мигранттары кабыл алган өлкөдө мыйзамдуу жүрүүнү каалашат, бул аларга кадимкидей эмгек шартын, социалдык пакетти жана укуктук жактан корголууну камсыз кылат. Бирок иш жүзүндө төмөнкүдөй кырдаал келип чыгат.

*2-сүрөт. Уруксат кылуу документтери боюнча мигранттарды классификациялоо*




[42]Кыргыз Республикасынын аймагында чет өлкөлүк жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын эмгектик иш жүргүзүшүнүн тартиби жөнүндө Жобо. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 8-сентябрындагы №639 Кыргыз Республикасынын аймагында чет өлкөлүк жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын эмгек ишмердигин жүзөгө ашыруу тартиби жөнүндө жобону жана Кыргыз Республикасынын жарандарын четөлкөлөрдө жумушка орноштуруу боюнча иштерди жүзөгө ашыруу тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтому. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 31-октябрындагы №754 токтому.

***КР МИМКнын Россия Федерациясындагы өкүлчүлүгү, Москва ш.***
*Москва облусунда 1 млн. мигрант бар, анын ичинен 300 миңинин иштөөгө расмий уруксаты бар, 100 миң мигрант жөнүндө гана расмий кызматтарга кабар кылынган.*

Миграциянын өнүгүшү Кыргызстандын, ошондой эле Россиянын аймагында ар түрдүү акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдүн пайда болушуна алып келди, алардын бир бөлүгү мыйзамсыз мүнөздө. Эмгек мигранттары үчүн арачы уюмдардын же көз карандысыз арачылардын натыйжалары зор мааниге ээ, алар миграциялык каттоого коюу жана иштөөгө уруксат алуу жагында иш жүргүзүшөт. Кайтып келген эмгек мигранттарын, ошондой эле Москва жана Екатеринбург шаарларында иштеп жаткандарды сурамжылоо мигранттардын басымдуу бөлүгү арачылардын кызматынан пайдалана тургандыктарын көрсөттү. Мында жердештеринин тажрыйбасынан улам мигранттар документтер жасалма болуп калышы мүмкүн деген тобокелдикти түшүнүшөт.

***Кыргыз Республикасынын Консулдугу, Москва ш.***
*Мигранттарда документтерди толтуруу жагында кыйынчылыктар бар, анткени, алар өздөрү толтурууну каалашпайт да арачылардан акчага сатып алганды артык көрүшөт. Кыязы алар убакытты үнөмдөп, тез арада жумушка кирип кетүүнү каалашат. Эгерде документтер жасалма болуп чыкса, Элчилик эч нерсе менен жардам бере албайт.*

Эмгек мигранттарынын уруксат кылуу документтерин алуу маселесин иликтөөнүн жүрүшүндө мүмкүнчүлүктөрдүн төмөнкүдөй классификациясы түзүлдү. Сүрөттөгү мүмкүнчүлүктөрдүн түстөрү төмөнкүлөрдү билдирет:

- жашыл – мыйзамдуу документ. Бул жерде мигранттын ФМК кызматына түздөн-түз кайрылуусу талап кылынат, ал формализм, күттүрүү жана башка мүчүлүштүктөр менен байланышкан;
- сары – жасалма документ алып калуу тобокелдиги бар. Бул мигранттардын эсебинен бизнес кылуу, аны көп учурда коммерциялык структуралар, ошондой эле коомдук уюмдарга жамынган структуралар жүргүзөт[43];
- кызыл – сабаты аз адамдарга жана орус тилин жакшы билбеген мигранттарга эсептелген жасалма документтер.

[43]Кыргыз Республикасынын Элчилигинин аймагында турган коммерциялык фирмалар мигранттардын көзүнө Элчиликтин өзү менен чаташтырылат.

***Кыргыз Республикасындагы жалпыга маалымдоо каражаттары***
*Россиялыктар азыр тил билбеген мигранттардын экинчи толкуну каптап келатат деп ачык эле айтышууда. Эгерде адегенде кыргызстандыктар орус тилинде жакшы сүйлөшсө, көз карандысыздыктын жылдарында аны начар билип же таптакыр билбеген муундар өсүп чыкты. Мында адамдык фактор дагы роль ойнойт. Адамдар алдамчыларга, мекенине кайтып келип туугандарына, коңшуларына жана тааныштарына асмандан алтын жаагандай убадаларды берген ошол эле эмгек мигранттарына ишенгенин уланта беришет. Мындай "жакшы санаалаштарга" өзүнүн иш берүүчүсүнө кошумча арзан жумушчу күчүн алып келген пайдалуу, ал мунун эсебинен көп акча үнөмдөп калат.*

### 3-сүрөт. Иштөөгө уруксат алуу үчүн колдо бар мүмкүнчүлүктөр




Уруксат кылуу документтерин берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөнөт, муну менен бирге анын баасы ФМКдагы 1 миң рублдан вокзалдардагы мигрант эмгекчилердин кесиптик бирлигиндеги 15 миң рублге чейин өзгөрүп турат. Москвада жашаган мигранттар 7 миң рубль болот жана каттоо орду - Кыргыз Республикасынын Элчилиги деп айтышат. Мигранттар документтерди толтуруу учурунда мыйзамсыз мигрант болуп калуу коркунучу пайда болот[44].

[44]Иштөөгө уруксаттын мыйзамдуулугун текшерүү үчүн документти алгандан бир айдан кийин ФМКнын www.fms.gov.ru, сайтына кирип "документти текшерүү" деген команданы тандап, документтин номерин жазуу керек, эгерде иштөөгө уруксат анык болсо, анда мигранттын фамилиясы чыгат

***Изилдөөнүн натыйжалары, Москва ш.***
*Метродогу электропоезддердин бардык вагондорунда миграциялык каттоого коюу, иштөөгө уруксат жана медициналык маалымкат алуу боюнча тез арада, кымбат эмес жана сапаттуу кызмат көрсөтүү жөнүндө кулактандыруулар илинип турат.*
*Метронун станциясына кире бериш жерде тирүү жарнамалар туруп алып, ушундай эле кызмат көрсөткөн фирмалардын даректери бар баракчаларды таратышат, алар метронун станциясынан анча алыс эмес жерде өтө кымбат жайларды ижарага алышат.*
*Андай уюмдарга барганда Кыргызстандан, Тажикстандан, Молдовадан келген жарандардын кезегин көрүүгө болот.*

Каатчылык эмгек мигранттарынын стратегиясында жаңы тенденциялардын пайда болушун шарттады.

Миграциянын кыскарышынын фонунда Россия Федерациясынын мыйзамдарынын катуулашынан улам, Кыргыз Республикасынан келген мигранттар ээлеген эмгек рыногундагы жайлар кыйла легалдуу болуп калды. Сурамжылоо каатчылык учурунда мигранттар негизинен төмөнкүдөй стратегиялардын бирин тандайт:

- Россия Федерациясынын жарандыгын алуу;
- Россия Федерациясынын чегинде иш ордун алмаштыруу;
- Кыргыз Республикасынын кайтып келүү жана каатчылыктын аякташын күтүү;
- Мыйзамсыз мигрант болуу жана тобокелге салуу.

Учурдагы мезгилде Кыргыз Республикасынын жарандары ишке орношуу маселесин чечүү үчүн биринчи кезекте Россиялык жарандыкты алууга катуу киришип жатат.

***Изилдөөнүн натыйжасы, Москва ш.***
*Тушинская метросуна жакын жердеги Россиялык косметика саткан күркөдөгү кулактандыруу: “Россия Федерациясынын жарандыгы бар сатуучу талап кылынат”.*

Жөнөкөйлөтүлгөн жол-жобо боюнча Россия Федерациясынын жарандыгын алууну каалагандыгын кескин өсүшү 2006-жылы чекене соодадагы чет өлкөлүктөргө нөлдүк квота жөнүндө Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн токтомунан кийин башталган.

***Чинара, 29 лет, мигрант, гражданка РФ, г.Москва***

*Трудовые мигранты из КР подают на гражданство РФ и женщины через 3-4 месяца, мужчины через 6 месяцев[45] становятся гражданами РФ[46]. Для многих мигрантов, которые в рабочее время заняты и не желают стоять в очередях, заполнять специальные бланки, функционирует нелегальная услуга[47] получения гражданства РФ - теневой бизнес не без участия чиновников обеих стран. Цена российского паспорта для гражданина КР составляет от 50 тыс. рублей и выше, в зависимости от субъекта федерации. Чем ближе к Москве, тем дороже. Для получения российского паспорта в Москве нужна московская прописка, что является существенным ограничением.*

Россия Федерациясындагы кыргыз эксперттеринин маалыматы боюнча кризиске каршы россиянын мыйзамдары бардык жерде колдонулуп жаткандыгы байкалат, бирок, федерациянын айрым субьекттеринде квотанын эсебинен Кыргыз Республикасынан келген эмгек мигранттарын кыскартуу ачык байкалбайт. Ошондуктан кээ бир мигранттар Россиянын чегинде ылайыктуу жумуш издеп көчүп жүрүшөт.

***Калыс, 26 жашта, мигрант, Екатеринбург ш.***

*Екатеринбургда окуу жайын аяктадым, крановщик адистигин алдым, эми Тюменге барып, ал жерде өз адистигим боюнча иштейин деп жатам.*

Эмгек мигранттары Кыргыз Республикасына кайтып келип, каатчылыктын аякташын күтө турууну чечип жатышат. Кыргызстандык эмгек мигранттары Россия Федерациясында, анын ичинде Москвада калып, жашыруун иштеп жатышат. Бул үчүн башка бирөөлөрдүн документтерин, мисалы, Россия Федерациясынын жаранынын паспортун колдонушууда же мигранттар иш берүүчү менен бүтүмгө келүүдө, мындай учурда тобокелдик тең бөлүнөт.

[45]Эркектер ИИМ жана Коргоо министрлигинин системасы боюнча өтө кылдат текшерилет

[46]РФнын жарандыгына документтерди тапшырууда жасалма миграциялык карточка, дайны жок даректер боюнча, мисалы, мончого жасалма каттоо сыяктуу ар кандай “кызыктар” табылат.

[47]Эң өкүнүчтүүсү бул бизнес географиялык жактан КРнын РФдагы Элчилигинин айланасына топтолгон, бул мигранттардын алдында Элчиликтин баркын кетирип жатат.

***Россия Федерациясынын курулушчулар союзунун кесиптик бирлиги, Москва ш.***

*Азыркы учурда мыйзамсыз миграция үчүн мүмкүнчүлүктөр болуп жатат, буга мамлекеттик, ошондой эле жеке сектор да тартылган. Жеке сектор акы үчүн мигрантты жасалма документтер менен жабдыйт, ал эми мамлекеттин өкүлдөрү (ФМК, ККК жана башкалар) рейддерди уюштуруп, кармап жана айып акы салып же кийинки рейдге чейин акы алып кое беришет. Алсак, Краснодар крайында Олимпиадалык обьекттерди курууга мигранттарды пайдаланууга квоталар берилгендигине карабастан, дале мыйзамсыз мигранттар толуп жүрөт. Капилеттен чыккан эмгек "биржалары" пайда болду. Иш берүүчүлөр курулушта өтө көп чыга турган бир жолку көмөкчү жумуштарга мыйзамсыз мигранттарды бир күнгө бүтүндөй бригадалары менен тартышат.*

### *2.3.2. Иш берүүчүлөрдүн маселелери*

КМШдан мигранттарды тарткан Россиялык иш берүүчүлөр башынан эле мигранттарга ниет кылган өзгөчө иш берүүчүлөр. Россия Федерациясынын жарандары иш жок болсо да төмөнкүдөй бир катар себептерден улам сунуш кылынган жумуш орундарына барышпайт:

- эмгек акы төмөн;
- зыяндуу оор эмгек;
- жумуш күнү (16 саатка чейин) жана жумушчу жума өтө узак;
- бөөдө кырсыктардан камсыздандыруу системасы жок;
- социалдык пакеттер жок.

Россия Федерациясында мигранттар үчүн иш толуп жатат, бул жөнүндө квоталарды колдонуу тажрыйбасы эле айтып турат. Иш берүүчүлөрдүн бирөөлөрү мамлекеттик ведомстволордун (ФМК, ИИМ, Минсаламатөнүктүрүү) ортосунда бирдиктүү маалымат системасынын жоктугунан жапа чексе, башкалары аларды пайдаланышат.

Россия Федерациясындагы эксперттер Өзбекстан менен Тажикстандан келген мигранттарга караганда Кыргыз Республикасынын жарандары билими жана маданияты боюнча Россияга кыйла жатыккандыгын белгилешет. Бирок каатчылыкка чейин төмөнкүдөй маселелер бар болчу:

1. Мигранттардын төмөнкү квалификациясы аларды колдонуу чөйрөсүн тарытат. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Россиянын Билим берүү министрлиги менен кооперациялашып, КТОнун системасында жалпы программа жана Россия Федерациясынын бирдиктүү квалификациялык стандарттары жана талаптары боюнча кадрларды максаттуу даярдаса болмок.

***Эл аралык «Трудовая миграция» Ассоциациясынын өкүлү, Москва ш.***

*Кыргыз Республикасынан келген мигранттар эптеп эле жумушка орношуу үчүн "баары" колдон келет деп алдашат. Кийин эч нерсе жасай албагандыгы билинет.*

2. Эмгек мигрантынын кесиби бар болсо да анын кесиптик билими жөнүндө документтери жок жана ал кесиби

боюнча ишке мыйзамдуу орношо албайт. Ушунун айынан ал мыйзамсыз иштөөгө же эң төмөнкү позицияны (көмөкчү жумушту) ээлөөгө аргасыз болот.

3. Орус тилин начар билишет. Мындай мигранттар ар кандай алдамчылардын (арачылар, иш берүүчүлөр) курмандыгы болуп калат.
4. Мигрантты ишке орноштуруудагы техникалык учурлардын дал келбегендиги. Россиянын колдонуудагы мыйзамына ылайык мигрантты ишке орноштуруу үчүн үч документ туура келүүгө тийиш. Бул, биринчиден, иш берүүчү мигрантты алып жаткан бош адистиктин аталышы, экинчиден, мигрант Кыргыз Республикасында алгандыгын ырастаган документтеги адистиктин аталышы жана үчүнчүдөн, бул адистик жумушчу кесиптин, кызматчынын кызмат ордунун жана тарифтик разряддардын Жалпы Россиялык классификаторунда турууга тийиш. Эки өлкөнүн документтериндеги бирдей адистиктердин аталыштарынын дал келбегендиги маселе туудурат. Мисалы, гипсокартон менен иштөө боюнча адистик эки башкача аталат: Кыргыз Республикасында – “кургак курулуш чебери”, Россия Федерациясында – “каркас-беттөө конструкцияларынын монтажчысы”. Мындай дал келбестиктер жумушка орношууда кыйынчылыктарды жаратат.
5. Федерациянын субьекттери боюнча мигранттарга мамиле кылуунун укук колдонуу тажрыйбасы ар түрдүү, ал федерациянын жетекчилигине, федералдык ФМКга, коомчулукка, жергиликтүү калктын толеранттуулугуна жана ЖМКга байланыштуу болот. Кээ бир региондордон (Москва ш., Санкт-Петербург ш.) мигранттар катуу сүрүп чыгарылат, башка субьекттерде (Екатеринбург, Россия Федерациясынын түндүктөгү шаарлары) мигранттарга мамиле бирдей.
6. Иштөөгө уруксат Россия Федерациясынын конкреттүү субьектине “байланышкан”, мигрант башка жакка кетип, башка региондо жумушка орношо албайт.

***Россиялык ЖМК***
*Россиялык иш берүүчү мигранттарды ишке орноштуруу схемасында корголгон эмес, анткени, эмгек мигранттар каалаган учурда ишин таштап кете берет. Ошондуктан ишке орношууга уруксат мурдагыдай конкреттүү иш берүүчүгө берилсе жакшы болор эле.*

***ЦеОНИС Токмок ш.***
*Кыргыз Республикасынан уюшкандыкта жиберилген жана Россияда ишке орношкон эмгек мигранттары адатта өз алдынча келгендерге караганда 40-50%га аз иштеп табышат. Иш берүүчүлөр тартылган мигранттар сүйлөшүлгөн шарттарда иштейт деген ниетте болушат. Бирок, Россияда башка мигранттар менен сүйлөшүп жана эмгек акынын өлчөмү жөнүндө маалыматтарга ээ болуу менен алар “алданып” жаткандыктарын түшүнүшөт. Жаңы жерге орночок алуу менен адамдар алардын эмгегине тете иш издеп чыгышат жана*

*андай жумушту табышат. Иш берүүчүлөр кийин кыргызстандык арачыларга далай сөздөрдү айтып, колунан башка нерсе келбегендиктен даттангандан башка аргасы калбайт.*

Каатчылык башталгандан кийин кырдаал бир аз өзгөрдү жана төмөнкүдөй тенденциялар боло баштады:

- Москвадагы мигранттарга квота көбүнесе кыскарды. Ошентип, мыйзамдуу түрдө ишке орношуу мүмкүнчүлүгү кыскарды. Иштөөгө берилген уруксаттардын бардыгы жасалма болуп чыкты.
- Иш берүүчүлөргө штрафтык санкицяларды көбөйтүү аркылуу мыйзамсыз мигранттарга карата Россия Федерациясынын мыйзамдары катуулады.
- Кийинки жылга квотага арызды учурдагы жылдын майы айына чейин берүү керек, ошондуктан мигранттардын эмгегин пайдаланган россиялык ар бир эле иш берүүчү бизнесте бекем эмес жана керектүү квотаны убагында алуу үчүн жакшы уюшулган эмес.
- Жаңы эрежелер боюнча иш берүүчүлөр мигрант менен эмгек келишимин түзүү жөнүндө 3 күндүк мөөнөттө ФМКга жана ишке орноштуруу Департаментине кабарлоого тийиш[48].
- Квоталарды кыскартуу мыйзамсыз миграциянын өсүшүнө алып келет.
- Иштөөгө адегенде 3 айга, андан кийин 9 айга уруксат берүү тажрыйбасы бул мөөнөттөргө кезектеги келишим түзүү зарылчылыгы иш берүүчүлөр үчүн ашыкча убараны пайда кылат. Ошондуктан кээ бир иш берүүчүлөр мигранттар менен байланышпай коюуну чечишет.
- Бул саясат КМШ өлкөлөрүнөн келген тышкы мигранттарды ФМКда каттоого туруунун кереги жок болгон россиялык ички мигранттар менен алмаштырууга багытталган, аларга жашаган жери боюнча гана катталуу жетиштүү болот.
- Эмгек мигранттарын пайдаланган иш берүүчүлөр азия түспөлүндөгү чет өлкөлүгү билинип турган мигранттарды Россия Федерациясынын региондорунан же чет өлкөлүгү билинбеген молдовандар, украиндер ж.б. менен алмаштырууга туура келет.

### *2.3.3. Мигранттарга кызмат көрсөтүп жаткан кызматтардын көйгөйлөрү*

Кайтып келген мигранттардын мүмкүн болуучу көйгөйлөрүнө даяр болуу үчүн Ош облустук МКИБ Жумушчу топту түзгөн, ага ИИМдин облустук жана шаардык ПВКБ, Социалдык фондун, эмгек миграциясына көмөк көрсөтүү Коомдук фондунун жетекчилери кирген.

Бирок, МИМК системасында көрсөтүлүп жаткан кызматтардын сапатына таасир тийгизе турган жагдайлар бар:

- жаңы шайланган жетекчилер[49] көп, алар жагдайды жетиштүү деңгээлде билбейт;
- борбордон алыс жайгашкан шаарларда жана райондук борборлордо, эреже катары, “нөөмөтчү” кызматкери отурат, калган кызматчылар көп учурда жумуш ордунда жок жана мобилдик байланыш зонасы менен камтылган эмес.

ИИМдин ПВКБга оорчулук экономикалык каатчылыкка байланыштуу өтө көбөйгөн. Бир жагынан, кайтып келген Россия Федерациясынын жараны болуп саналган мигранттарды каттоо боюнча кайрылуулар көбөйдү. Экинчи жагынан,

[48] Иш берүүчүлөрдүн айткандары боюнча бул өтө эле кыска мөөнөт, жок дегенде бир жума керек.

[49] Биздин изилдөөлөр Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоого даярдык мөөнөтүнө дал келди.

Россия Федерациясынын жарандыгына документ тапшыруу үчүн каттоодон чыгарууга байланышкан кайрылуулардын саны да көбөйдү. ИИМдин кызматкерлери эмгек миграциясына байланышкан төмөнкүдөй көйгөйлөр жөнүндө айтып берди:

***ИИМ ПВКБнын кызматкери, Ош ш.***
*Ата-энеси Россия Федерациясынын жарандыгын алган учурда 16 жашка чыккан жана Кыргыз Республикасынын жарандыгын алууну каалаган алардын балдары аны жасоого укуктуу эмес[50]. Бирок, ал балдар Россия Федерациясынын жарандыгын жана паспортун ала алышат.*
*Кыргыз Республикасынын жарандыгын алууну каалаган учурда балдарга өз убагында, алар 16 жашка чыкканга чейин Кыргыз Республикасынын жараны болуп саналган жакын туугандарына балдарга камкордук көрүүнү тариздеп коюу керек.*

Жеке ишке орноштуруу агенттиктердин көйгөйлөрү

Жарандарды мыйзамдуу ишке орноштуруу боюнча Россиянын бизнеси 40%га, ал эми иш берүүчүлөрдөн чет өлкөлүк мигранттарга арыздар 80%га кыскарды. Муну менен бирге Россия Федерациясында мигранттар үчүн жеке ишке орноштуруучу агенттиктердин кызматынын наркынын өзгөрүшү ар кандай багытта:

- Москвада иштөөгө баштапкы уруксатты алуунун орточо наркы үч эсе – 5 миң рублден 15 миң рублге чейин өстү;
- Екатеринбургда ушундай эле кызмат көрсөтүүнүн наркы эки эсе – 1 миң рублден 500 рублге чейин кыскарды[51].

Ишке орноштуруу боюнча кыргыз бизнеси каатчылык убагында токтоп калган.

Кыргызстандык жеке ишке орноштуруу агенттиктерге Кыргыз Республикасынын жарандарын ишке орноштуруу кыйын, анткени, каатчылыктын учурунда Россия Федерациясынын эмгек рыногунда өзбектер менен тажиктер кыргыздарга салыштырганда өтө ылайыктуу эмгек мигранттары болуп саналат, анткени, алар көп нерсени талап кылбайт жана тартиптүү.

## 2.4. Миграциянын таасиринин кээ бир аспекттери

### *2.4.1. Миграциянын калктуу конуштардын абалына тийгизген таасири*

Көпчүлүк эксперттердин пикири боюнча өлкөнүн түштүк регионунда эмгек миграциясына жана каатчылыктан улам анын кыскарышына байланышкан төмөнкүдөй көрүнүштөр бар:

- жалаң кары-картаңдар жана мигрант ата-энелери таштап кеткен балдар жашаган айылдар пайда болду;
- түштүк облустарды педагог жана медициналык кадрлар менен камсыз кылуу маселеси өтө курч турат. Эмгек акынын төмөндүгүнөн, социалдык-тиричилик шарттарынын кыйындыгынан жана башка себептерден улам врачтар жана педагогдор дарылоо мекемелерин жана мектептерди таштап салып Россияга каражат табуу үчүн кетип жаткандыгынын тенденциясы байкалат.

[50]Ата-энесинин паспорту сунуш кылуу үчүн милдеттүү болгон документтердин тизмесинде бар.
[51]Биздин Екатеринбургга сапарыбыздын учурунда “Мигратика” жеке ишке орноштуруу агенттиги акция өткөрүп, ишке акысыз орноштуруу жүргүзгөн.

***Губернатордун орун басары, Жалал-Абад облусу***

*Кыргызстандын Жалал-Абад облусунда 2008-жылы дээрлик миң мугалим мектепти таштап, чет өлкөгө акча табуу үчүн кеткен. Бул жөнүндө региондун бийликтери өткөн мезгилдин ичинде облустун өнүгүшүнүн жыйынтыгы каралган коллегияда билдиришкен. Мисалы, 2008-жылы облуска депозит программасы боюнча келген 11 жаш кадр ишин таштап Россияга жана жакынкы республикаларга кетип калган.*

- эмгек миграциясы 2005-жылы пайда болгон калктын социалдык активдүүлүгүнүн жогорку күчүн токтотту. Бирок, миграция төмөндөгөн, ал эми Кыргыз Республикасында татыктуу акча табуу менен иштөө жок болгон каздеги азыркы экономикалык каатчылыктын учурунда коомдо саясатка кызыгуу кайрадан өсүп жатат;

ал эмгек миграциясы өскөн учурда олуттуу кыскарып кеткен эле”.

- Хизб-ут-Тахрир экстремисттик диний уюмдун иши активдешүүдө, анткени, кедейликтин өсүшүнөн улам ага жагымдуу кырдаал түзүлдү;
- жумушчу күчүнүн түштүктөн түндүккө карай ички миграциясы өсүп жатат.

***Кыргыз Республикасынын түштүк регионундагы айылдык округдун кызматкери***

*Төмөнкүдөй терс фактылар пайда болду:*

- *жалпы уурулук, анын ичинде үй жаныбарларын уурдоо;*
- *жаштар арасында мукташ;*
- *аракечтик.*

*Кылаарга иши жоктон эркектер көп иче башташты, мунун кесепетинен үй-бүлөлүк зомбулук учурлары көбөйдү.*

- ИИМ системасынын өкүлдөрү: “Өлкөнүн түштүгүндө миграциянын кыскарышы кылмыштуулук статистикасынын көрсөткүчү боюнча кырдаалды 2005-жылга алып келиши мүмкүн,

Өлкөнүн түндүк регионундагы эксперттердин пикирин жыйынтыктоо менен төмөнкүдөй тенденцияны белгилөөгө болот:

- тышкы эмгек миграциясы бир катар социалдык-экономикалык маселелер-

***Нурбек, 35 жашта, Ноокат ш., кайтып келген мигрант***

*Жумушсуздук Хизб-ут-Тахрир сыяктуу экстремисттик уюмдарга шыкак берет, өткөн 2008-жылы Ноокатта алар массалык тартипсиздиктерди уюштуруп, Курман Айт күнү жергиликтүү акимиатты талкалап салышкан. Соңку жылдары калктын динчилдиги күчөп бара жатат. Оорулуу жана карыган мигрант Хизб-ут-Тахрирге, дени сак мигрант кылмыштуулукка өтүп кетиши мүмкүн.*

ди чечти, анын ичинде жумушсуздук проблемасы басаңдады;

- өнөр жай ишканаларынын жабылгандыгынан улам эмгек рыногундагы оор абалга жана жумушсуздардын санынын өскөндүгүнө карабастан, тышкы мигрант болууну каалаган тургундардын саны түштүк регионго салыштырганда кыйла аз;
- өлкөнүн түндүгүндөгү жаштардын жана жаш үй-бүлөлөрдүн көпчүлүгү эмгек мигранты катары Россия Федерациясында болуу стадиясына өтпөстөн, туруктуу жашоо үчүн чет өлкөгө чыгып кетишет;
- айылдык көп тургундар ички эмгек мигранттарынан болуп калууда: нарындыктар Ысык-Көл облусунун курулуштарында, токмоктуктар жана түндүк облустарынын башка тургундары Бишкекке иштегенге кетишет;
- түндүк облустардын кээ бир райондорунда жер үлүштөрү иштетилбей калып жатат, бул өлкөнүн түштүк регионунан көчүп келгендерди өзүнө тартууда.

***МКИБтун адиси, Токмок ш.***

*Шаардык автовокзалдардын жанында капилет пайда болгон эмгек биржасында жумушсуздардын көп саны жөнүндөгү суроого жооп. Мындай "иштермандар" чет өлкөгө миграцияга кетпейт. Булар эмгек ресурстарынын өзгөчө категориясы. Тажрыйба көрсөтүп тургандай, заводдор иштеп турганда алар туруктуу ишке чакырууну кабыл алышкан эмес, анткени, алардын көбү күндөлүк акча табууну, башкача айтканда, бир жолку иш үчүн акы алууну артык көрүү менен туруктуу иштөөгө даяр эмес болучу. Кааласаң жумушка чык, иштеп акчаңды ал, кааласаң чыкпай кой.*

### *2.4.2. Миграциянын бизнеске тийгизген таасири*

*Банк системасы*

Коммерциялык банктар соңку 4-5-жылдын ичинде эмгек мигранттарынын акча которуулары үчүн ишенимдүү канал болуп калды. Миграциянын баштапкы этабында колдонулуп келген жеке адамдар аркылуу Мекенинде калган туугандарына акчаларды жиберүү өтө тобокелдүү болгон. Коммерциялык банктар акча которуунун цивилизациялуу жана заманбап рыногуна катышуу мүмкүнчүлүгүн берди, алар тез эле кыргыз финансы секторунда ишкердиктин атаандашуучулук сегментине айланды.

Кыргыз Республикасында иштеп жаткан дээрлик бардык коммерциялык банктар акча которуу боюнча бизнеске катышып жатат. Азыркы учурда акча которуунун 16 эл аралык системасы (АКС) жана акча которуунун үч улуттук системасы иштеп жатат. Өлкө акча которууларды тейлөө, биринчи кезекте, эмгек мигранттарын тейлөө максатында коммерциялык банктар ачкан филиалдар менен бөлүмдөрдүн жыш тармагы менен камтылган. Татаал формаларды толтуруунун, жөнөтүүчү, алуучу жана которулуп жаткан акчанын экономикалык табияты жөнүндө  маалыматты ачуунун зарыл эместиги АКС аркылуу акча которууну өтө ылайыктуулугун пайда кылды. Банк системасы аркылуу акча которуунун кеңири таркашы өтө аз комиссиялык кармап калуулар жана акча которууга салыктын жоктугу менен шартталган.

Каатчылык эмгек мигранттарынын акча которууларынын төмөндөшүнө таасирин тийгизди.

***Эсептөө-сактык компаниясынын кызматкери, Хайдаркан ш., Баткен облусу***

*Каатчылык айкын көрүнүп турат. Акча которуулардын алты системасы тейленет. Акча которуулардын жалпы массасынын 90%ын тейлеген негизги система – Unistreat, акча которуунун негизги үлүшү Россиядан келет.*

*Шаардык филиал боюнча акча которуу каатчылыкка чейинки мезгилге салыштырганда 4 эсе кыскарды. Мурда бир айда Unistreat боюнча 18 млн. рубль которулса, эми 5 млн. рубль гана которулат.*

*Акча которуулардын орточо өлчөмү 10 миң рублден 4 миң рублге чейин, ошондой элекүнүнө акча которуулардын саны кризиске чейинки 120-130дан, азыркы 30-40 чейин кыскарды.*

*Билеттерди сатуу боюнча агенттик*

Эмгек миграциясынын зор масштабы эл аралык туруктуу жүргүнчү агымын түзүп жана транспорт секторуна көп киреше алып келет. Көптөгөн кыргыз мигранттары жылына жок эле дегенде бир жолу Кыргыз Республикасына келип кетүүнү каалашат. Кыргыз Республикасынын аймагында, өзгөчө Бишкек жана Ош шаарларында соңку 4-5 жылдын ичинде авиа жана темир жол билеттерин сатуу боюнча көп сандаган агенттиктер түзүлгөн жана алардын филиалдык тармактары - кассалар ачылган. Бир жагынан бул транспорттук кызмат көрсөтүүнү ачык жана жеткиликтүү кылып, билет сатып алуу процессин коштогон жасалма дүрбөлөңдү жок кылса, экинчи жагынан ушундай арачы секторду ишкерлерин туруктуу киреше менен камсыз кылды.

Экономикалык каатчылыкка байланыштуу Россия Федерациясына эмгек мигранттарынын агымынын кыйла кыскаргандыгы жөнүндө авиа жана темир жол билеттерин сатуу боюнча агенттиктик кызматкерлери айтып жатышат. Агенттиктердин кассаларын жана кызматкерлеринин саны кыскарууда.

***Ар кандай авиа компаниялардын авиа билеттерин сатуучу агенттиктин өкүлү, Ош ш.***

*2008-жылдын апрелинде Москвага 150 авиа билет сатылса, 2009-жылы апрелде болгону 15 билет сатылган.*

*ITEK авиакомпаниясынын өкүлү, Ош ш.*

*2008-жылы жазында самолет Ош-Москва каттамы боюнча жумасына эки жолу рейс аткарган, 2009-жылы жазында жарым-жартылай толгон самолет жумасына бир гана жолу каттайт.*

*Россиянын “Сибирь” авиакомпаниясынын өкүлү, Ош ш.*

*2008-жылдын апрелинин бир декадасында 300 авиа билет сатылган, 2009-жылдын тийиштүү декада сында 140 билет сатылган, ал да 2009-жылы апрелде өткөрүлгөн айлык акциянын аркасында ишке ашкан, анда Ош-Москва каттамы боюнча билеттердин наркы поезддин*

*билетинин наркына теңештирилген болучу.*
*Темир жол билеттерин сатуу боюнча агенттиктин өкүлү, Ош ш. 2008-жылдын апрелинде агенттик тарабынан Ош-Москва каттамы боюнча 435 билет сатылган, 2009-жылдын апрелинде болгону 16 билет сатылган. Россия Федерациясына толук эмес вагондор кетип жатат, ал эми Россия Федерациясынан Кыргыз Республикасына толгон вагондор келүүдө, ал түгүл кошумча вагондор да чиркелүүдө.*

*Курулуш бригадалары жана курулуш материалдары*

Сурамжылоо көрсөткөндөй, учурдагы керектөөлөрүн чечип алгандан кийин трансферттерди алуучулар ремонт жасап, жаңы үйлөрдү кура башташат. Крулуш иши аны коштогон инфраструктуранын өнүгүшүн пайда кылат: курулуш бригадалары түзүлөт, куруучулардын квалификациясы жогорулайт, курулуш материалдарын сатуу чөйрөсү жана аларды жеткирүү боюнча кызмат көрсөтүү кеңейет. Түштүк региондо мигранттардын каражаттары жеке үйлөрдү жаңылоонун жана жаңы үйлөрдү тургузуунун негизги булагы болуп калды. Бирок, каатчылыктын учурунда бул иш убактылуу токтоп калган, көп курулуп жаткан обьекттер токтогон, курулуш бригадаларынын кызматтарына жана курулуш материалдарына суроо-талап түшкөн. Мунун кесепетинен курулуш жагында иштеген калктын экономикалык жактан активдүү бөлүгү жапа чеккен. Көп куруучулар иш издеп Бишкекке кайтып келишкен.

*Тойлорду өткөрүү боюнча кызмат көрсөтүү*

Сурамжыланган мигранттардын дээрлик бардыгы жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү той-аш өткөрүүгө мигранттардын акча каражаттарын чыгымдагандыгын айтып беришти. Албетте, кубанычтуу жана кайгылуу иш-чараларды кеңири өткөрүү салты жергиликтүү калкта дайыма болуп келген, бирок, эмгек мигранттары которгон акча каражаттары менен мындай иш-чаралар өтө эле шаан-шөкөт менен өткөрүлүп жатат. Миграция өскөнгө чейин берекелүү жана көп адам катышкан үйлөнүү тойлорун кафе же ресторандарда бардар үй-бүлөлөр гана өткөргөн, калгандары үйүндө эле жупуну дасторкон жаюу менен өткөрүшкөн. Учурда көп үй чарбалары “артта калбаш” жана салтты сактоо үчүн жаңыдан пайда болгон үйлөнүү салондорунун жана иш-чараларды өткөрүү боюнча кесипкөйлөрдү жана артисттерди чакыруу менен шаан-шөкөт менен өткөрүүнү артык көрүшөт. Каатчылык эми ушул жагын да камтыйт деп болжоого болот. Эмнеси болсо да үйлөнүү салондору жана кээ бир кымбат кафе жана ресторандар кыйынчылык тартып жатышат.

***Ильхом, 42 жашта, кайтып келген мигрант, Өзгөн ш.,Ош облусу***
*Каатчылык учурунда акча которуулар кыскарганда төмөнкүлөргө үнөмдөлөт:*
*Автомобиль сатып алууга;*
*курулушка;*
*эс алуу жана дарылануугa;*
*үйлөнүү үлпөттөрүнө (каатчылыкка чейин үйлөнүү үлпөттөрү кеминде 5-6 миң АКШ долларына жеткен).*

*Автомобилдер жана автомобиль менен ташуу*

Сурамжылоо мигранттар жана которулган акчаны алуучулар статустук жана инвестициялык сатып алуу деп автомобилди эсептешет. Мигранттардын каражаттары мурда колдонуудагы автомобилдер рыногунда жакшы суроо-талапка ээ болчу. Кыргыз Республикасынын жолдорунда автомобилдердин санынын өсүшү ачык көрүнүп турат жана аны коштогон бизнестин бүтүндөй структурасы да мыйзам ченемдүү өнүгүп жатат, ал автомобилдерди тейлөөгө - майда жана ири ремонт, май куюу, жууп-тазалоо ж.б. иштер. Каатчылык учурунда айдоочулар баш тарта баштаган биринчи нерсе – бул автомобилдерди жууп-тазалоо, майда-барат оңдоо жана жаңы автомобиль дөңгөлөктөрүн сатып алуу болуп саналат, алар эскилерин калыбына келтиргенди артык көрүшөт. Автомобиль рыногунда да суроо-талаптын көлөмү баалардын төмөндүгүнө карабастан түшө баштайт.

Автомобилдердин кыйла көп саны жана тийиштүү мыйзамдын либералдуулугу адегенде Бишкекте, андан кийин бүткүл республика боюнча Ош, Чолпон-Ата шаарлары ж.б.) эл аралык каттамдагы таксилердин уюшкан кызматынын атаандашкан рыногунун ыкчам өнүгүшүн шарттары. Уюшпаган айдоочулар да иштин бул түрүнө патент алып, көп учурда албай эле таксинин кызматын көрсөтүп жатышат. Таксинин кызматын көрсөткөн айдоочулар менен аңгемелешүү алардын миграциялык процесстер менен түздөн-түз же кыйыр түрдө байланышын көрсөтүп турат. Россиянын шаарларына жана кайра артка мигранттарды автомобиль менен ташуу боюнча кызмат көрсөтүүлөр орун алат, алардын кыскарышына да экономикалык каатчылык таасирин тийгизди.

***Назиржан, 51 жашта, Өзгөн ш.,Ош облусу***
*Айдоочу мигранттарды жети орундук автомобили менен Өзгөндөн Россияга, Екатеринбург, Пермь, Новосибирск шаарларына ташыйт. Каатчылыкка чейин ар бир он күндө каттап турчу, азыр көп болсо бир айда бир жолу каттайт. Кээ бир учурда аны карызга жеткирип коюуну, кийинки жолу келгенде эсептешүүнү сунуш кылышат. Кээде бригадир жумушчуларды бекер жеткирип барып, жерине баргандан кийин эсептешүүнү өтүнөт. Азыр Уралга чейинки жол кире 6000-6500 сом, мурда 7500 сом болчу.*

*Тамеки өндүрүү.*


Миграция түштүк региондо жүгөрү менен буудайды көп эккендиктен улам дыйкан чарбаларынын структурасынын өзгөргөндүгүнө байланыштуу «Реемтсма-Кыргызстан» компаниясынын тамеки продукциясын чыгарышынын кыскарышына алып келди. Азыр айылдык тургундар өз кирешелерин мигранттар жөнөткөн акча каражаттары менен кармап туруу аркылуу салыштырмалуу рентабелдүү (8 ай иштегенде фермердин бир үй-бүлөсү орто эсеп менен 40 миң сом алат) жана ден соолукка зыяндуу техникакалык өсүмдүк – тамекиден баш тартып жатышат. Кайтып келген мигранттар кайрадан тамеки өстүрүүгө киришет болуу керек.

### 2.4.3. Миграциянын Кыргыз Республикасынын макроэкономикалык кырдаалына тийгизген таасири

Соңку бир нече жылдын ичинде Кыргызстандын жарандарынын чет өлкөгө эмгектик миграциясы өлкөдөгү макроэкономикалык кырдаалга кыйла таасир тийгизип келген. Мигранттар үйлөрүн жөнөткөн акча каражаттары өлкө үчүн чет өлкөлүк валютанын маанилүү булактарынын бирине айланган. Андан тышкары жумушчу күчүнүн чет өлкөлөргө агымы маанилүү макроэкономикалык натыйжаларды берген.

Мигранттардын акча которуулары макроэкономикалык ролдун айкын көрүнүшү болуп ИДПгы пайызда көрсөтүлгөн алардын өлчөмүнүн өсүшү саналат. 2008-жылы жумушчулардан өлкөгө которулган акча каражаттарынын суммасы ИДПнын 29%дык деңгээлине жетти, бул дүйнөдөгү эң жогорку көрсөткүчтөрдүн бири болуп саналат. Мигранттардан түшүп жаткан акча которуулардын салыштырмалуу зор өлчөмү өлкөнүн экономикалык турмушунун көп жактарына таасирин тийгизди.

**1-диаграмма. Мигранттардын акча которууларынын агымынын ИДПга карата катышы**




*Булак: КРУБ, УСК*

Кыргызстандын кыйла маанилүү макроэкономикалык көрсөткүчтөрдүн статистикалык динамикасы кыйла өлчөмдө кыргызстандык мигранттардын акча которуусунун динамикасынын көрсөткүчү менен байланышкан[52].

1. **ИДП жана жеке керектөө.** Мигранттар тарабынан өз үй-бүлөлөрүнө которгон акчалары аларды учурдагы керектөөнүн көбөйүшүнө көмөк көрсөтөт. Жеке керектөөнүн өсүшү (үй чарбаларынын жалпы керектөөсү) ИДПнын маанилүү курамдык бөлүгү болуп санала тургандыгы таңкалыштуу эмес. ИДПнын өсүшүнүн темпинин акча которуулардын динамикасы менен байланышы бир аз начар болуп чыкты, анткени, ИДПнын динамикасы жеке керектөөлөрдүн гана эмес, ошондой эле анын башка компоненттеринин (инвестиция, экспорт, мамлекеттик керектөө) өзгөрүшүнө да таасир тийгизип жатат, анын динамикасы, талдоо көрсөткөндөй, мигранттардан келген акча агымдары менен байланышкан эмес. Ошондой болсо да каатчылыкка чейин Кыргызстанга келген акча которууларынын агымынын көбөйүшү, ИДПнын өсүшү менен шайкеш келген деп айтууга болот.

2. **Импорт.** Товарды импорттоо менен акча которуулардын ортосунда туруктуу дурус байланыш пайда болду, мигранттардын которууларынын көбөйүшү өлкөгө бардык импорттордун өсүшүнө көмөк көрсөткөн. Бирок, 2009-жылга чейинки мезгилге импорттун өтө кыйла тездик менен өсүшү акча каражаттарын которуунун таасири менен түшүндүрүлөт деп айтууга негиз жок, которуулар импортту финансылоонун булактарынын бири гана болуп саналат.

3. **Мамлекеттик киреше жана мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы**. Которуулар менен импорттун ортосундагы көз карандылык мигранттардын которууларынын мамлекеттик бюджеттин кирешесине да зор таасир тийгизгендиги менен коштолду. Импортко салык салуу мамлекеттик бюджетке салыктык түшүүлөрдүн жарымын алып келет, ошондуктан, импорттун өсүшү бюджеттин кирешелеринин кыйла өсүшүнө алып келди. Мамлекеттик кирешенин көбөйүшү, өз кезегинде, мамлекеттик кирешенин кыйла өсүшүнө жана 2005-2008-жылдары байкалган мамлекеттик кеңейтилген бюджеттин тартыштыгынын кыскарышына алып келди.

4. **Инфляция жана алмашуу курсу.** Чет өлкөдө иштеп жаткан жарандардан валютанын агымы өлкөнүн валюта рыногунда суроо-талаптын кыйла көбөйүшүнө алып келди жана башка факторлор менен катар эле сомдун АКШнын долларына карата алмашуу курсунун чыңдалышына көмөк көрсөттү, бул 2002-2008-жылдары жүрдү. Ушул жылдардын ичинде КРУБ сомдун ашкере чыңдалышына жол бербөө үчүн валюталарды сатып ала баштады, өлкөнүн акчалай сунушу кыйла өстү, узак мезгил бою акчалай сунуштун мындай өсүшү инфляциялык залалдарга алып келген эмес, анткени, экономикада акчалай сунуштун өсүшү менен катар аларга болгон суроо-талап да өсүп жатты. Бирок, 2007-жылдын ортосунан баштап өлкөдө акча массасынын өсүшү инфляцияга ооп түшө баштады, буга тышкы баанын сестентүүсү (электр берүүчүлөргө жана тамак-ашка дүйнөлүк баанын өсүшү) көмөк көрсөттү. Ошентип, акча которуулардын агымы Кыргызстандагы инфляциялык процесстерге тикелей жана шайма-шай, ошондой эле олуттуу таасир тийгизе баштады.

5. **Ишке орноштуруунун жана жумушсуздуктун деңгээли.** Ишке орноштуруу жана жумушсуздук боюнча статистикалык маалыматтарды талдоо миграциялык процесстердин эмгек рыногундагы кырдаалга олуттуу таасирин табууга мүмкүнчүлүк бербейт. Муну түшүндүрүү оңой, анткени, эмгек мигранттарынын так саны, алардын жыл мезгилинде (өзгөчө кышында), алар

52Mogilevsky, R. and A.Atamanov (2009) Remittances and Their Impact on Macroeconomic Situation of and Financial Sector Development in the Kyrgyz Republic. pp. 143-209. In: Spatial Disparities and Development Policy/Edited by G.Kochendorfer-Lucius and B.Plescovic. The World Bank.

өлкөгө кайтып келген учурда Кыргызстандын экономикасындагы ишке орношуунун даражасы белгисиз. Ошондой болсо да, УСКда катталган кызмат көрсөтүү секторундагы, ошондой эле өнөр жайынын кээ бир тармактарында бейформал ишке орношуунун өсүшү үй чарбалары тараптан суроо-талаптын өсүшүнөн улам келип чыккан, ал жогоруда айтылып кеткендей, мигранттардын акчалай которуулары менен жан сактап турган.

Глобалдуу экономикалык каатчылык Кыргызстандан эмгек мигранттары көп барган өлкөлөргө өтө терс таасирин тийгизди. Бул, биринчи кезекте, Россия Федерациясына тиешелүү, 2009-жылдын биринчи жарым жылдыгында анын ИДПсы 2008-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 10%дан ашыкка кыскарган. Мунун кесепетинен Россиянын эмгек рыногундагы кырдаал олуттуу кыйындаган жана жумушчу күчүнө, анын ичинде кыргыз эмигранттарынын жумуш күчүнө суроо-талап төмөндөгөн. Бул, биринчи кезекте, ишке орношкон мигранттардын кыскарышына, алардын эмгек акысынын төмөндөшүнө жана Кыргызстанга акчалай которуулардын азайышына алып келген.

УКРБнын алдын ала маалыматтары боюнча Кыргызстанга дүйнөнүн бардык өлкөлөрүнөн, анын ичинде Россиядан учурдагы трансферттердин[53] агымы 2009-жылдын биринчи жарым жылдыгында өткөн жылдын биринчи жарым жылдыгына салыштырганда 11,1%га кыскарган. Россиянын Борбордук банкынын маалыматтары жеке адамдардын акча которуу системасы (бул каналды негизинен кыргыз эмгек мигранттары колдонот) аркылуу Россиядан Кыргызстанга жана Россия Почтасы аркылуу акча которуулары 25,7%га кыскаргандыгын көрсөттү.

Жогоруда айтылгандарга ылайык которуулардын макроэкономикалык кырдаалга таасир тийгизишин берүү ыкмасы жөнүндө акчалай которуулардын кыскарышы, аны менен бирге макроэкономикалык кырдаалга таасир тийгизген факторлор төмөнкүдөй залалдарга алып келди:

- жеке керектөөнүн өсүш темпинин бир аз төмөндөшү, ага калктын соода, тиричилик жана кызмат көрсөтүүнүн башка түрлөрүнүн жалпы көлөмүнүн өсүш темпинин кыскарышы (өткөн жылдын тийиштүү мезгилинде 9,4%дан 2009-жылдын январь-сентябрында 7,1%га чейин);
- импорттун көлөмүнүн азайышы (өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда2009-жылдынянварь-августунда – 25%га төмөндөшү);
- импортко салык салуудан мамлекеттик бюджетке кирешелердин кыскарышы (2008-жылдагы ошол эле мезгилге салыштырганда 2009-жылдын январь-августунда 26,3%га төмөндөшү);
- сомдун АКШ долларына карата девальвациясы (сомдун долларга карата алмашуу курсу 2008-жылдагы 35,30 сом/доллардан бир жылдан кийин 44,04 сом/долларга көбөйгөн, б.а. девальвация 25%ды түзгөн).

Ошентип, мигранттардын Кыргызстанга акча которуулардын азайышы өлкөнүн макроэкономикалык кырдаалына олуттуу жана кыйла өлчөмдө терс таасирин тийгизди. Ошол эле учурда өлкөнүн экономикасындагы бардык эле эске алынган терс көрүнүштөрдү акча которуулардын кыскарышы менен байланыштыргандык ашыкча экендигин; ушул эле багыттагы ички жана тышкы факторлор көп экендигин дагы бир баса белгилей кетүү керек.

[53] Мигранттардан өлкөгө келип жаткан акча которууларынын жалпы көлөмүнүн маанисине жараша чоңдук; 2009-жылдын биринчи жарым жылдыгында “Иштеп жаткандардан акча которуулардын түшүшүнүн” кыйла релеванттык көрсөткүчү ушул эмгекти жазуу учурунда али жарыялана элек болучу.

# 3. Каатчылыктын таасир тийгизиши менен шартталган миграциялык процесстердеги өзгөрүүлөргө сандык талдоо

## 3.1. Тандоонун жалпы параметрлери


### *3.1.1. Үй чарбаларынын мүнөздөмөсү*

Долбоордун биринчи этабын жүргүзүү учурунда Кыргыз Республикасынын түштүк регионунун үй чарбаларынан 1200 респондент сурамжыланган. Үй чарбасынын курамында жок эле дегенде бир тышкы эмгек мигрантынын болушу жана 2008-2009-жылдардагы андан акчалай которууларды алуу сурамжылоо өткөрүүнүн критерийи болуп калды. Облустук өңүттөн алганда тандоонун структурасы Ош облусунан 300 респондентти жана Жалал-Абад жана Баткен облустарынан 450дөн респондентти түздү.


Респонденттерди үч облустун райондору, шаарлары жана айылдары боюнча бөлүштүрүү №2 тиркемеде көрсөтүлгөн.

Кийинки эки диаграммада калктуу конуштардын тиби боюнча респонденттердин облустук бөлүштүрүлүшү көрсөтүлгөн.

## *2-диаграмма. Облустар боюнча калктуу конуштун тиби жагынан респонденттерди бөлүштүрүү*




## *3-диаграмма. Калктуу конуштун тиби жагынан респонденттерди жалпы бөлүштүрүү*



Ар кандай себептер боюнча үйүнө кайтып келген мигранттар, ошондой эле алардын үй-бүлө мүчөлөрү респондент болду. Эмгек миграциясына карата респонденттердин түзүмү төмөнкүдөй:

- 83,8% – кризиске карабастан Россияда калып жаткан мигранттардын үй-бүлө мүчөлөрү;
- 4,8% – үйүнө кайтып келген мигранттар, анткени аларда Россияда мыйзамдуу жүрүү убактысы аяктаган, бирок жазында же жайында кайра кайтып барууну пландаштырат – бул алардын демейки практикасы;
- 4,3% – кризистин айынан кайтып келген жана чет өлкөдө эмгек ишин улантуу үчүн кризистин аякташын күткөн мигранттар;
- 7,1% – Мекенине биротоло кайтып келген жана мындан ары анын чегинен тышкары чыгууну пландаштырбаган мигранттар.

Таблицада облустар боюнча эмгек миграциясына карата респонденттердин түзүмү сунуш кылынган.

## 3-таблица. Облустар боюнча миграцияга карата респонденттердин түзүмү, %

| Респондент | Бардыгы | Область | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Ош | Жалал-Абад | Баткен |
| Мигранттын үй-бүлө мүчөсү | 83,8 | 79,7 | 89,6 | 80,9 |
| Кайтып келген жана мындан ары тышка барууну пландаштырбаган мигрант | 7,1 | 12,0 | 4,0 | 6,9 |
| Убактылуу кайтып келген жана жазында же жайында кетүүнү пландаштырган мигрант | 4,8 | 4,7 | 3,8 | 6,0 |
| Кайтып келген жана каатчылыктан кийин кетүүнү пландаштырып жаткан мигрант | 4,3 | 3,6 | 2,6 | 6,2 |
| Жыйынтыгы | 100 | 100 | 100 | 100 |

Кыргызстандыктардын чет өлкөдөгү эмгек ишинин жүйөөлөрүн жана себептерин, тажрыйбасын жана сабактарын, пайдасын жана чыгымдарын түшүнүү үчүн ириде мигранттардын үй-бүлөлөрүнүн социалдык-экономикалык абалы жөнүндө түшүнүктү түзүү зарыл.


Бүтүндөй алганда регион боюнча үй-бүлөнүн орточо өлчөмү 7 адамды түзөт, анын курамында 67%ы – 17 жаштан ашкан жана 33%ы – андан кичүү адамдар. Мында үй-бүлөнүн экономикалык жактан жигердүү мүчөлөрүнүн арасында[54] 12,3%ы – өзүнүн калктуу конушунда иштейт, ал эми 30,6% - тышкы эмгек мигранттары.

Ошентип, тартылган экономикалык жактан жигердүү калктын саны боюнча эмгекти жумшоо чөйрөсү катары тышкы эмгектик миграция абсолюттук лидер болуп саналат.

54Буга пенсионерлер жана күндүз окуган студенттер кирбейт.

Иликтөөлөрдүн натыйжалары боюнча тышкы эмгектик миграциядагы үй-бүлөлөрдүн 26,4%ында үй-бүлөнүн бирден ашык мүчөсү бар экендиги айкындалган. Курамында 3төн 6га чейинки эмгек мигранты бар үй-бүлөлөр бар экендигинин фактысы көңүл бурууга арзыйт.

### *4-диаграмма. Үй чарбаларынын санын мигранттардын саны боюнча бөлүштүрүү*




***Пазилет, 59 жашта, пенсионер, Хайдаркан шаары, Баткен облусу, базардагы соодагер***

*Күйөөсү – пенсионер-майып, иштебейт. Жети баланын ичинен бешөө азыркы учурда Россияда иштейт: төрт уулу – беш жылга жакын жана кызы – бир жылдан ашык Москвада эмгектенет.:*


- *бир уулу – көчө шыпыргыч, анын аялы – консьерж;*
- *үч уулу – курулушта (соңку 5 айда аларга эмгек акы төлөбөй жатышат);*
- *кызы – консьерж.*

Иликтенип жаткан үй чарбаларынын экономикалык жактан бакубаттуулук деңгээлин аныктоо үчүн экономикалык жактан жигердүү мүчөлөрдүн санын билүү аздык кылат, материалдык активдердин болушу жана түзүмү жөнүндө маалымат алда канча маанилүү болуп саналат, анткени жумушчу күч менен айкалышта материалдык активдер үй чарбаларынын экономикалык бакубатуулугунун негизи болуп саналат. Жер үлүшү, үй жанындагы участок, мал жана автомобиль түштүк регионго мүнөздүү алда канча маанилүү актив болуп саналат.


Талдоо буларды көрсөттү: айылда үй чарбаларынын 13%ында жер үлүшү жок, ал эми 21%ы киши башына 2 соткадан 4 соткага чейинки болор-болбос жер үлүшүнө ыраазы болууга аргасыз. Киши башына 2 соткадан 4 соткага чейинки интервал ылгоо боюнча жерди бөлүштүрүүдө модалдык болуп саналат.

5-жана 6-диаграммаларда бүтүндөй алганда түштүк регион боюнча жана облустардын өңүтүндө жерлерди бөлүштүрүү көрсөтүлгөн. 6-диаграммада Баткен облусунун үй чарбалары жер менен өтө аз камсыз болгондугу, анын үстүнө бул жерде сугат суу жагынан зор көйгөйлөр бар экендиги көрүнүп турат. Региондун фонунда жер үлүштөрү менен камсыз кылуу жагынан салыштырмалуу мыкты абал Ош облусунда түзүлгөн.

## 5-диаграмма. Үй чарбаларын жер үлүшүнүн өлчөмү боюнча бөлүштүрүү




## 6-диаграмма. Облустар боюнча үй чарбаларын жер үлүшүнүн өлчөмү боюнча бөлүштүрүү



***Сапар, 50 жашта, Ноокат шаары, Ош облусу, өз алдынча киши ташыйт***

*Тамеки үчүн аз төлөшөт, аны өстүрүү зыяндуу, ошондуктан адамдар картошка же жүгөрү өстүрүүнү артык көрөт. Үй чарбасында 3 уй бар, аялы ооруканада медайым болуп иштейт. Үй жанындагы участогу – 10 сотка, жер үлүшү – 4 сотка. Эки кызы – бир жылдан бери Москвада иштейт. Уулусу миграцияга чейин ОшМУда бир курс окуган, кичүүсү орто мектепти да бүтүргөн эмес. Кыздар чебурек цехинде мыйзамдуу иштейт.*

4-таблицада үй чарбасында активдер бар же жоктугу жөнүндө респонденттердин жоопторунан маалымат камтылган.

### 4-таблица. Үй чарбаларынын жалпы санында активдери бар үй чарбаларынын үлүшү, %

| Активдер | Ош | | | Жалал-Абад | | | Баткен | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | шаар | шаарча | айыл | шаар | шаарча | айыл | шаар | шаарча | айыл |
| Бодо мал | 0 | 0 | 81 | 1 | 7 | 90 | 44 | 14 | 75 |
| Кой-эчки | 5 | 7 | 55 | 3 | 15 | 51 | 21 | 5 | 48 |
| Автомобиль | 14 | 4 | 32 | 7 | 5 | 8 | 21 | 36 | 35 |

Үй жанындагы участок орточо Ош облусу боюнча – 15 сотканы, Жалал-Абад облусу боюнча – 17 жана Баткен облусу боюнча 13 сотканы түзөт. Ош облусунун айыл жеринде үй чарбаларынын – 9%ында, Жалал-Абад облусунда – 6%ында жана Баткен облусунда 16%ында 4-таблицада келтирилген активдердин бири да жок экендигин белгилебей коюуга болбойт.

Бул аспектте түштүк региондогу чакан шаарлардын үй чарбаларынын чабалдыгын белгилей кетүү керек, алар депрессиялык абалда турат. Бир жагынан, Кыргыз Республикасынын чакан шаарлары жана шаарчалары шаарда жашоонун стандарттык артыкчылыктарын: жумуш орундарынын болушун жана аларды тандоо мүмкүнчүлүгүн, салыштырмалуу жогору эмгек акыны, коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жана маданий эс алуунун болушун камсыз кылбай жатат. Экинчи жагынан, чакан шаарлардын жана шаарчалардын үй чарбалары жер үлүштөрү, бодо мал жана кой-эчки түрүндөгү демейки айылдык активдерге да жетиштүү өлчөмдө ээ эмес.

Үй чарбаларынын активдери бар же жоктугун аныктоонун фонунда алар киреше булактарынын кайсынысын башкысы катары аныктай тургандыгы жөнүндө респонденттердин жоопторун алуу өтө кызыктуу болду. Жоопторду иштетүүнүн натыйжасында төмөнкүдөй жалпыланган көрүнүш алынды. Таблицада келтирилген маалыматтарды төмөнкүдөй түрдө түшүнүү керек: үй чарбаларынын[55] 53%ы эмгек мигранттарынын акча которууларын кирешенин башкы булагы деп эсептейт жана кирешенин бул түрү ушундай үй чарбалары алган бардык кирешелердин орточо 64%ын түзөт. Ошентип, үй чарбаларынын жарымынан көбү акча которууларга таянат.

[55]Таблицанын биринчи сабы чечмеленет.

## Таблица 5. Основные источники дохода

| Кирешенин башкы булагы | Ушул булакты көрсөткөн үй чарбалары% | Үй чарбасынын жалпы кирешесинен үлүш, % |
|---|---|---|
| Эмгек мигранты болуп саналган тууганддардын акча которуулары | 53 | 64 |
| Өсүмдүк өстүрүү | 13 | 56 |
| Туруктуу иш | 12 | 63 |
| Мал чарбачылыгы | 9 | 62 |
| Пенсия | 6 | 59 |
| Ишкердик | 4 | 67 |
| Убактылуу иш | 2 | 66 |
| Жөлөкпул | 1 | 43 |


Төмөндө, 6-таблицада облустардын өңүтүндө кирешенин негизги булактары келтирилген. Респонденттердин жоопторун талдоо Жалал-Абад жана Баткен облустарынын үй чарбаларынын кыйла үлүшү мигранттардын акча которууларына өтө көз каранды экендигин көрсөтүп турат – тиешелүү түрдө 64% жана 57%. Ош облусунда эле үй чарбаларынын 32%ы акча которууларды кирешенин башкы булагы деп эсептейт, анткен менен алардын 76%ында жыйынды кирешеде акча которууларынын үлүшү 70%дан 100%га чейин өзгөрүп турат.

## 6-таблица. Облустар боюнча кирешенин негизги булактары

| Кирешенин башкы булагы | Ош | | Жалал-Абад | | Баткен | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Үй чарба-лары-нын үлүшү% | Жалпы кире-шеден үлүш, % | Үй чарба-лары-нын үлүшү% | Жалпы кире-шеден үлүш, % | Үй чарба-лары-нын үлүшү% | Жалпы кире-шеден үлүш, % |
| Эмгек мигранты болуп саналган туугандар-дын акча которуулары | 32 | 72 | 57 | 61 | 64 | 64 |
| Өсүмдүк өстүрүү | 19 | 67 | 9 | 57 | 14 | 46 |
| Туруктуу иш | 13 | 71 | 18 | 63 | 6 | 50 |
| Мал чарбачылыгы | 18 | 70 | 6 | 46 | 6 | 63 |
| Пенсия | 12 | 69 | 0 | 70 | 8 | 47 |
| Ишкердик | 4 | 73 | 7 | 66 | 1 | 58 |
| Убактылуу иш | 1 | 67 | 3 | 73 | 1 | 37 |
| Жөлөкпул | 0 | 60 | 0 | 60 | 2 | 39 |

7-диаграммадан көрүнүп тургандай, Баткен жана Жалал-Абад облустарынын бөлүштүрүүлөрүнө салыштырмалуу Ош облусу боюнча бөлүштүрүү оңго жылган, бул жылуу Ош облусунун шаарларында жана шаарчаларында жашаган үй чарбалары тарабынан камсыз кылынган.


### *7-диаграмма. Алуучу үй чарбаларынын жалпы кирешесинде мигранттардын акча которууларынын үлүшүн бөлүштүрүү*



### 3.1.2. Мигранттардын социалдык-экономикалык портрети

Мүчөсү эмгек мигранты болуп калган үй чарбалары эмнени билдире тургандыгын түшүнгөн соң, акча табуу үчүн бөтөн өлкөгө баруу жана келип чыгуучу бардык натыйжалары менен демейки жашоо ыңгайынан бери болгондо бир нече жылга тышта калуу жагынан татаал чечимге барган эмгек мигранттардын өздөрүнүн жалпыланган портретин түзүү керек.

**8-диаграмма. Облустар боюнча миграциянын себептери**




Жооптор боюнча, региондо миграциянын негизги себеби – бул материалдык оор абал. Жалал-Абад облусунун респонденттеринин 70%дан ашыгы муну негизги себеп катары көрсөткөн. «Материалдык оор абал» деген жалпыланган түшүнүктөн респонденттер чоң үй-бүлө жана учурдагы керектөөнү камсыз кылуу үчүн материалдык активдердин жетишсиздиги менен шартталган кедейликтен тартып, топтолгон карыздарды берүү зарылчылыгына жана жаңы үй куруу үчүн акчанын жокту-

гуна чейинки ар кандай маанини түшүнө тургандыгын белгилей кетүү керек. Ошол эле учурда облустук айырма да бар. Баткен облусунда маанилүүлүгү боюнча экинчи себеп, респонденттердин 36%ынын пикири боюнча, «ар кандай жумуштун жоктугу», алар адистик боюнча же чоң акча төлөнүүчү ишке атаандашпайт. Ош облусунда болсо, чет өлкөдө окшош эмгек үчүн алда канча жогорку акыны алууга болот деген түшүнүк бар – 18%.

***Аскералы, 49 жашта, кайтып келген мигрант, Ош шаары,базарда бакалея азыктарын сатуучу***

*Подмосковьеде курулушта бетончу болуп иштеген. Орточо 20 миң рубль тапчу. Ай сайын үйүнө 12-15 миң сомдон жөнөтүп турган, бул акчага Ош шаарында машина сатып алышкан.*

*Каатчылыктын айынан иш токтоп калган, 2 ай эмгек акы төлөшкөн эмес, андан соң бошотуп жиберишкен. 2008-жылдын ноябрында кайтып келген. МИКБга барган, Камбар-Атадагы курулушка бетончунун ишин сунуш кылышкан, эмгек акысы – 8 миң сом. Макул болгон эмес, андан көрө базарда олтурган дурус. Бул бетончунун оор жана зыяндуу эмгеги үчүн өтө төмөн эмгек акы. Бетон менен иштегенде ден соолуктан ажырайсың, бирок Россияда жок дегенде акчага иштейсиң, ал эми бул жерде эч нерсе жок.*

Алуучулардын башка категорияларынан өтө айырмалануу менен мигранттардан которулган акчаларды негизги алуучулар болуп мигранттардын ата-энелери саналат, аларга мигранттар, салтка айланган азиялык менталитетти алып жүрүүчү катары, адептик түшүнүктөрдөн улам жардам берүүгө милдеттүү. Мигранттар үчүн ата-энелер үйдүн кутун сактоочулар, ошондой эле мигранттардын Мекенде калтырылган балдарынын тарбиячылары жана камкордук көрүүчүлөрү болуп саналат. Биринчи категориядан дээрлик үч эсе артта турган экинчи категориядагы алуучулар жубайлардын бирин – балдар менен үйдө калган күйөөсүн же аялын билдирет. Которулган акчалардын бенефициарларынын мааниси боюнча үчүнчү тобу болуп бир туугандар саналат жана болор-болбос топтогу алуучулар болуп мигранттардын балдары жана башка туугандары саналат.

### *7-таблица. Которулган акчаны негизги алуучулардын түзүмү, %*

| Которулган акчаны алуучулар | Алуучулардын жалпы санындагы үлүш |
|---|---|
| Ата-эне | 62 |
| Күйөөсү/аялы | 21 |
| Бир тууган | 4 |
| Балдар | 2 |
| Башка туугандар | 2 |
| Жыйынтыгы | 100 |

Которулган акчаны негизги алуучулар ата-энелер болуп саналгандыгынын фактысы ошондой эле мигранттардын көпчүлүк бөлүгүн үйлөнө элек жана турмушка чыга элек жаш өспүрүмдөр жана кыздар түзө тургандыгы менен шартталган, алар эмоциялык жактан али ата-энелерге байланып жана алардын көзүн карап турат. Бүткүл тандоо боюнча мигранттардын орточо курагы 30 жашты түзөт, модалдык белги 20дан 25 жашка чейинки интервалда турат, бул АБРдин отчетунун маалыматтарынан айырмаланат, анда мигранттын орточо курагы 34 жашты[56] түзөт.

Тандоо боюнча, Ош облусунун тургундары чет өлкөлөргө иштөөгө биринчилерден болуп жөнөдү жана алардан кийин гана Жалал-Абад жана Баткен облустарынын мигранттары ээрчиди деп болжолдоого болот. Ош жана Жалал-Абад облустарында эркектер менен аялдардын орточо курагы бирдей экенинин көрүнүшү байкалып турат, буга Баткен облусу кирбейт, ал жерде курактагы айырма статистикалык жактан байкаларлык.

### *8-таблица. Мигранттын курагы жана жынысы, облустар боюнча иш жүзүндөгү жана пландаштырылган миграциянын мөөнөттөрү*


| Орточо көрсөткүч | Ош | | Жалал-Абад | | Баткен | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | аял | эркек | аял | эркек | аял | эркек |
| Мигранттын курагы, жаш | 30 | 31 | 29 | 29 | 29 | 31 |
| Эмгектик миграцияда канча жыл | 2,8 | 3.0 | 2.0 | 2,3 | 1,8 | 2,1 |
| Миграцияда дагы канча жыл болууга ниеттенип жатат | 1,3 | 1,4 | 1,5 | 1,6 | 1,5 | 1,5 |

Миграциянын аякташынын күтүлгөн мөөнөттөрү жөнүндө үй-бүлөмүчөлөрүнүн жана мигранттардын өздөрүнүн жоопторунда олуттуу айырма байкалган. Үй-бүлө мүчөлөрү – жоопторун төмөнкү (1,5-2 жыл), мигранттардын өздөрү жогорку (4-5 жыл) чегин айткан.

Үч облус боюнча мигранттарды курагы жагынан бөлүштүрүү иш жүзүндө бирдей.

[56] Айырма эки себеп менен шартталышы мүмкүн: АБРдин долбоору боюнча иликтөө 2006-жылы жүргүзүлгөн. 2006-жылдан тартып 2009-жылга чейинки мезгилде кыргызстандык мигрант «жашарды» деп болжолдоого негиз бар, анткени миграциялык агымга эмгекке жарактуу куракка жаңыдан жеткен жаштар кошулду; АБРдин долбоору боюнча иликтөө бүткүл Кыргызстан боюнча жүргүзүлгөн, кыязы, түндүк региондон миграцияга алда канча улуу, тажрыйбасы мол жарандар барат, бул орточо курактын маңызына таасир этет.

## 9-диаграмма. Облустар боюнча мигранттардын курагын бөлүштүрүү




***Тамара (ысмы орусчалатып өзгөртүлгөн), 56 жашта, Екатеринбург шаары, базарда байпак продукциясы менен соода кылат***


*Мурдагы орус тили мугалими, Кыргыз Республикасынын Ош облусундагы Өзгөн шаарынан, ал жерде ата-энеси, бир туугандары калган. Тамаранын күйөөсү – мурдагы инженер, азыр заводдо пенсияга чейин иштеп жатат.*

*Адегенде күйөөсү жумуш жоктугунан улам кеткен, базарда соода кылган, бир жылдан кийин Тамара үч баласы менен барган. Россия Федерациясынын жарандыгын алган, күйөөсү заводго өткөн, эки баласы Свердловскинин ЖОЖдорунда контракт менен окуйт, кичүү кызы Екатеринбург шаарында мектепти бүтүп жатат.*

*Өткөн жылы барак үйдөн эки бөлмө сатып алышкан. Күйөөсү экөө россиялык пенсияга Өзгөндө жашоону пландап жатат. Балдар Кыргызстанга кайтууну каалабайт, Россияда алардын достору бар.*

Орус тилин билүү Россия Федерациясында ийгиликтүү ишке орношуунун жана байыр алуунун, анын натыйжасында алда канча пайдалуу шарттардын жана ала турган эмгек акынын деңгээлинин маанилүү факторлорунун бири болуп саналат. Орус тилин билүү боюнча баалар мигранттардын өздөрү жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү тарабынан берилгенин эске алуу керек. Тандоо боюнча бүтүндөй алганда респонденттердин 16%ы кызыкчылыктын объекти болуп саналган орус тилин мыкты билет – «эң жакшы»; 57%ы – «жакшы»; 27%ы – «канааттардыырарлык» окуйт, жазат жана сүйлөйт жана 0,3%ы гана иш жүзүндө тилди билбейт деп эсептейт. Россиялык эксперттердин пикири боюнча, орус тилин билүү Кыргызстандын мигранттарын Өзбекстан менен Тажикстандын мигранттарынан жакшы жагына айырмалап турат. Облустук бөлүштүрүү 10-диаграммада көрсөтүлгөн.

### *10-диаграмма. Облустар боюнча мигранттар орус тилин билишинин баасы, %*




10-диаграммадан көрүнүп тургандай, орус тилин «эң жакшы» билген мигранттардын саны Ош облусунан тартып Баткен облусуна карай азаят, мында тескери пропорцияда тилди билиши «канааттандырарлык» деп бааланган адамдардын саны өсөт.

Курагына жараша орус тилин азыраак билишинин тенденциясы байкалат, мигрант канчалык улуу болсо, баасы ошончолук жогору жана, тескерисинче, жаш муун орус тилин начар билет.

***Эламан, 18 жашта, кайтып келген мигрант, Шамалдысай шаары, Жалал-Абад облусу, орус тилинде начар сүйлөйт жана аны начар түшүнөт***
*Свердловск облусунда бир нече ай иштеген, 2009-жылдын башында кайтып келген. Каттоону жана жумушка уруксатты жасоо үчүн далдалчыга 5 миң рубль берген, анткени мөөнөт өтө кыска жана орус тилин билээрине ишенбейт. Жасалма уруксат жасашкан, анысы менен аны бийликтин өкүлдөрү кармап алган жана депортациялаган.*

Бүтүндөй алганда мигранттардын 60%ынын орто жалпы билими бар жана 1%ынын гана андай билими жок. Калган мигранттардын кесиптик билими бар: башталгыч кесиптик 4%, атайын орто - 11%, бүткөрүлбөгөн жогорку - 8%, жогорку - 16%.

Өлкөдөн кеткенге чейин мигранттардын кыйла бөлүгү жумушсуз болгон. Жумушсуздардын орточо курагы 28 жашты түзгөн.

### 9-таблица. Эмгек миграциясына кеткенге чейин эмгеги жумшалган тармак, %

| | Ош | Жалал-Абад | Баткен |
|---|---|---|---|
| Жумушсуз | 24 | 50 | 34 |
| Айыл чарбасы | 41 | 23 | 45 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 34 | 20 | 15 |
| Өнөр жайы | 1 | 7 | 6 |

***Масалбек, 38 жашта, Ош шаары, миграцияга чейин ИИМ органдарында иштеген, айына 2 миң сом алып турган***
*Жумушу кызыктуу болгон, бирок акчасы жок жашоодон, бардыгын үнөмдөөдөн тажаган. Акча табуу үчүн Казань шаарындагы туугандарына (РФ жарандары, СССР учурунда Казанда окуган) кеткен. Азыр кайтып келди, үйүндө, чарбасында алектенет, киши ташыйт. Казанда Кыргызстандан келген эркектер – троллейбустун, автобустун айдоочусу, мигрант-аялдар кондуктор болуп иштейт. Айдоочулар 15 миң рубль алат. Иши ийгиликтүү, Россия Федерациясынын жараны болгон кыргыздар бар, алар контейнерлерди, дүкөндөрдү сатып алууда. Алар кайтууну ойлонбойт, бирок Кыргыз Республикасынын жарандарына жардам берет.*

Кыргыз мигранттарынын эмгекти жумшоосунун географиясы Калининграддан Владивостокко, Якутскиден Ростова-на-Донуга чейин өзгөрүп турат, бирок, тандоо көрсөткөндөй, мигранттардын абсолюттук көпчүлүгү – 56%ы Москвада иштейт. 10-таблицада ар бир облустан 3%дан ашык мигранттар ишке орношкон шаарлар көрсөтүлгөн. Бардык облустар боюнча ишке орноштуруу жагынан лидер болуп – Москва, ал эми мигранттардын ичинде «москвалыктардын» үлүшү боюнча лидер болуп Баткен облусу саналат.

### *10-таблица. Облустар боюнча мигранттар ишке орношкон негизги шаарлар, %*

| Ош | | Жалал-Абад | | Баткен | |
|---|---|---|---|---|---|
| Москва | 40 | Москва | 48 | Москава | 75 |
| Красноярск | 5 | Санкт-Петербург | 9 | Подмосковье | 5 |
| Самара | 5 | Екатеринбург | 7 | Нижний Новгород | 3 |
| Санкт-Петербург | 5 | Красноярск | 4 | Екатеринбург | 3 |
| Башкалар | 45 | Башкалар | 31 | Башкалар | 14 |

***Рано, 27 жашта, Ноокат шаары, Ош облусу, өзбек маалеси, үй кызматчысы, Россияда 2,5 жыл жашаган***

*Жумуштун жоктугунун айынан күйөөсү таанышы болбой туруп, Россияга өзү кеткен. Жарым жылдан кийин келип, аялын алып кеткен, балдарын күйөөсүнүн ата-энесине калтырган. Ал орус тилин жакшы билет, Рано орусча сүйлөй албайт, начар түшүнөт. Алар үчүн күн көрүүнүн жалгыз ыкмасы – Россияда акча табуу, ал жакта алар Якутиянын рыногунда 3 жыл соода кылган. 2008-жылдын декабрында мурда жасап жүргөндөй, кайра кайтып келген.*

*Күйөөсүнүн бир тууганы Хабаровскиде иштейт. Ноокат районунан эмгек мигранттарынын 80%ы – Россияда, калгандары Ошто иштейт. Кыргызстандык мигранттар негизинен түндүккө, чоң шаарларга Сургутка, Новосибирскиге барат. Алардын үй-бүлөлөрүнүн тааныштары: 70%ы –курулушта, калгандары – соодада, азы гана айыл чарбасында иштейт. Азыр жаштар мектепти аяктаары менен Россияга кетип жатат.*

## 3.2. Экономикалык каатчылыктын таасири


### 3.2.1. Мигранттардын эмгек акысы

Эмгек акынын деңгээли кабыл алган өлкөдө мигранттын болуу убактысына пропорциялуу өсүп жаткандыгы шектенүүнү пайда кылбайт, анткени байыр алуунун баштапкы этабында мигрант кесиптик жана жүрүш-туруш тажрыйбасын топтоп, эмгек акысынын деңгээли кыйла төмөн болгон ар кандай иште иштөөгө даяр. Мигрант үчүн ушул эң татаал мезгил орточо 1-2 жылга созулат. Айрым мигранттар жумуштун шарттарына, россиялык климатка, туугандарынан алыста болууга чыдай албайт жана кайра кайтып келет. Бирок калып калган мигранттардын көпчүлүгү үчүн көнүү мезгили келет, ал 2 жылдан 4 жылга чейин создугат, бул учурда мигранттар иштөө жана жашоо шарттарын оптималдаштырууга кудуреттүү. Эгерде мигранттар Мекенине биротоло кайтып келбесе, анда чет өлкөдө иштеген 4 жылдан кийин акыл калчап тандоо мезгили башталат, ал алда канча ылайыктуу жумуш ордун же айкалыштыруу боюнча ишти издөө менен коштолот, бул мигранттын жаңы, алда канча туруктуу абалына ылайык келет. Мигранттар ар бир болуу мезгилинде Россия Федерациясынын жарандыгын алууга документтерди бере алат, бирок үчүнчү мезгилдин ичинде алар муну кыска мөөнөттү милдеттерди чечүү үчүн эмес, акыл-эстүү түрдө жасайт.

2008-жылдын экинчи жарымынан тартып каатчылык кырдаал эмгек рыногунун кыскарышына, анын ичинде мигранттар үчүн кыскарышына алып келди, бул өз кезегинде болуу мөөнөтүнө карабастан эмгек акынын ырааттуу өсүш процессин тетири бурду.

Каатчылыкка чейинки мезгилде эмгек акыны бөлүштүрүү чоң көрсөткүчтөр жагына кантип оогондугу жана ал каатчылык учурунда кантип кайра калыбына келе тургандыгы 11-диаграммадан жана 11-таблицадан көрүнүп турат. Каатчылыкка чейинки мезгилдеги орточо максималдуу жана орточо минималдуу эмгек акы 35%га айырмаланган. Каатчылыктын учурунда орточо эмгек акы орточо максималдуу эмгек акыга салыштырганда орточо 17%га төмөндөгөн жана орточо минималдуу эмгек акыдан 12%га гана жогору болгон. Эмгек акынын максималдуу көрсөткүчү да кыскарган. Каатчылыктын учурундагы тандоонун маалыматтары боюнча, мигранттардын айрымдары каатчылыкка чейинки мезгилде алган айына 50 миң сомдук эмгек акы деңгээлин эч ким сактай алган эмес.

## 11-диаграмма. Мигранттардын каатчылыкка чейинки жана анын учурундагы эмгек акысын бөлүштүрүү





## 11-таблица. Каатчылыкка чейин жана анын учурунда мигранттардын эмгек акысынын негизги мүнөздөмөлөрү, айына миң рубль

| | Каатчылыкка чейинки эмгек акы | | Каатчылык учурундагы эмгек акы |
|---|---|---|---|
| | ишке орношуунун башталышындагы минималдуу | иштөө мезгилиндеги максималдуу | |
| Орточо көрсөткүч | 12, 1 | 16,3 | 13,6 |
| Медиана | 10,0 | 15,0 | 13,0 |
| Максимум | 35,0 | 50 | 36,0 |

12-диаграммадан көрүнүп тургандай, кабыл алган өлкөдө 2 жылдан ашык эмес жүргөн мигранттардын эмгек акысы каатчылык мезгилинде баарынан көбүрөөк кыскарган жана 4 жылдан ашык жүргөндөрдүкү барынан азыраак кыскарган. Мындай кырдаал өлкөдө жүргөн учурда мигранттардын кесиптик жактан өсүшү, иш берүүчүлөрдүн туруктуу иштеген мигранттарга карата көбүрөөк таламдаштыгы, ошондой эле жергиликтүү жамаатка көбүрөөк байыр алышы менен шартталган.

### 12-диаграмма. Эмгек акынын өлчөмдөрү жана эмгектик миграцияда болуунун мөөнөттөрү





***Акмал, 20 жашта, миграциядан кайтып келген, Ношкен айылы, Жалал-Абад облусу***

*Свердловск облусунун пилорамасында 7 ай гана иштеген, каатчылыктын айынан 2009-жылдын апрелинде кайтып келген: эмгек акысы айына 10-12 миң рублдан 5-6 миң рублга чейин азайган. Үйүндө жумуш жок. Каатчылыкты аякташын күтүп жатат.*

Мигранттын мобилдүү жана ийкемдүү болууга, жумуш орду көбүрөөк жагымдуу (эмгек акысы жогору, эмгек шарттары жакшы ж.б.) болгон учурда аны алмаштырууга даярдыгы – мигранттын ийгиликтүү ишке орношуусунун өбөлгөсү, ал эми каатчылыктын шарттарында стратегия болуп саналат.

## 13-диаграмма. Миграцияда болуу убактысына жараша мигранттар иш ордун алмаштыруусунун динамикасы




Россия Федерациясында 2 жылдан ашык эмес болгон мигранттардын дээрлик үчтөн экиси иш ордун бир жолу да алмаштырган эмес, мындай мигранттардын төрттөн биринен азы иш ордун бир жолу алмаштырган жана 7%ы гана ишин 2 жолудан ашык алмаштырган.

Миграцияда 4 жылдан ашык жүргөн, бир жумуш ордунда иштеген мигранттар жарымынан азын – 46%ды түзөт. Мындай мигранттардын 30%ы жумуш ордун жок дегенде бир жолу алмаштырган, 16%ы жумуш ордун 2 жолудан ашык алмаштырган. Бул контекстте жумуш ордун алмаштырууга даяр мобилдүү мигранттар экономикалык каатчылыкка жакшыраак байыр алат, анткени бул мигранттар колдонгон алда канча жөнөкөй жана жеткиликтүү стратегиялардын бири.


### 3.2.2. Акча которуулар

Кыргыз Республикасынын эл аралык акча которуулар боюнча атайын мыйзамдары жок. Которулуп келген акчалардын өлчөмү боюнча укуктук чектөөлөр жок, алар чыккан өлкөнүн акча которуу мыйзамдары же акча которуучу оператордун (АКО) ички эрежелери менен жөнгө салынат. 2006-жылы АБРдин иликтөөлөрүнүн маалыматтары мигранттардын көпчүлүгү – 78,5% - коммерциялык банктар жана алардын филиалдары, башкача айтканда, формалдуу каналдар аркылуу акча которуучу операторду пайдалана тургандыгын

жана которулган акчалардын көпчүлүк бөлүгү -78,2%ы өлкөгө ушул канал58 аркылуу келе тургандыгын көрсөттү.

Тандап алынган маалымат үй чарбасында акча которуп турган мигрант сөзсүз бар болгудай түрдө чогултулгандыктан, каатчылыкка чейин бардык мигранттар акча которуп тургандыгы таң калычтуу эмес. Рубль түрүндө акчаны орточо которуу 11 миң рублди түзгөн. Бир жолку акча которуунун өлчөмү 1 миң рублдан 100 миң рублга чейинкини түзүп турган. Медианалык жана модалдык көрсөткүч 10 миң рублдан түзгөн. Орточо ар бир мигрантка жылына 4,2ден акча которуу туура келген.

### *14-диаграмма. 2008-жылы мигранттардан акча которуулардын санын бөлүштүрүлүшү*




Эгерде мигранттардын каатчылыкка чейинки жылдык кирешесин карасак жана акча которуунун кирешедеги үлүшүнө баа берсек, анда орточо медианалык жана модалдык көрсөткүчтөр тиешелүү түрдө 23%ды, 25%ды жана 20%ды түзөт. Мында мигранттардын 24%ы жылдык кирешенин 30%ын жана андан ашыгын жөнөтүп турган.

***Мухтар, 34 жашта, кайтып келген мигрант, Таш-Көмүр шаары, Жалал-Абад облусу, туугандары менен бирге өз кафесин куруп жатат***


*Оренбургда курулушта иштеген. Айына 15 миң рубль алчу. Ай сайын үй-бүлөсүнө болжол менен жарымын жөнөтүп турган. Кайтып келген, анткени иш токтоп калган, азырынча кайра чакырыша элек. Бирок кайрадан 15 миңге барбайт, азырынча алмашуу курсу ушунчалык төмөн.*

**Болот, 31 жашта, кайтып келген мигрант, Таш-Көмүр шаары, Жалал-Абад облусу**

*Омскиде «Солнечный» коттедж поселкасын курган. Демейде кышында үйүнө кайтып келет. Айына 30-40 миң рублдан таап турган. Эмгек акысынын жарымын үйгө которгон. Хабаровскиде 70-80 миң рублдан табышат деп уккан. Каатчылык аяктагандан кийин Россияга кайра кайткысы келет.*

Каатчылык учурунда акчаны которуу жагынан кырдаал өзгөрдү. 2009-жылдын беш айлык жыйынды кирешесинде которулган акчанын үлүшү төмөнкүдөй: орто, медианалык жана модалдык көрсөткүчтөр тиешелүү түрдө 18%, 13% жана 10%.

### *15-диаграмма. Акча которууларды бөлүштүрүү, мигранттардын кирешелеринен үлүш*




Эгерде 2008-жылдын ичинде тандалгандардын ичинен бардык мигранттар Кыргыз Республикасына акча которгон болсо, миграцияда жүргөн жана 2009-жылдын 5 айынын ичинде акча которбогон мигранттардын саны 16%ды түзгөн. Акчаны бир которуунун көрсөткүчү 0,5 миң сомдон 5 миң сомго чейин өзгөрүп турат.

***Доктурбек, 43 жашта, Таш-Көмүр шаары, Жалал-Абад облусу, базарда соода кылат***


*Подмосковьеде курулушта иштеген. 12 миң рубль таап турган. Ай сайын үйүнө 5 миң сом жөнөтчү. Каатчылыкта эмгек акыны создуктура баштаган, андан соң бошотуп жиберген, анын үстүнө 2 ай үчүн төлөгөн эмес. Эгерде россиялык жарандыгы бар болсо, акчаны кайтарып беребиз деп убада кылышкан, жок болсо бербейбиз дешкен. Эгерде каатчылыктан кийин алмашуу курсу өзгөрбөсө, мындан ары Россияга барбайт. Эки уулу али Подмосковьеде. 2008-жылдын октябрынан бери акча жөнөтө элек. Жол кирееге акча табаары менен кайра кайтып келишет.*

### *12-таблица. Мигранттардын акча которууларынын салыштырма параметрлери*

| Акча которуулардын параметрлери | 2008-ж. | 2009-жылдын 5 айы |
|---|---|---|
| Орточо которуу, руб. | 11 037 | 8 177 |
| Бир которуунун медианалык көрсөткүчү, руб. | 10 000 | 7 000 |
| Мигранттардын кирешелеринен которуунун үлүшүнүн медианалык көрсөткүчү, % | 25 | 13 |
| Мигранттардын кирешелеринен которуунун үлүшүнүн модалдык көрсөткүчү, % | 20 | 10 |

Каатчылыктын учурунда акчаны орточо которуунун өлчөмүнүн азайышы жана ошол эле учурда мигранттардын кирешелеринде акча которуунун үлүшүнүн кыскарышы болуп өткөн. Бул эмгек акысы азайган, иш ордунан ажыраган жана жаңы жумуш ордун издеп жаткан учурда мигранттар акча которуунун деңгээлин мурдагыдай деңгээлде сактагыдай түрдө чыгымдарын кыскарта албай тургандагы жөнүндө айгинелеп турат.

## *16-диаграмма. Каатчылыкка чейин жана анын учурунда мигранттардын акча которууларынын өлчөмүнүн бөлүштүрүлүшү*




Тандоого туш келген мигранттардын суммалык акча которуулары 13-таблицада көрсөтүлгөн.


## *13-таблица. Акча которуулардын түзүмү жана көлөмү*

| Акча которуулардын түзүмү | Валюта | | |
|---|---|---|---|
| | рубли | АКШ доллары | сом |
| 2008-жылдын 12 айынын ичинде | 82% | 16% | 2% |
| 2009-жылдын 5 айынын ичинде | 83% | 14% | 3% |
| **Акча которуунун суммасы, млн. сом** | | | |
| 2008-жылдын 12 айынын ичинде | 87,25 | | |
| 2009-жылдын 5 айынын ичинде | 13,21 | | |

Тандоонун маалыматтары боюнча 2008-жылдын 12 айынын ичинде мигранттардын акча которууларынын суммалык көлөмү – 87 млн. 250 миң сомду, ал эми 2009-жылдын 5 айынын ичинде 13 млн. 210 миң сомду түздү. Эгерде эсептерди 5 айга барабар болгон убакыт интервалына карата жүргүзсөк жана акча которуудагы сезондуулукту эске алсак[59], анда 2008-жылдын ушундай мезгилине салыштырганда тандоо боюнча акча которуулардын көлөмү 2,17 эсе кыскарган.

Акча которуулардын салыштырма өлчөмдөрүн жана алардын бакубаттуулукка объективдүү таасирин түшүнүү үчүн башка кирешелерди эске албаганда, акча которуунун жылдык көлөмү үй чарбасына эсептелген жылдык минималдуу керектөө бюджетин (МКБ) канчалык жаба тургандыгын карап көрөлү. Бул үчүн тиешелүү мезгил үчүн мигранттардын акча которууларынын жылдык суммалык көлөмүн жана үй чарбаларынын бардык мүчөлөрүнүн МКБсын салыштыруу зарыл.

## 17-диаграмма. Үй чарбаларынын МКБсында акча которуулардын үлүшүнүн бөлүнүшү





Башка кирешелерди эсепке албаганда, 2008-жылы үй чарбаларынын 30%ында акча которуулар МКБнын жарымынан ашыгын жапкан, ал эми 8%ында үй чарбасына МКБнын өлчөмүнөн ашкан. Каатчылыктын таасири абалды олуттуу өзгөрттү: 2009-жылдын 5 айынын ичинде үй чарбаларынын 32%ы акча которууларды алган эмес[59], үй-бүлөлөрдүн 7%ында акча которуулар МКБнын жарымынан ашыгын жапкан жана 2%ында гана МКБнын өлчөмүнөн ашкан.

[58]«Эл аралык мигранттардын акча которуулары жана Кыргыз Республикасындагы кедейлик» деген отчет, 2007-жыл, АБРдин «Борбордук Азиядагы жана Түштүк Кавказдагы эл аралык мигранттардын акча которуулары боюнча иликтөө» долбоору

[59]2008-жылга салыштырганда мигранттардын 16%ы акча жөнөткөн эмес жана дагы 16%ы кайтып келген жана Кыргыз Республикасында жүрөт

## *18-диаграмма. Үй-бүлөнүн өлчөмүнө жараша акча которуулардын эсебинен үй чарбаларынын минималдуу керектөө бюджетин жабуу*





18-диаграммадаүй-бүлөлөрдүнМКБсында акча которуулардын үлүшү үй-бүлөнүн өлчөмүнүн өсүшү менен төмөндөп жаткандыгы көрүнүп турат. Эсептөөлөр боюнча 2008-жылдын ичинде эки адамдан турган үй чарбасы акча которуунун эсебинен МКБны толук жабууга үмүттөнө алгандыгы алынган, ошол эле учурда тандоо боюнча орточо өлчөмү 7 адамдан турган үй чарбалары акча которуунун эсебинен МКБнын 30%ын гана жаба алган.

Акча которууларын алуучу үй чарбаларынын чыгымдарынын багыты да, бул чыгымдардын өлчөмүн эске албаганда, каатчылыктын таасири астында өзгөргөн, муну 19-диаграмма көрсөтүп турат. Сезондуулук мүнөзүн эске алган күндө да, 2008-жылдын чыгымдарында пикири суралган үй чарбаларынын жарымы кыймылсыз мүлк менен байланышкан сарптоолорду жасаган: сатып алуу, куруу, кайра куруу, оңдоо. 2009-жылдын 5 айынын ичинде үй чарбаларынын 30%ы гана кыймылсыз мүлк менен байланышкан сарптоолорду жасады. Алсак, 2008-жылы үй чарбаларынын 20%ынан ашыгы турмуш-тиричилик техникасын сатып алган, 2009-жылы буга үй чарбаларынын 3%ы гана акча короткон. Бирок 2008-жылы үй чарбаларынын – 7%ы, 2009-жылы 20%ы акча коротпостон, топтогон.

***Заурбек, 38 жашта, Таш-Көмүр шаары, Жалал-Абад облусу, базарда продуктулар (күрүч, кант, шоколад, чай ж.б.)менен соода кылат***
*Жумасына 1000 сом табат. 6 адамдан турган үй-бүлө үчүн бул өтө аз.*
*Каатчылыкка чейин Москвада плитка жаткыруучу болуп иштеген. Таш-Көмүрдөгү коңшусу – ортомчу аркылуу ишке орношкон. Тамактан жана түнөктөн үнөмдөп, айына 5 миң рубль жөнөтүп турган, аны үй-бүлөсү тамак-ашка чыгымдаган. 70 миң сом топтогон. Андан соң жумуш болбой калган. Кайтып келген жана тапкан акчасына эски «Москвич» сатып алган, аны менен базарга продуктуларды ташыйт. Каатчылыктан кийин кайрадан кеткиси келет.*


## 19-диаграмма. Акча которууларын алуучу үй чарбаларынын чыгымдары



20- жана 21-диаграммаларда мигранттардын акча которуулары кыскарган каатчылыкка чейинки жана каатчылык башталгандан кийинки үй чарбаларынын чыгымдарынын түзүмүн салыштыруу төмөнкүдөй айрым тенденцияларды көрсөтүп турат:

- учурдагы керектөөгө чыгымдардын үлүшү көбөйдү, бул башка теңдеш шарттардын учурунда үй чарбаларынын кирешелеринин төмөндөшүн мүнөздөйт;
- узак колдонулуучу буюмдарга – турмуш-тиричилик техникасына чыгымдар кыскарды;
- кыймылсыз мүлккө чыгымдардын үлүшү мурдагы деңгээлде калды (мигранттар менен маектен, булар – башталган курулушту аяктоого, оңдоого чыгымдар);
- контракттык окутууга акы төлөөгө – мурда алынган милдеттенмелерди аткарууга; тойлорду, кырк-аштарды өткөрүүгө чыгымдар өзгөргөн эмес – чыгымдардын бул статьясы да каатчылыктын таасири менен өзгөргөн эмес;
- «башкаларга» чыгымдар кыскарган, мында респонденттер негизинен ата-энелер үчүн дарылануу жана эс алуу сыяктуу багыттарды көрсөткөн;
- үй чарбалары салыштырмалуу түрдө аз чыгымдап жана тиешелүү түрдө акчаны салыштырмалуу түрдө көбүрөөк топтой баштады.


## 20-диаграмма. Каатчылыкка чейин мигранттардын үй-бүлөлөрү акча которууларды чыгымдашынын түзүмү



***Осмон, 31 жашта, кайтып келген мигрант, Өзгөн шаары, Ош облусу***

*Москва облусунда 1,5 жыл кыш кыноочу болуп иштеген. 2008-жылдын октябрында кайтып келген, анткени объектти – турак үйдү курууну аяктаган. 20 миң рублден алып турган. Бүткүл мезгилдин ичинде 60 миң рубль которгон, аларды үй-бүлө тамак-ашка жумшаган.*

### 21-диаграмма. Каатчылыктын учурунда мигранттардын үй-бүлөлөрү акча которууларды чыгымдашынын түзүмү





***Гузаль, 59 жашта, пенсионер, Хайдаркан шаары, Баткен облусу, базарда сатуучу***

*7 баласынын ичинен 5и Россияда иштейт. Балдардан келген акча которууларга күн көрүп, дары-дармек сатып алып, майып күйөөсүнүн ден соолугун чыңдап, балдарынын улуусуна үй курушкан. Азыр бардыгын, кала берсе тамак-ашты да үнөмдөшөт. Базарга чыгууга туура келген.*

Акча которууларды алуучу үй чарбаларынын чыгымдары жөнүндө респонденттердин жоопторун мигранттардын түздөн-түз өздөрүнүн акча которууларынын катышуусу менен максатка ылайык пайдалануу жөнүндө жооптордон айырмалоо зарыл. 22- жана 23-диаграммаларда мигранттардан алынган каражаттарга кыйла чыгымдоолор жөнүндө жалпыланган жооптор көрсөтүлгөн. Респонденттердин жалпы санынын ичинен ар бир онунчусу акча которуунун эсебинен автомобиль сатып ала алган, дээрлик 4%ы кыймылсыз мүлк сатып алган. Үлүшүнө 12,6% туура келген «эч нерсе» деген жоопту учурдагы керектөөгө чыгымдар катары түшүнүү керек, башкача айтканда, мигранттардан келген каражатка байкаларлык эч нерсе сатып алынган эмес.

## 22-диаграмма. Мигранттардан келген акча которуулардын эсебинен максаттуу чыгымдардын түзүмү, %





Мигранттардан алынган, үйлөрдү курууга жана оңдоого, мал сатып алууга, той өткөрүүгө, турмуш-тиричилик техникасын сатып алууга акчалай которуулар.

***Муратбек, 35 жашта, кайтып келген мигрант, Ош шаары.***
*Казанда 30 адамдан турган бригадада (негизинен оштуктар) 5 жыл иштеген, шаарда квартираларды оңдогон. 25-30 миң рубль алып турган. Ай сайын 10 миңден 20 миң рублга чейин жөнөтүп турган. Бир жылдан кийин аялын алып кеткен, ал да Казанда базарда 1,5 жыл иштеген. Топтогон акчага Ошто курулуп бүтө элек чоң үйдү сатып алышкан, аны аягына чыгарып, машина сатып алган. Эгерде иштөө үчүн барбаганда, буларды 20 жылда да сатып ала албак эмес.*

Мигранттардын акча которууларын үй чарбалары максаттуу пайдаланышынын багыттары облустар боюнча айырмаланат. Жалал-Абад облусунун үй чарбалары курулушка жана оңдоого чыгымдар бүткүл регион үчүн негизгиси болуп саналган учурда акча которууларды ушул багытка пайдалануу боюнча лидер болгон.

## 23-диаграмма. Облустар боюнча мигранттардын акчасына жасалган маанилүү чыгымдар, %




Мигранттардын каражаттарын мал сатып алууга жана той, кырк-аштарды өткөрүүгө жумшоодо Жалал-Абад облусунун үй чарбалары кыйла айырмаланган. Ош облусунун үй чарбаларынын үчтөн бири, башка облустардын үй чарбаларынан айырмаланып, акча которууларды учурдагы керектөөлөргө сарптаган. Баткен облусунун үй чарбалары акча которууларды турмуш-тиричилик техникасын жана эмеректерди сатып алууга жумшоону артык көргөн.

### 3.2.3. Жүрүм-турум стратегиясы

Респонденттер экономикалык каатчылыктын кесепеттери жөнүндө жеке турмушунун бакыбаттуулугу аркылуу ой жүгүртөт. Пикири суралгандардын 70%ы дал каатчылык алардын турмуш абалынын кыйла начарлашына алып келгендиги жөнүндө айткан. Облустук өңүттө Ош облусунда респонденттердин – 66%ы, Жалал-Абад облусунда – 86%ы жана Баткен облусунда 55%ы начарлоону белгилеген.

*Ар айдагы бир жолку жөлөкпулду (АБЖ) алуу*

Эгерде каатчылык белгисиз убакытка создукса, анда формалдуу белгиси боюнча АБЖны алышы мүмкүн болгон, бирок мигранттардын эсебинен кыйла жакшы камсыз кылынгандыктан улам аны албай турган үй-бүлөлөрдүн бир бөлүгү ага атаандашат деген болжол тестирленген. Пикир сурап-билүүнүн натыйжалары боюнча төмөнкүдөй көрүнүш алынган:

- азыркы учурда үй-бүлөлөрдүн 21,5%ы АБЖны алат;
- 22,3%ы атаандашпайбыз, анткени бизге каралган эмес деп жооп берген (алардын ичинен 0,8%ы ушул тапта албайт);
- 5,5%ы атаандашпайбыз, анткени бизге каралган эместигин билебиз деп жооп берген;
- 6,3%ы жооп бере алган эмес.

Ошентип, каатчылык создуккан шартта тобокелдиктин жогорку чегин АБЖны

алууга кошумча атаандаш 12,6%[60] үй-бүлө деп баалоого болот.

*Мигранттарга мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдардын жардамы*

Пикир сурап-билүү процессинде мигранттар жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү миграциялык процесстер менен байланышкан көйгөйлөрдү чечүүгө Кыргыз Республикасынын жана Россия Федерациясынын мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдарынын катышуусу жөнүндө канчалык маалымдар экендиги жана алардын жардамын мигранттардын өздөрү канчалык талап кылаары айкындалды. Жооптор мигранттарга жардамдын потенциалдуу булактары жөнүндө мигранттардын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн маалымдар болушунун деңгээли жагынан кейиштүү статистиканы берет. Суроолордун бүткүл тобу боюнча жооптордун 97%дан ашыгы – зарыл болгон учурда жардам бере ала турган эч кандай уюмду «билбейм». МИМКнын бардык күч-аракеттерине карабастан, анын жардам көрсөтүү жагынан мүмкүнчүлүктөрү боюнча мигранттардын үмүт-тилектери – минималдуу, Кыргыз Республикасынын Россия Федерациясындагы Элчилиги жагынан да ушундай. Анын үстүнө жооптордо эч кандай россиялык уюм көрсөтүлгөн эмес. Тыянак мындай: адамдар өздөрүнө гана, же болбой калган учурда, досторунун, туугандарынын, айылдаштарынын же жөн гана жердештеринин жардамына үмүттөнөт.


Мамлекеттин деңгээлинде чет өлкөлөрдөгү кыргыз диаспораларынын коомдук уюмдарына олуттуу социалдык жоопкерчилик жүктөлгөндүгүнүн фактысы өзгөчө кейитет, ошол эле учурда алардын жардамын жана коомдук ишин мигранттардын өздөрү өтө төмөн баалайт.

*Мигранттардын кайтып келишине үй-бүлөлөрдүн мамилеси*

Белгилүү болгондой, үйдө калган үй-бүлө мүчөлөрү чет өлкөдө миграцияда жүргөн туугандары үчүн тынчсызданат жана аларды сагынат. Миграциянын социалдык-психологиялык көйгөйлөрү бар экендиги жана алардын бөлүнүп жүргөн үй-бүлөлөрдө келип чыккан натыйжалары жөнүндө тастыктаган бир катар иликтөөлөр бар. Каатчылыктын учурунда туугандары мигранттардын үйгө кайтып келишин талап кылышы керек эле. Бирок пикир сурап-билүү буларды көрсөттү: респонденттердин 53%ы өздөрүнүн туугандарына каатчылыктан улам өлкөгө кайтып кел деп кеңеш бербейт, 7%ы жооп бере алган эмес жана 40%ы мигранттарга жок дегенде каатчылык учурунда кайтып келүүнү сунуш кылган. Мында кайтып келүүнү сунуш кылгандардын ичинен 10%ы гана мигрант Россияда аткарган жумуш Мекенде анын калктуу конушунда талап кылынат деп ишенет. Мигранттар үйүнө кайтып келген учурдагы кеңештер жана иштин түрүнүн варианттары 24-диаграммада келтирилген.


[60] 12,6% деген жогорку чек 0,8%дан, 5,5%дан жана 6,3%дан топтолот.

### *24-диаграмма. Мигранттар кайтып келген учурда иштин түрү боюнча сунуштар*




Көрүнүп тургандай, туугандардын 73%ы мигранттар кайтып келген учурда өзүнүн калктуу конушунда алар үчүн реалдуу келечекти көрө албай жатат.

### *25-диаграмма. Мигрант Россияда аткарган иштин түрүнүн талап кылынышы*




25-диаграммада мигрант Россияда аткарган же аткарууну улантып жаткан иштин түрүнүн талап кылынышы жөнүндө жооптор келтирилген. Облустук борборлордон келген мигранттар салыштырмалуу алда канча пайдалуу абалда турат, анткени кыргыз мигранттары Россияда ишке орношкон негизги жерлер – булар ири шаарлар жана алар миграцияда жүргөндө ээ болгон жөндөмдөр Мекенинде талап кылынышы мүмкүн. Ишке орношуу мүмкүнчүлүгү өтө төмөн болгон, ал эми иштин ар кандай түрлөрү көп учурда жана дегеле талап кылынбай турган чакан шаарларга жана айылдарга кайтып келүүгө аргасыз болгон мигранттар, кыязы, начар абалда калат. Кайтып келген тышкы мигранттардын зор бөлүгү Бишкек жана Ош шаарларында иш табууга умтулуп, ички мигрант болуп калат деп болжолдоого болот. Бүтүндөй алганда, респонденттердин айткандары боюнча, кайтып келген мигранттардын 10%ы миграцияда жүргөндө алган жөндөмдөрүнө ылайык иш таба алат; 56%ы – таба албайт жана респонденттердин 34%ы бул суроого жооп бере алган эмес.

*Россиянын миграциялык мыйзамдарын аткаруу*

Пикири суралган респонденттердин төрттөн бири кыргыз мигранттары жарандыгын алмаштыруу менен олуттуу чечим кабыл алып, иштен жана миграцияда акча табуу мүмкүнчүлүгүнөн ажырап калууну минималдаштырды деп жооп беришкен.

**26-диаграмма. КР жарандары Россия Федерациясынын жарандыгын кабыл алышы**




***Карим, 34 жашта, Ноокат шаары, Ош облусу, өзбек маалеси***

*Кыргызстанга эс алуу жана туугандары менен учурашуу үчүн келген, Иркутскиде 5,5жылдан бери жашап жана иштеп жатат, ал жакта россиялык жарандыкты алган. Иркутскиде базарда дүкөнү бар, 4-5*

*кишини жалдайт. Бир туугандары Якутияда Россия Федерациясынын жараны болуп калды, ал жерде иштешет. Жумуш жоктугунан улам Кыргызстанга кайтуу жөнүндө ойлоно элек.*
*Россияда узак мөөнөттүү ишке орношуу үчүн Кыргыз Республикасынын жарандары каттоосун, ишке орношууга жана жылына бир жолу Россия Федерациясынын чек арасынан өтүүгө уруксатты дайыма жаңылап турууга тийиш. Ошондуктан Россия Федерациясынын жарандыгын алуу дурус. Бул андан аркы турмушту кыйла жеңилдетет. Орус тили иштөө үчүн керек. Анын тааныштарын Якутскиде адегенде орус тилине окутат. Орточо эмгек акы 15-20 миң рублди түзөт. Россиянын жарандары менен жараны эместердин эмгек акыларынын ортосунда айырма бар. Негизинен эмгек мигранттары дүкөндөрдө жүк жүктөөчү жана айдоочу болуп иштейт.*

Иликтөө көрсөткөндөй, мигранттардын абсолюттук көпчүлүгүндө – 95%ында пикир сурап-билүү учуруна карата ишке уруксаты болгон, 15%ынын каттоосу бар болгон, бул россиялык жарандыгы бар мигранттардын санына ылайык келет, 83%ынын убактылуу каттоосу бар. Эмгек ишин жүзөгө ашыруу учурунда стабилдүүлүктү камсыз кылуу үчүн мигранттардын 26%ы Россия Федерациясынын жарандыгын алуу стратегиясын тандай тургандыгы 26-диаграммадан көрүнүп турат.

*Мигранттардын пландары*

Пикир сурап-билүү учурунда мигранттардын бир бөлүгү, анын ичинде каатчылыктын өтүп кетишин күтүп келгендер жана биротоло келгендер үйүндө болгон. Кайтып келген мигранттардын үйдө болуу убактысынын орточо узактыгы 3 айды түзгөн. Кайтып келген мигранттар азыр эмне кылып жатканы жана жакынкы келечекте эмне кылууну пландап жатканы айкындалды. Мигранттардын жооптору 14-таблицада келтирилген.

## 14-таблица. Кайтып келген мигранттардын ишинин учурдагы жана пландалган түрлөрү

| Учурдагы иш | Мигранттардын саны, % | Пландалып жаткан иш | Мигранттардын саны, % |
|---|---|---|---|
| Жумушсуз | 49 | Россиядагы иш | 51 |
| Айыл чарбасы | 26 | Айыл чарбасы | 18 |
| Жумуш, анын ичинде базардагы соода | 14 | Жумуш, анын ичинде базардагы соода | 10 |
| Үй чарбасы | 5 | Үй чарбасы | 2 |
| Эс алуу | 4 | Окутуу | 2 |
| Дарылоо | 2 | Дарылоо | 1 |
| Окутуу | 2 | Билбейм | 16 |

14-таблицадан көрүнүп тургандай, бардык жумушсуздар Россияда эмгек ишин кайрадан улантууну пландайт. Келген учурга карата көпчүлүк мигранттар аткарып жаткан жумуштар узакка созулган келечекте аларды канааттандырбайт, ушундан улам эмгегин жумшай турган жер табылаар-табылбасына күмөн пайда болот. Бул адамдар мурдагы эмгек ишине кайрадан кайтат деп күтө берүү керек.

***Сапар, 46 жашта, кайтып келген мигрант, Таш-Көмүр шаары, Жалал-Абад облусу, адамдарды жекече ташып иштейт***
*Новосибирскиде чакан заводдун цехинде жүк жүктөөчү болуп иштеген. 15 миң рубль таап турган. Үйүнө өтүнүч боюнча гана кандайдыр-бир конкреттүү максаттарга (мал, кырк-аш) акча жөнөтүп турган. Машина сатып алган, азыр аны ошол багып жатат. Каатчылык аяктаары менен көпчүлүгү кайрадан Россияга кетет, анткени бул жерде жумуш жок. Шаарда кайрадан аракечтик жана уурулук башталат.*

***Бурул, 48 жашта, мигранттын аялы, Кызыл-Кыя шаары, Баткен облусу, базарда жашылча сатат***
*Үй-бүлөдө 5 бала бар. Январда күйөөсү Москвадан кайтып келген, ал жерде курулушта 2 жыл иштеген. Орус тилин начар билет. 10-15 миң сомдон таап, ай сайын жөнөтүп турган. Азыр эч нерсе кылбайт, ичип коет. Базардагы соода да өткөн жылга салыштырганда төмөн түшүп кетти. Адамдардын акчасы азайып калды.*

### *3.2.4. Экономикалык каатчылыктын бөлүштүрүүчү натыйжасы*

Мигранттардын ар кандай социалдык-демографиялык топторуна жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнө каатчылыктын терс таасиринин натыйжасы бирдей эмес жана отчеттун ушул бөлүмү жоготуулардын даражасын шарттаган факторлорду аныктоо аракети болуп саналат.

Пикир сурап-билүүлөр жана талаа иликтөөлөрү каатчылык бирин калтырбай бардык эмгек мигранттарына иштен бошотуу, эмгек акыны азайтуу, эмгек акыны көбөйтпөй туруп жумуш убактысынын узактыгын көбөйтүү, дем алыш күндөрдүн санын кыскартуу түрүндө же башка кодулоочу формаларда таасир эткенин көрсөттү.

Талаа иликтөөлөрүнүн маалыматтарын сандык талдоонун алкагында төмөнкүдөй салыштырмалуу көрсөткүчтөр боюнча каатчылыктын таасиринин бөлүштүрүүчү натыйжасын баалоо мүмкүнчүлүгү пайда болду:

- Мигранттын каатчылыкка чейинки эмгек акысынын өлчөмүнүн каатчылык учурунда алып жаткан эмгек акысына карата катышы;
- каатчылыкка чейинки акча которуунун өлчөмүнүн каатчылык учурунда жөнөтүлүп жаткан акча которуусуна карата катышы;
- мигранттын каатчылыкка чейинки эмгек акысында акча которуунун үлүшү;
- мигранттын каатчылык учурундагы эмгек акысында акча которуунун үлүшү.

Жогоруда саналган көрсөткүчтөр боюнча талдоо иликтенип жаткан мигранттар төмөнкүдөй белгилер боюнча топтоштурулган байымдуулугун аныктоо үчүн факторлорго жараша жүргүзүлгөн:

- гендер;
- Россия Федерациясынын жарандыгы;
- орус тилин билишинин даражасы;
- билим деңгээли;
- үй чарбасынын кирешесинин башкы булагы.

Алдыга коюлган милдеттерди чечүү үчүн маанилүүлүктүн 10%дык деңгээлинде эки орточо көз карандысыз тандоолорду Т-тест салыштыруу колдонулган, мында чаржайыттыктын теңдештигине тест алдын ала жүргүзүлгөн. Эсептердин натыйжалары 5-тиркемеде келтирилген.

*Гендер*

«Каатчылыкка чейин эмгек акыдагы акча которуунун үлүшүн» кошпогондо, орточо көрсөткүчтөрдө гендердик айырмалар табылган эмес. Каатчылыкка чейин эркектер аялдарга караганда тапкан акчасынын көпчүлүк бөлүгүн жөнөтүп турган: тиешелүү түрдө каатчылыкка чейин – 23% жана 20%, каатчылык учурунда 13% жана 13% (5-тиркеменин 1-таблицасы).

## 15-таблица. Гендер боюнча эмгек акынын жана акча которуунун медианалык көрсөткүчтөрү, миң рубль

| Көрсөткүч | аялдар | эркектер |
|---|---|---|
| Каатчылыкка чейин айына эмгек акы | 15 | 16 |
| Каатчылык учурунда айына эмгек акы | 12 | 13 |
| Каатчылыкка чейин орточо акча которуунун өлчөмү | 10 | 10 |
| Каатчылык учурунда орточо акча которуунун өлчөмү | 6 | 7 |

*Россия Федерациясынын жарандыгы*

Айырмачылыктарды текшерүү үчүн категориялар – Россия Федерациясынын жарандыгын алган мигранттар жана Кыргыз Республикасынын жарандыгын алмаштырууну пландаштырбаган мигранттар тандалды. Буларды белгилей кетүү керек: Россия Федерациясынын жараны болгон кыргыз мигранттарынын категориясына жарандыкты жаңыдан гана алган мигранттар киргендигин жана алар аз эмес, ошондуктан алар алган статусунан али байкаларлык практикалык артыкчылыкка жетише элек. Ушул кырдаалдан улам тандалган көрсөткүчтөр боюнча жарандардын иликтенип жаткан категорияларынын ортосунда олуттуу айырмачылыктар табылган эмес (5-тиркеменин 2-таблицасы).

## 16-таблица. Жарандык боюнча эмгек акынын жана акча которуунун медианалык көрсөткүчтөрү, миң рубль

| Көрсөткүч | РФ жараны | Жарандыкты алмаштырууну пландаштырбайт |
|---|---|---|
| Каатчылыкка чейин айына эмгек акы | 18 | 15 |
| Каатчылык учурунда айына эмгек акы | 15 | 12 |
| Каатчылыкка чейин орточо акча которуунун өлчөмү | 10 | 10 |
| Каатчылык учурунда орточо акча которуунун өлчөмү | 8 | 7 |

*Орус тилин билүүнүн деңгээли*

Айырмачылыктарды текшерүү үчүн эки категория тандалган: биринчиси – орус тилин – мыкты билген жана экинчиси канааттандырарлык билген мигранттар. Талданып жаткан критерий боюнча каатчылыктын эки көрсөткүчкө – каатчылык учурундагы акча которуунун төмөндөшүнө жана акча которуунун эмгек акыдагы үлүшүнүн өзгөрүшүнө таасиринин даражасы боюнча айырмачылыктар табылды. Акча которуунун көбүрөөк төмөндөшү орус тилин эркин билген мигранттарга салыштырганда, тилди канааттандыраарлык билген мигранттардын тобуна туура келген. Орус тилин канааттандыраарлык билген мигранттарда акча которуулар орточо 26%га кыскарган, ошол эле учурда орус тилин мыкты билгендердин тобунда 10%га гана кыскарган. Тиешелүү түрдө каатчылык учурунда «эң жакшы» билгендердин эмгек акысында акча которуунун үлүшү – 17%ды, ал эми «үчкө» билгендерде 10%ды түзгөн (5-тиркеменин 3-таблицасы).

## 17-таблица. Орус тилин билүү боюнча эмгек акынын жана акча которуунун медианалык көрсөткүчтөрү, миң рубль

| Көрсөткүч | Эң жакшы | Канааттандыраар-лык |
|---|---|---|
| Каатчылыкка чейин айына эмгек акы | 18 | 15 |
| Каатчылык учурунда айына эмгек акы | 15 | 11 |
| Каатчылыкка чейин орточо акча которуунун өлчөмү | 10 | 10 |
| Каатчылык учурунда орточо акча которуунун өлчөмү | 10 | 6 |

*Билим деңгээли*

Айырмачылыктарды текшерүү үчүн категориялар – жалпы орто билими бар мигранттар жана жогорку жана атайын орто деп бөлүнбөстөн кесиптик билими бар мигранттар тандалган. Эсептөөлөр эмгек акынын төмөндөшү жалпы орто билими гана бар мигранттар көбүрөөк жапа чеккенин көрсөттү, акча которуулардын өлчөмдөрү болжол менен бирдей, ал эми каатчылык учурунда эмгек акыдагы акча которуунун үлүшү ошондой эле айырмаланып турат. Орто билими бар мигранттар кесиби бар мигранттарга караганда каатчылык учурунда эмгек акысынын азыраак бөлүгүн жөнөтүп турган, тиешелүү түрдө 12% жана 16% (5-тиркеменин 5-таблицасы).

## 18-таблица. Билим деңгээли боюнча эмгек акынын жана акча которуунун медианалык көрсөткүчтөрү, миң рубль

| Көрсөткүч | Кесиптик | Орто |
|---|---|---|
| Каатчылыкка чейин айына эмгек акы | 17 | 15 |
| Каатчылык учурунда айына эмгек акы | 15 | 12 |
| Каатчылыкка чейин орточо акча которуунун өлчөмү | 10 | 10 |
| Каатчылык учурунда орточо акча которуунун өлчөмү | 8 | 7 |

*Үй чарбасынын кирешесинин башкы булагы*

Үй чарбаларынын кирешесинин башкы булагын аныктаган респонденттердин жоопторуна жараша акча которууларды алуучуларга каатчылыктын таасиринин айырмачылыктарын текшерүү үчүн төмөнкүдөй категориялар – акча которууларды кирешенин негизги булагы катары көрсөткөн үй чарбаларындагы мигранттар жана акча которуулар андай болуп саналбаган үй чарбаларындагы мигранттар тандалган. Мындай бөлүштүрүү мигранттын өзүн жетишсиз мүнөздөгөнү менен, бирок Мекенинде калган үй-бүлө мүчөлөрүнө карата жоопкерчилик чарасын эске ала алат. Эсептөөлөрдүн натыйжасында тандалган категориялар боюнча эмгек акынын төмөндөшүнө жана акча которуулардын кыскарышына каатчылыктын таасири бирдей экендиги айкындалды. Чындыгында эле, каатчылык мигранттардын акча которууларынын жүйөөлөрүн айырмалабайт. Эмгек акыдагы акча которуулардын үлүшүнүн параметрлерин салыштыруу байкалаарлык айырмачылыкты көрсөттү, ал каатчылык учурунда мигранттардын ар кандай жүрүш-туруш стратегиясы менен шартталган. Акча которууларга өтө көз каранды үй чарбаларындагы мигранттар акча которууларга азыраак көз каранды болгон үй чарбаларындагы мигранттарга караганда баарын үнөмдөйт жана тапкан акчасынын көп бөлүгүн жөнөтөт, тиешелүү түрдө каатчылыкка чейин 24% жана 21%, каатчылык учурунда 15% жана 10% (5-тиркеменин 4-таблицасы).

## *19-таблица. Үй чарбаларынын кирешелеринин башкы булагы боюнча эмгек акынын жана акча которуунун медианалык көрсөткүчтөрү, миң рубль*

| Көрсөткүч | Кирешенин башкы булагы | |
|---|---|---|
| | Акча которуу | Башкасы |
| Каатчылыкка чейин айына эмгек акы | 17 | 15 |
| Каатчылык учурунда айына эмгек акы | 14 | 12 |
| Каатчылыкка чейин орточо акча которуунун өлчөмү | 10 | 10 |
| Каатчылык учурунда орточо акча которуунун өлчөмү | 10 | 6 |

Жүргүзүлгөн талдоо иш жүзүндө бир фактордуу болуп саналат. Каатчылыкка чейин жана анын учурунда мигранттын бакубаттуулугунун индикатору катары мигрант алган эмгек акыны иликтөөнүн негизинде алда канча кең-кесири маалыматты бир эле учурда бир нече факторлордун аракетинин натыйжасын аныктоону талдоо учурунда алууга болот.

## 20-таблица. Эмгек акы боюнча жогорку жана төмөнкү децилдик топтордогу мигранттардын мүнөздөмөлөрүнүн салыштырма талдоосу

| | Жогорку децилдик топ (каатчылык учурундагы эмгек акы > 20 000 руб.) | | | Төмөнкү децилдик топ (каатчылык учурундагы эмгек акы < 8 000 руб.) | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Орто | Медиана | Мода | Орто | Медиана | Мода |
| **Курак** | 34 | 31 | 30 | 28 | 26 | 23 |
| **Эмгектик миграцияда канча жыл** | 3 | 2 | 2 | 2 | 1 | 1 |
| **Орус тилин билиши** | | Жакшы | Жакшы | | Жакшы | Жакшы |
| **Билими** | | | Жогорку | | | Орто |
| **Миграциядагы эмгек ишинин башталышында айына орточо эмгек акысы, рубль** | 16 000 | 15 000 | 15 000 | 9 000 | 8 000 | 10 000 |
| **Айына максималдуу орточо эмгек акы, рубль** | 24 000 | 25 000 | 25 000 | 11 5000 | 10 000 | 10 000 |
| **Каатчылык учурунда айына эмгек акы, рубль** | 25 000 | 25 000 | 24 000 | 5 600 | 6 000 | 7 000 |
| **Иштин тармагы** | Кызмат көрсөтүүлөр | | | Кызмат көрсөтүүлөр | | |
| **Эсеп боюнча иштеген орду** | | 2 | 2 | | 1 | 1 |
| **Каатчылыкка чейин жылына акча которуулардын саны** | 5 | 4 | 4 | 3 | 3 | 2 |
| **Каатчылыкка чейин орточо акча которуунун өлчөмү, рубль** | 14 000 | 13 000 | 10 000 | 8 700 | 7 200 | 5 000 |
| **2009-жылдын башынан тартып акча которуулардын саны** | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| **Каатчылыктын учурунда акча которуунун өлчөмү, рубль** | 11 400 | 10 000 | 10 000 | 4 800 | 4 000 | 2 000 |
| **Жарандык** | Жарымы – РФ жарандары | | | КР жарандарына караганда РФ жарандары 5 эсе аз | | |

20-таблицада каатчылык учурунда алынуучу эмгек акы боюнча эки өтө децилдүү топторго кирген мигранттардын жалпыланган портретин мүнөздөгөн баяндоочу статистикалар келтирилген. Төмөнкү топ каатчылык учурунда эмгек акы – айына 8 миң рублдан аз, жогорку топ 20 миң рублдан ашык экендиги менен мүнөздөлөт.

Курагындагы, билиминдеги жана жарандыгындагы кыйла айырмачылыктарга карабастан талданып жаткан топтордо миграциядагы алгачкы иш ордундагы кызмат

орундары иш жүзүндө дал келе тургандыгынын фактысы кызыктуу. Булар демейде кыргызстандык мигранттар ээлеген айдоочунун, жүк жүктөөчүнүн, короо шыпыргычтын, идиш-аяктарды жуугучтун, ар кандай жумуштарды аткаруучулардын, сатуучунун, куруучунун, кароолчунун, үй тазалагычтын кызмат орду. Байыр алуунун айрым мезгили аяктагандан жана иш орду алмашкандан кийин жогорку децилдик топтогу кызмат орундарынын арасында мигранттарга анчалык мүнөздүү болбогон кызмат орундары пайда болот – врач, кассир, механик, монтаждоочу, эт чапкыч, жыгач уста, реклама кызматкери, слесарь. Бир жагынан, бул кызмат орундарынын көп бөлүгүн атайын билими болбогон адамдар ээлей албайт, экинчи жагынан алда канча эрте келүү каатчылыктын азыраак таасирин да шарттады.

Ошентип, жүргүзүлгөн талдоонун натыйжалары факторлордун жыйындысы, атап айтканда: миграцияда болуунун 2 жылдан ашпаган мөөнөтү, орус тилин билүү, кесиптик билим жана жарандык мигранттардын өздөрү жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү үчүн каатчылыктын кесепеттерин олуттуу жеңилдетти деп тыянак чыгарууга мүмкүндүк берет.

# ТЫЯНАКТАР

Жүргүзүлгөн иликтөө миграциялык процесстерге аларды коштогон көрүнүштөргө дүйнөлүк экономикалык каатчылыктын таасири жөнүндө айрым тыянактарды жасоого мүмкүндүк берет.

Кабинеттик иликтөөлөрдүн, эксперттер жана мигранттар менен интервьюлардын маалыматтары боюнча:

1. Россия Федерациясы төмөнкүлөр жагынан мыйзамдарды, анын ичинде кыргызстандык эмгек мигранттарына жайылтылуучу мыйзамдарды катаалдантты:

- чет өлкөлүк жумушчу күчүн тартууга квоталарды кыскартуу;
- чекене соода тармагында чет өлкөлүктөр эмгек ишин жүзөгө ашырышына жол берилгистик;
- чет өлкөлүк жумушчулардын эмгегин мыйзамдуу пайдалануу жолжоболорун иш берүүчүлөр үчүн катаалдантуу;
- эмгек ишин жүзөгө ашыруу максатында чет өлкөлүк жарандарды тартуунун белгиленген ченемдерин бузган иш берүүчүлөргө салынуучу айып акылардын кыйла өсүшү;
- резидент эместерден жеке жактарын кирешелерине 30% салык алуу;
- федералдык миграциялык кызматтын органдарында ишке уруксатты бир жылдын ичинде эки жолу тариздөө.

2. Каатчылык бири калбастан бардык эмгек мигранттарына иштен бошотуу, эмгек акысын азайтуу, эмгек акыны көбөйтпөй туруп жумуш убактысынын узактыгын көбөйтүү, дем алыш күндөрдүн санын кыскартуу формасында же башка кодулоочу формаларда таасир этти. Бирок Россияда эмгек мигранттарынын эмгегине суроо-талап сакталууда, ошондой эле Кыргыз Республикасынан миграциянын себептери да сакталууда.

3. Каатчылыктын айынан Маалыматтык-консультациялык борбордун жана Ишке орноштуруунун жекече агенттигинин линиясы боюнча ишке орноштуруу токтоп калды, анткени расмий жана мыйзамдуу иштеген иш берүүчүлөр тарабынан суроо-талап жок. Азыркы учурда потенциалдуу мигранттардын маалымат базасын толуктоо жүрүп жатат.

4. Каатчылык учурундагы квоталоонун спецификасынан улам тиешелүү квалификацияны ырастаган документтерде тартылуучу эмгек мигранттарынын квалификациясынын аталышына иш берүүчүлөр тарабынан көңүл буруу күчөтүлгөн. Кыргыз Республикасынын жана Россия Федерациясынын документтериндеги аталыштардын дал келбегендигинен улам Кыргыз Республикасынан барган квалификациялуу жумушчулардын бир бөлүгү квалификациялуу эмес ишти аткарууга жана тиешелүү түрдө аз акы төлөнүүчү ишти аткарууга же мыйзамсыз эмгектенүүгө аргасыз.

5. Кыргызстандан келген эмгек мигранттарын эсепке алууну жолго коюу боюнча Миграция жана ишке орноштуруу боюнча комитеттин региондук бөлүмдөрүнүн (МИКБ) ишинин активдешүүсү белгиленген. Бирок бул иш туруктуу эмес жана усулдук жактан ар түрдүү мүнөздө. Иштин натыйжалары аткаруучуларга өтө байланыштуу.

6. Ишке орношуу, эмгек акыны төлөбөй коюу жана анын төмөндөшү, рублдин сомго карата курсунун төмөндөшү жөнүндө иштеп жаткан жана кайтып келген мигранттардан келип түшкөн маалымат калктын миграциялык маанайын бир кыйла басаңдатып, потенциалдуу жаңы мигранттардын бир бөлүгүн күтүү режимине оодарууда.

7. Миграция Кыргызстандын аймагында, ошондой эле Россиянын аймагында бизнестин бир катар багыттарынын өнүгүшүн стимулдаштырды. Бизнестин

айрым түрлөрү мигранттардын өздөрүнө кызмат көрсөтүүгө багытталган, булар – темир жол жана авиа билеттерин сатуу боюнча кызмат көрсөтүүлөр, автомобилдик жүргүнчү ташуулар жана башкалар. Мындан тышкары, уруксат берүү документтерин берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр өзүнчө бөлүнүп турат. Каатчылык бул кызмат көрсөтүүлөргө пайда алып келди – Москвада уруксат берүү документтеринин мыйзамдуу комплектинин наркы 7 миң рублдан 15 миң рублга чейин өстү. Бизнестин башка түрлөрү мигранттардын акча которуулары менен тикелей же кыйыр байланыштуу. Булар – коммерциялык банктар аркылуу акча которуулар, курулуш бригадалары жана курулуш материалдарын сатуу, колдонулган автомобилдерди ташуу жана сатуу, аларды оңдоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр, тойлорду өткөрүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн инфраструктурасы жана башкалар. Бизнестин бул түрлөрү каатчылыктан кыйла көбүрөөк зыян тартты. Бизнестин бир бөлүгү мыйзамсыз мүнөзгө ээ, бул өзгөчө жасалма уруксат берүү документтерине жана Россия Федерациясынын жарандыгын алуу боюнча кызмат көрсөтүүлөргө тиешелүү.

8. Учурдагы экономикалык каатчылык, мигранттардын кайтып келиши жана Кыргыз Республикасында татыктуу эмгек акысы бар иштин жоктугу, көпчүлүк эксперттердин пикири боюнча, 2005-жылдан тартып төмөндөшү байкалган төмөнкүдөй көрүнүштөрдүн ыктымалдуулугун арттырат:

- саясатка кызыгуу;
- кылмыштуулуктун өсүшү, ал жигердүү эмгек миграциясынын учурунда олуттуу кыскарды;
- аракечтик жана үй-бүлөдөгү зомбулук;
- Хизб-ут-Тахрир экстремисттик диний уюмунун ишинин жигердешүүсү.

9. Каатчылык мезгилинде мигранттар, анын кесепеттерин жеңилдетүү үчүн, негизинен төмөнкүдөй жүрүш-туруш стратегияларынын бирин тандайт:

- Россия Федерациясынын жарандыгын алуу;
- Россия Федерациясынын чектеринде иш ордун алмаштыруу;
- Россия Федерациясынын аймагындагы мыйзамсыз иш;
- Кыргыз Республикасына кайтып келүү жана каатчылыктын аякташын күтүү.

10. Кайтып келген мигрантты Кыргыз Республикасында жумуштун жоктугу, Россияда айрым убакыт бою иштеген адамдардын тиешелүү эмгек акы жагындагы үмүттөрү, мигрант Россия Федерациясында иштеп жүрүп ээ болгон адистиктин же кесиптик жөндөмдүн талап кылынбагандыгы менен байланышкан оорчулуктар күтүп турат. Россия Федерациясынын жараны үчүн – мыйзамдуу жүрүү жана ишке орношуу боюнча чектөөлөр жана бөгөттөр.

11. Миграция акча которуулар аркылуу Кыргыз Республикасынын макроэкономикалык кырдаалына таасир этет. КРУБдун алдын ала маалыматтары боюнча, дүйнөнүн бардык өлкөлөрүнөн, анын ичинде Россиядан Кыргызстанга учурдагы трансферттердин агымы өткөн жылдын биринчи жарым жылдыгына салыштырганда 2009-жылдын биринчи жарым жылдыгында 11.1%га кыскарды. Россиянын Борбордук банкынын маалыматтары алда канча кыйла төмөндөөнү көрсөтүп турат: ушул эле мезгилдин ичинде акча которуу системалары аркылуу Россиядан Кыргызстанга жеке жактардын акча которуулары 25.7%га кыскарды.

12. Мигранттардын Кыргызстанга акча которууларынын каатчылык менен шартталган азайышы өлкөдөгү макроэкономикалык кырдаалга байкалаарлык жана көбүнесе терс таасирин тийгизди, алар төмөнкүлөрдөн көрүнүп турат:

- жеке керектөөнүн өсүш темпинин азайышы;
- импорттун көлөмүнүн азайышы;

- салык салуудан мамлекеттик бюджеттин кирешелеринин кыскарышы;
- сомдун АКШ долларына карата девальвациясы.

Ошол эле учурда ошол багытта аракеттенген акча которууларынан тышкары, кыйла башка тышкы жана ички факторлор бар экендигин баса белгилей кетүү керек.

**Талаа иликтөөсүнүн маалыматтарын талдоонун натыйжалары боюнча**

1. Каатчылыктын айынан кайтып келген мигранттардын санына сандык баа берүү жок, ал эми пикири суралгандардын пикири кайтып келүү бар дегенге келип такалат. Каатчылыктын айынан кайтып келген мигранттардын санына баа берүүдөгү айкын эместик мигранттардын айрым бөлүгүнүн ишинин сезондук мүнөзү менен, ошондой эле чек арадан өтүүнүн визасыз режими менен байланышкан объективдүү кырдаалдар менен шартталган. Иликтөө көрсөткөндөй, массалык кайтып келүү жок. Мигранттардын 10%ы каатчылыктан улам Кыргыз Республикасына кайтып келди, алардын 60%ы каатчылыктан кийин Россия Федерациясына кайра кайтууну пландаштырат.

2. Үй чарбаларынын 53 %ы акча которууларды ушундай үй чарбаларынын бардык кирешелеринин 60%дан ашыгын түзгөн негизги киреше булагы катары көрсөткөн.

3. Каатчылыктын учурунда эмгек акы орточо 20%-30%га төмөндөгөн, бир жолку акча которуунун өлчөмү 25%-40%га азайган, ошол эле учурда мигранттардын кирешелеринде акча которуунун үлүшү 25%дан 13%га чейин кыскарган.

4. Каатчылыктын мезгилинде эмгек акынын кыскарышы Россия Федерациясында 2 жылдан аз жүргөн мигранттарга көбүрөөк даражада жана Россия Федерациясында 4 жылдан ашык иштеп жаткандарга баарынан азыраак таасир эткен.

5. 2008-жылы акча которуулар үй чарбаларынын 30%ында, башка кирешелерди эске албаганда, МПБнын жарымынан ашыгын жапкан, ал эми 8%ында үй чарбасына МПБнын өлчөмүнөн ашкан. Каатчылыктын таасири кырдаалды олуттуу өзгөрттү: 2009-жылдын 5 айынын ичинде үй чарбаларынын 32%ы акча которууларды алган эмес, үй-бүлөлөрдүн 7%ында акча которуулар МПБнын жарымынан ашыгын жапкан жана 2%ында гана МПБнын өлчөмүнөн ашкан.

6. Пикир сурап-билүүнүн натыйжалары боюнча, үй-бүлөлөрдүн 21,5%ы азыркы учурда ЕЕП алат, эгерде каатчылык создукса, анда үй-бүлөлөрдүн 12,6%га чейинкиси ЕЕП алууга кошумча атаандашышы мүмкүн.

7. Туугандардын 53%ы мигранттарга каатчылыктан улам кайтып кел деп кеңеш бербейт, 73%ы алар кайтып келген учурда өзүнүн калктуу конушунда мигранттар үчүн реалдуу келечекти көрбөйт.

8. Акча которууларга өтө багыт алган үй чарбаларындагы мигранттар бардыгын үнөмдөйт жана акча которууга азыраак көз каранды болгон үй чарбаларындагы мигранттарга караганда кала берсе каатчылык учурунда да иштеп тапкан акчасынын көпчүлүк бөлүгүн жөнөтүп турат.

9. Каатчылыктын мигранттардын ар кандай социалдык-демографиялык топторуна жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнө терс таасиринин натыйжасы ар башкача. Статистикалык талдоонун негизинде миграцияда болуунун мөөнөтү 2 жылдан ашык, орус тилин билүү дурус экени, кесиптик билим жана Россия Федерациясынын жарандыгы мигранттардын өздөрү жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү үчүн каатчылыктын кесепетин жеңилдете тургандыгы айкын болду.

# ТИРКЕМЕ

**1-тиркеме.**

## *Өткөрүлгөн интервьюлар жөнүндө маалымат*

| Регион | Шаар | Айыл | Мигранттар жана алардын үй-бүлөлөрү менен кең-кесири интервью | Мамлекеттик кызматчылар, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлдөрү жана эксперттер менен интервью |
|---|---|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАсы** | 11 | 17 | 54 | 36 |
| **ТҮНДҮК** | 4 | 10 | 27 | 18 |
| Бишкек | 1 | | 5 | 5 |
| **Чүй облусу** | | | | |
| Токмок шаары | 1 | | 2 | 2 |
| Аламүдүн району | | 2 | 3 | 1 |
| Жайыл району | | 2 | 3 | 1 |
| Панфилов району | | 2 | 3 | 2 |
| Ысык-Ата району | | 2 | 4 | 1 |
| **Нарын облусу** | | | | |
| Кочкор айылы | 1 | | 2 | 1 |
| Кочкор району | | 2 | 2 | 2 |
| Нарын шаары | 1 | | 3 | 3 |
| **ТҮШТҮК** | 7 | 7 | 27 | 18 |
| **Баткен облусу** | | | | |
| Кызыл-Кыя шаары | 1 | | 2 | 1 |
| Кызыл-Кыя району | | 1 | 2 | 1 |
| Хайдаркан шаары | 1 | | 2 | 2 |
| Хайдаркан | | 1 | 2 | |
| Ош облусу | | | | |
| Ош шаары | 1 | | 4 | 5 |
| Ноокат району | | 2 | 3 | 1 |
| **Жалал-Абад облусу** | | | | |
| Жалал-Абад шаары | 1 | | 2 | 2 |
| Өзгөн шаары | 1 | | 2 | 1 |
| Өзгөн району | | 1 | 2 | 1 |
| Сузак шаары | 1 | | 1 | 2 |
| Сузак району | | 2 | 2 | 1 |
| Таш-Көмүр шаары | 1 | | 3 | 1 |
| **РОССИЯ** | **3** | | **16** | **13** |
| Москва шаары | 1 | | 8 | 7 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Екатеринбург шаары | 1 | | 8 | 5 |
| Свердловск облусунун Заречный шаары | 1 | | | 1 |
| **ЖЫЙЫНТЫГЫ** | 14 | 17 | 70 | 49 |

**2-тиркеме.**

## *Калктуу конуштардын тизмеси жана респонденттердин саны*

| | Облус | Район | АӨ | Шаар\Айыл | Пикири суралгандардын саны |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | **Баткен облусу** | ***Баткен*** | | **Баткен шаары** | **100** |
| 2 | | | Суу-Башы | Боз-Адыр | 6 |
| 3 | | | | Кара-Токой | 6 |
| 4 | | | | Апкан | 6 |
| 5 | | | | Божой | 6 |
| 6 | | | Төртгүл | Ак-Турпак | 6 |
| 7 | | | | Зарташ | 6 |
| 8 | | | | Чоң-Кара | 6 |
| 9 | | | | Чоң-Талаа | 6 |
| 10 | | | Кыштут | Кыштут | 6 |
| 11 | | | | Согмент | 6 |
| 12 | | | | Тайан | 6 |
| 13 | | | | Газ | 6 |
| 14 | | | | Сай | 6 |
| 15 | | | | Чарбак | 6 |
| 16 | | | Кара-Бак | Дөбө | 6 |
| 17 | | | | Үч-Дөбө | 7 |
| 18 | | | | Кара-Бак | 6 |
| 19 | | | | Кызыл-Бел | 12 |
| 20 | | | | Достук | 6 |
| 21 | | | | Рауткаут (Кара-Бак) | 12 |
| 22 | | | Самаркандек | Жаңы-Бак | 6 |
| 23 | | | | Паски Арык | 6 |
| 24 | | | | Самаркандек | 12 |
| 25 | | ***Лейлек*** | Лейлек | Лейлек | 6 |
| 26 | | | | Коргон | 6 |
| 27 | | | | Чоюнчу | 6 |
| 28 | | | | Ак-Терек | 7 |
| 29 | | | | Кара- Суу | 13 |

| | Облус | Район | АӨ | Шаар\Айыл | Пикири суралгандар-дын саны |
|---|---|---|---|---|---|
| 30 | | | Катран | Катран | 7 |
| 31 | | | | Озгоруш | 6 |
| 32 | | | | Баул | 7 |
| 33 | | ***Кадам-Жай*** | Алга | **Кадам-Жай шаарчасы** | **58** |
| 34 | | | | Алга | 6 |
| 35 | | | | Адыр | 7 |
| 36 | | | | Шакшак | 6 |
| 37 | | | | Шыбран | 6 |
| 38 | | | | Чуңкур-Кыштак | 7 |
| 39 | | | Ак-Турпак | Кызыл-Коргон | 6 |
| 40 | | | | Ак-Турпак | 6 |
| 41 | | | | Миң-Чынар | 7 |
| 42 | | | | Өрүкзар | 7 |
| 43 | | | | Жаш-Тилек | 6 |
| 44 | | | | Жаңы-Жер | 7 |
| 45 | | | | Чоң-Кара | 6 |
| **ЖЫЙЫНТЫГЫ** | | | | | **450** |
| 46 | **Жалал-Абад облусу** | ***Базар-Коргон*** | | **Жалал-Абад шаары** | **100** |
| 47 | | | | **Кочкор-Ата шаарчасы** | **57** |
| 48 | | | Могол | Оганталаа | 10 |
| 49 | | | | Чарбак | 11 |
| 50 | | | | Кызыл-Суу | 9 |
| 51 | | | | Коктонду | 11 |
| 52 | | | | Караой | 11 |
| 53 | | | | Чкалов | 8 |
| 54 | | | Сейдикум | Тойчубекчек | 5 |
| 55 | | | | Кызыл-Ай | 5 |
| 56 | | | | Жаш-Ленин | 5 |
| 57 | | | | Аркалык | 6 |
| 58 | | | | Чоң-Курулуш | 5 |
| 59 | | | | Турпак-Коргон | 5 |
| 60 | | | | Дөш | 5 |
| 61 | | | | Сейдикум | 5 |
| 62 | | | | Хажирабат | 6 |
| 63 | | | | Жаңы-Абад | 5 |
| 64 | | | | Дукур | 6 |

| | Облус | Район | АӨ | Шаар\Айыл | Пикири суралгандардын саны |
|---|---|---|---|---|---|
| 65 | | | | Чек | 5 |
| 66 | | ***Аксы*** | Ак-Жол | Ак-Жол | 8 |
| 67 | | | | Жолборсту | 8 |
| 68 | | | | Райкомол | 7 |
| 69 | | | | Кечүү | 8 |
| 70 | | | | Тегене | 9 |
| 71 | | | | Каратыт | 5 |
| 72 | | | | Разансай | 5 |
| 73 | | | Кара-Жыгач | Кара-Жыгач | 5 |
| 74 | | | | Жака | 5 |
| 75 | | | | Терме-Таш | 5 |
| 76 | | | | Дардак-Дөбө | 7 |
| 77 | | | | Чарба | 8 |
| 78 | | | | Торкамыш | 8 |
| 79 | | | | Бурана | 7 |
| 80 | | | | Сыны | 8 |
| 81 | | | | Кара-Ой | 7 |
| 82 | | ***Ноокен*** | Бүргөндү | Корондук | 7 |
| 83 | | | | Курама | 7 |
| 84 | | | | Ношкен | 7 |
| 85 | | | | Акбата | 7 |
| 86 | | | | Кызыл-Кыя | 8 |
| 87 | | | | Бүргөндү | 8 |
| 88 | | | | Ууру-Жар | 5 |
| 89 | | | | Жеңиш | 5 |
| 90 | | | | Кичи Бүргөндү | 6 |
| **ЖЫЙЫНТЫГЫ** | | | | | **450** |
| 91 | **Ош облусу** | | | **Ош шары** | **70** |
| 92 | | ***Өзгөн*** | | **Өзгөн шаарчасы** | **30** |
| 93 | | | Кызыл-Too | Кызыл-Too | 7 |
| 94 | | | | Эркин-Too | 7 |
| 95 | | | | Ак-Кыя | 7 |
| 96 | | | | Карчабек | 6 |
| 97 | | | | Доңуз-Дөбө | 7 |
| 98 | | | Төрт-Көл | Шоро-Башат | 7 |
| 99 | | | | Макаренко | 7 |

| | Облус | Район | АӨ | Шаар\Айыл | Пикири суралгандар-дын саны |
|---|---|---|---|---|---|
| 100 | | | | Бостон | 7 |
| 101 | | | | Ана-Кызыл | 6 |
| 102 | | | | Кыймыл | 6 |
| 103 | | ***Араван*** | Төө-Моюн | Жекемисте | 6 |
| 104 | | | | Акшар | 6 |
| 105 | | | | Найман | 6 |
| 106 | | | | Сырт | 7 |
| 107 | | | | Керкидан | 7 |
| 108 | | | | Авиз | 7 |
| 109 | | | | Сары-Таш | 7 |
| 110 | | ***Кара-Кулжа*** | Сарыбулак | Конокбай-Талаа | 7 |
| 111 | | | | Тегерек-Саз | 7 |
| 112 | | | | Кара-Булак | 7 |
| 113 | | | | Кызыл-Булак | 7 |
| 114 | | | | Тогуз-Булак | 7 |
| 115 | | | | Сары-Булак | 7 |
| 116 | | ***Кара-Суу*** | Акташ | Барак | 7 |
| 117 | | | | Акташ | 7 |
| 118 | | | | Жылкелди | 7 |
| 119 | | ***Алай*** | Сары-Таш | Сары-Таш | 12 |
| 120 | | | Сары-Могол | Сары-Могол | 12 |
| **ЖЫЙЫНТЫГЫ** | | | | | **300** |
| **БАРДЫГЫ:** | | | **21 АӨ** | **6 шаар/114 айыл** | **1200** |

**3-тиркеме**

## *2009-жылга Россия Федерациясынын округдары боюнча квоталардын өзгөрүшү*

| Федерациянын субъекттери | 2008-жылдын 26-декабрын-дагы № 777 буйрук | 2009-жылдын 30-мартындн-дагы №139н буйрук | 2009-жылдын 21-мартындн-дагы буйруктун долбоору | 2009-жылдын 24-июлун-дагы буйруктун долбоору | 2008-жылга салыштыр-ганда 2009-жылдын башталы-шына карата квотанын өзгөрүшү |
|---|---|---|---|---|---|
| Россия Федерациясы боюнча бардыгы | 3 976 747[62] | - | - | 3 976 747 | - |
| Борбордук федералдык округ | 691 826 | 689 740 | - | 689 445 | 99.7% |
| Түндүк-Батыш федералдык округ | 324 920 | - | - | 324 186 | 99.8% |
| Түштүк федералдык округ | 112 218 | - | - | 107 475 | 95.8% |
| Приволжье федералдык округу | 245 063 | 244 438 | - | 217 852 | 88.9% |
| Урал федералдык округу | 273 255 | - | 232 079 | 232 512 | 85.1% |
| Сибирь федералдык округу | 181 678 | - | 175 833 | 178 114 | 98.0% |
| Ыраакы-Чыгыш федералдык округу | 159 414 | 155 420 | - | 153 220 | 96.1% |
| Россия Федерациясы боюнча квоталардын резерви | 1 988 373 | 1 995 078 | 2 042 099 | 2 073 943 | 104.3% |

**Булак: РФ ССӨМ**

[61]РФ Өкмөтүнүн 2008-жылдын 7-ноябрындагы №835 токтому

**4-тиркеме.**

## *Россия Федерациясынын региондорундагы кыргыз диаспораларынын коомдук бирикмелери*

| Регион, шаар | Уюмдун аталышы |
|---|---|
| Москва шаары | «Кыргыз биримдиги» регион аралык коомдук уюму |
| Москва шаары | «Борбордук Азия» коммерциялык эмес өнөктөштүгү |
| Москва шаары | «Мекендеш» Кыргызстандыктан союзунун регион аралык коомдук уюму |
| Москва шаары | «Содружество» коомдук фонду |
| Москва шаары | «Ала-Тоо» коомдук фонду |
| Москва шаары | «Жаш Толкун» региондук жаштар коомдук уюму |
| Санкт-Петербург шаары | «Санкт-Петербургдагы кыргыз үйү» региондук коомдук уюму |
| Санкт-Петербург шаары | «Кыргыз-Тоо» коомдук уюму |
| Воронеж облусу, Воронеж шаары | Кыргыздардын «Мурас» региондук коомдук уюму |
| Иркутск облусу, Иркутск шаары | Иркутск облустук «Дружба» улуттук-маданий коомдук уюму |
| Красноярск шаары | «Достук» кыргыз улуттук маданий борбору |
| Новосибирск облусу, Новосибирск шаары | «Сибирь-Ала-Тоо» кыргыз улуттук-маданий автономиясы |
| Омск облусу, Омск шаары | Омск облустук «Кыргызстандыктардын шериктештиги» коомдук уюму |
| Оренбург шаары | Оренбург шаардык «Кыргыз маданий борбору» коомдук уюму |
| Татарстан Республикасы, Казань шаары | «Ала-Тоо» кыргызстандыктар фонду |
| Татарстан Республикасы, Казань шаары | Татарстан Республикасындагы кыргыздардын «Ынтымак» улуттук-маданий автономиясы |
| Саха Республикасы (Якутия) | Кыргыздардын «Манас» ыктыярдуу коому |
| Хакасия Республикасы, Абакан шаары | Хакас региондук «Кыргызстан» коомдук уюму |
| Ростов-на-Дону шаары | Кыргыз улутундагы жарандарды бириктирүү жана колдоо боюнча Ростов региондук «Манас» коомдук уюму |
| Свердловск облусу, Екатеринбург шаары | «Кыргызстан Биримдиги» региондук коомдук уюму |
| Свердловск облусу, Екатеринбург шаары | «Киргизия-Урал» өкмөттүк эмес коомдук фонду |
| Свердловск облусу, Екатеринбург шаары | Свердловск облусунун мусулмандарынын региондук диний башкармасынын алдындагы кыргыз диаспорасынын диний башкармасы |
| Тюмень облусу, Тюмень шаары | «Киргизия-Север» кыргыз улуттук маданий борборунун Ханты-Мансийск региондук коомдук уюму |
| Челябинск шаары | «Ата-Мекен» кайрымдуулук фонду |

| | |
|---|---|
| Самара шаары | «Манас-Ата» кайрымдуулук фонду |
| Томск шаары | Томск облусундагы кыргыздардын автономиясы |
| Чита шаары | Чита региондук «Кыргыз диаспорасы» коомдук фонду |
| Ярославль облусу, Ярославль шаары | Кыргызстан калкынын «Биримдик-Единство» Ярославск региондук коомдук бирикмеси |

**5-тиркеме**

## *Айрым факторлорго жараша каатчылыктын бөлүштүрүүчү натыйжасы*

**1-таблица. Гендер**

| | Көрсөткүч | Жынысы | Саны | Орточо | Четтөө даража-сы | Орточо ката |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Каатчылыктагы эмгек акы/ каатчылыкка чейинки эмгек акы | аял | 120 | 0,85 | 0,21 | 0,02 |
| | | эркек | 654 | 0,84 | 0,22 | 0,01 |
| 2 | Каатчылыктагы акча которуу/ каатчылыкка чейинки акча которуу | аял | 94 | 0,76 | 0,41 | 0,04 |
| | | эркек | 448 | 0,86 | 0,61 | 0,03 |
| 3 | Каатчылыкка чейинки эмгек акыдагы акча которуунун үлүшү | аял | 119 | 0,20 | 0,38 | 0,04 |
| | | эркек | 934 | 0,23 | 0,47 | 0,02 |
| 4 | Каатчылык учурундагы эмгек акыдагы акча которуунун үлүшү | аял | 95 | 0,13 | 0,27 | 0,03 |
| | | эркек | 452 | 0,13 | 0,38 | 0,02 |

**2-таблица. РФ жарандыгы**

| | Көрсөткүч | РФ жарандыгы | Саны | Орточо | Четтөө даража-сы | Орточо ката |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Каатчылыктагы эмгек акы/каатчылыкка чейинки эмгек акы | жаран | 74 | 0,84 | 0,23 | 0,03 |
| | | пландаган жок | 612 | 0,84 | 0,22 | 0,01 |
| 2 | Каатчылыктагы акча которуу/каатчылыкка чейинки акча которуу | жаран | 58 | 0,84 | 0,48 | 0,06 |
| | | пландаган жок | 411 | 0,86 | 0,64 | 0,03 |
| 3 | Каатчылыкка чейинки эмгек акыдагы акча которуунун үлүшү | жаран | 71 | 0,20 | 0,44 | 0,05 |
| | | пландаган жок | 596 | 0,23 | 0,48 | 0,02 |
| 4 | Каатчылык учурундагы эмгек акыдагы акча которуунун үлүшү | жаран | 59 | 0,16 | 0,39 | 0,05 |
| | | пландаган жок | 415 | 0,12 | 0,38 | 0,02 |

**3-таблица. Орус тилин билүүнүн деңгээли**

| | Көрсөткүч | Орус тилин билүү | Саны | Орточо | Четтөө даража-сы | Орточо ката |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Каатчылыктагы эмгек акы/ каатчылыкка чейинки эмгек акы | эң жакшы | 74 | 0,84 | 0,21 | 0,02 |
| | | канаатт. | 247 | 0,81 | 0,22 | 0,01 |
| 2 | Каатчылыктагы акча которуу/каатчылыкка чейинки акча которуу | эң жакшы | 53 | 0,90 | 0,40 | 0,05 |
| | | канаатт. | 165 | 0,74 | 0,41 | 0,03 |
| 3 | Каатчылыкка чейинки эмгек акыдагы акча которуунун үлүшү | эң жакшы | 71 | 0,23 | 0,38 | 0,04 |
| | | канаатт. | 237 | 0,23 | 0,59 | 0,04 |
| 4 | Каатчылык учурундагы эмгек акыдагы акча которуунун үлүшү | эң жакшы | 53 | 0,17 | 0,35 | 0,05 |
| | | канаатт. | 168 | 0,10 | 0,38 | 0,03 |

**4-таблица. Билим деңгээли**

| | Көрсөткүч | Билими | Саны | Орточо | Четтөө даража-сы | Орточо ката |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Каатчылыктагы эмгек акы/каатчылыкка чейинки эмгек акы | кесиптик | 285 | 0,87 | 0,19 | 0,01 |
| | | орто | 489 | 0,83 | 0,22 | 0,01 |
| 2 | Каатчылыктагы акча которуу/каатчылыкка чейинки акча которуу | кесиптик | 224 | 0,87 | 0,44 | 0,03 |
| | | орто | 318 | 0,83 | 0,67 | 0,04 |
| 3 | Каатчылыкка чейинки эмгек акыдагы акча которуунун үлүшү | кесиптик | 278 | 0,23 | 0,27 | 0,02 |
| | | орто | 475 | 0,22 | 0,53 | 0,02 |
| 4 | Каатчылык учурундагы эмгек акыдагы акча которуунун үлүшү | кесиптик | 225 | 0,16 | 0,25 | 0,02 |
| | | орто | 322 | 0,12 | 0,43 | 0,02 |

**5-таблица. Үй чарбаларынын кирешелеринин башкы булагы**

| | Көрсөткүч | Кирешенин негизги булагы | Саны | Орточо | Четтөө даража-сы | Орточо ката |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Каатчылыктагы эмгек акы/каатчылыкка чейинки эмгек акы | акча которуу | 455 | 0,83 | 0,21 | 0,01 |
| | | башкасы | 319 | 0,84 | 0,23 | 0,01 |
| 2 | Каатчылыктагы акча которуу/каатчылыкка чейинки акча которуу | акча которуу | 332 | 0,87 | 0,65 | 0,04 |
| | | башкасы | 210 | 0,80 | 0,46 | 0,03 |
| 3 | Каатчылыкка чейинки эмгек акыдагы акча которуунун үлүшү | акча которуу | 443 | 0,24 | 0,47 | 0,02 |
| | | башкасы | 310 | 0,21 | 0,45 | 0,03 |
| 4 | Каатчылык учурундагы эмгек акыдагы акча которуунун үлүшү | акча которуу | 337 | 0,15 | 0,37 | 0,02 |
| | | башкасы | 210 | 0,10 | 0,35 | 0,02 |

# КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

| | |
|---|---|
| **АБЖ** | Ар айдагы бир жолку жөлөкпул |
| **АБР** | Азия өнүктүрүү банкы |
| **АКО** | Акча которуучу оператору |
| **АКС** | Акча которуу системасы |
| **АКШ** | Америка Кошмо Штаттары |
| **АКТЕД** | Техникалык кызматташтык жана өнүктүрүү боюнча агенттик |
| **АО** | Айылдык округ |
| **БМ** | Бодо мал |
| **ВИЧ** | Адамдын иммундук тартыштык вирусу |
| **ЖИА** | Жеке ишке орноштуруу агенттиги |
| **ЖМК** | Жалпыга маалымдоо каражаттары |
| **ИДП** | Ички дүң продукт |
| **ИИМ** | Ички иштер министрлиги |
| **КБ** | Коомдук бирикме |
| **ККК** | Кайгуул-күзөт кызматы |
| **КМШ** | Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештиги |
| **КР** | Кыргыз Республикасы |
| **КРУБ** | Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы |
| **КЭ** | Кой-эчки |
| **МИКБ** | Миграция жана ишке орноштуруу боюнча комитеттин бөлүмү |
| **МИМК** | Кыргыз Республикасынын Миграция жана ишке орноштуруу боюнча мамлекеттик комитети |
| **МКБ** | Маалыматтык-консультациялык борбор |
| **МКБ** | Минималдуу керектөө бюджети |
| **ОБСЕ** | Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча уюм |
| **ПВКБ** | Паспорттук-визалык контролдоо бөлүмү |
| **РФ** | Россия Федерациясы |
| **ССМ** | Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлиги |
| **СССР** | Советтик Социалисттик Республикалар Союзу |
| **ТИМ** | Тышкы иштер министрлиги |
| **ТЖЖ** | Туруктуу жашаган жери |
| **ТКЧ** | Турак-жай-коммуналдык чарба |
| **УСК** | Улуттук статистика комитети |
| **ФМК** | Федералдык миграциялык кызмат |
| **ЧАЗ** | Частное агентство занятости |